С(Кирг)7-5
А 92

Кенжетай АТАГУЛОВ

# Торгойлордун сахнасы



Книга должна быть возвращена
не позже указанного здесь срока

Кенжетай АТАГУЛОВ

# Торгойлордун сахнасы

Ырлар



Бишкек 2012-жыл

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
А 92

**Атагулов К.**
А-92 Торгойлордун сахнасы: Ырлар. -Б.: Учкун, 2012 - 288 б.
ISBN 978-9967-439-82-5

**А 4702300200-12**

ISBN 978-9967-439-82-5

**УДК 812.51**
**ББК 84 Ки 7-5**

© К.Атагулов, 2012

## ТОРГОЙЛОРДУН САХНАСЫ

Торгойлордун сахнасы - боз талаа,
Жаз келгенде гүл аңкыган кооз талаа.

Кетмен алып ага барса боз бала,
Концерт берип торгой үнүн созду ана.

Концертинди торгоюм, - дейт, - кайтала,
Эмгек менен шаңга толсун айталаа.

Эртең таңда сахнада зор кенен,
Торгойлордун баары сайрайт хор менен.

Таң агарса хор бүттү деп баары шат,
Токтоп алар бирден сайрап калышат.

Жазда кооз талаабыздын аймагы,
Дыйкандар уз ага сайган сайманы.



## УЛУУ КҮН БАТЫП, ЧЫГА БЕР

Алкайбыз күндүн ысымын,
Ал берет өмүр кызыгын.
Булутту коздоп кечинде,
Боёктун сүйкөйт кызылын.

Кызгылтым батыш мала чыт,
Кызыгып карайт карачык.
Коштошуп баттың, Улуу Күн,
Кубаныч эртең ала чык.

Улуу Күн батып бара бер,
Уктасын түндө талаа, бел…
Береке сүйгөн элиме,
Бейкуттук эртең ала кел.

Балкып нур эртең чачып чык,
Бакытка жолду ачып чык.
Кокустук сага кол сунса,
Итерип аны качып чык.

Болбостон элим чунак эл,
Болсо экен элим чыгаан эл.
Урматтап Ала-Тоомду.
Улуу Күн батып, чыга бер.

## ЖАҢЫЛАНГАН КЫРГЫЗДАР

Молчулукту кургандар,
Жокчулукту куугандар,
Жаңыланган кыргыздар -
Биздин асыл туугандар.

Ата журттун көзү алар,
Ак эмгектин ээси алар,
Баркын жаңы замандын,
Баалай билди тез алар.



Ишке көсөм жаш алар,
Ийгиликке маш алар,
Жокчулуктун жотосун,
Сындыра урган таш алар.

Бизге кубат, ал болуп,
Бизге намыс, ар болуп,
Жаңыланган кыргыздар,
Дайым жүрсүн бар болуп.

Жегичтер неге какалбайт,
Жебесе уктап жаталбайт,
Жаңыланган кыргыз деп.
Алар такыр аталбайт.

## АКМЕКЕН

Асманда булут жай албай,
Ак карды ээлейт аянбай.
Ала-Тоо жүзүн актаган
Албуут кыш экен малярдай.

Чалкалайт чоку ак далы,
Чачылып күнгө капталы,
Чилдеде тону кыш маляр,
Чыгынып улам актады.

Калдайган тоолор бүт толук,
Калгансыйт аппак сүт болуп.
Төрт-беш ай турат эрибей,
Тийгенче алп Күн үп болуп.

Кыргызга кызмат аткарды,
Кырына анын бак малды.

Жылтырайт күнгө күмүштөй,
Жамынып тоолор ак карды.

Алыстан самап бат жетем,
Аскасы бийик жакка өтөм.
Абалтан кыргыз элине,
Ала-Тоо кышта Акмекен.

Ак чокунун артынан,
Ак шайы булут калкыган.
Алты жүз кылым өтсө да,
Акмекен тайбас баркынан.

Булуттан колун үзбөйт ал,
Жазда да, кышта биз дейт ал.
Чылк күмүш болуп жаркырап,
Чындыкты дайым издейт ал.

Бийикке мөңгү жыйылат,
Кашка суу андан куюлат.
Белеси, ою жазында,
Бейиштей мага туюлат.

Ар дайым бейкут чак болуп,
Акмекен турсун ак болуп.
Ак калпак кыргыз элине,
Абалтан бүткөн бак болуп.

## КӨРӨЛЕГИН КӨРСӨ ЭКЕН

Тамчылап эмгек терибиз,
Толукталып кемибиз.
Сонундардын сонунун,
Көрсө экен кыргыз элибиз.



Кемибей насил-наркыбыз,
Көтөрүлүп баркыбыз.
Кызыгына кызыктын,
Батса экен кыргыз калкыбыз.

Келкелиң эрте келсе экен,
Кыйындыкты жеңсе экен.
Кыргыздар кереметтердин,
Кереметин көрсө экен.

Эмгек эт кыргыз корунба,
Эркиндик туусу колунда.
Таанылсак деймин дүйнөгө,
Дайыма жатпай коңулда.

Жокчулук бизден кетсе экен,
Барчылык бизди өпсө экен.
Жемиштүү иштеп кыргыздар,
Жетелекке жетсе экен.

## КАЛПАГЫҢ АППАК УУЗДАЙ

Азамат уул так жүрөт,
Артынан ээрчип бак жүрөт.
Ар дайым кийген башына,
Ак калпагы ак жүрөт.

Калпагың аппак уруздай,
Кийип жүр кирди жугузбай.
Сугарылып намыска,
Суук сөз бизге угузбай.

Калпактын жок деп кереги.
Жалаңбаш жүргөн немени.
Кадырлап анын кылыгын,
Кантип биз жакшы көрөлү.

Ынтымак отун жагалы,
Оңолсун элдин абалы.
Бабалар кийген калпакты,
Биз кийбей кантип чаналы.

## ЭЛИМДИН ЭЛИТАЛАРЫ

Элимдин элиталары,
Көркү эле болбой үйүнүн.
Кызматтын ээлеп бийигин,
Көп иштин чечсин түйүнүн!

Элимдин элиталары,
Сүйлөсө сөзү эп болсун.
Айтылган антка бек болсун,
Пайдасы элге көп болсун.

Элимдин элиталары,
Жан тартып кыргыз бооруна.
Карабай иштин ооруна,
Каухарды чачсын дооруна.

Элимдин элиталары,
Көбөйсө сонун болбойбу.
Кыргызды дешип колдойлу,
Турмушту дешип оңдойлу.

Элимдин элиталары,
Элге арнап күчү-чамасын.
Бүтүрүп иштин чаласын,
Гүлдөтсүн тоонун арасын!



## БУЛУТТУУ ТООЛОР САКТАГАН

Кан ичкич жагы ашынып,
Келатса душман шашылып.
Боз үйүн чечкен кыргыздар,
Булуттуу того ташынып.

Берсин деп кыргыз багынып,
Айттырган душман чамынып.
Уул- кыздуу энелер,
Уктаган булут жамынып.

Душманда кабак бүркөлүп,
Ок тийгени мүрт өлүп.
Кайкыга жайган мал-келин,
Кыргыздар булут чүмкөнүп.

Булуңдан душман өтөт деп,
Беттешсек артка кетет деп.
Буулуккан кыргыз жигиттер,
Булуттуу тоону этектеп.

Булуттуу тоого чыгалбай,
Буйдалып сайга кубалбай.
Кыйналган душман кыргыздын,
Тукумун курт кылалбай.

Кыр-кырды көздөй каттаган,
Кыяны балдар таптаган.
Байыркы кыргыз тукумун,
Булуттуу тоолор сактаган.

## АК БУЛУТТАР

Ак булуттар,
Ак булуттар,
Кирсиз таза ак буладай,
Сени тиктейт карыялар,
Атын минип Аккуладай!

Ак булуттар,
Ак булуттар.
Күмүш учак аралаган,
Сени жерден мен да тиктейм.
Сур ат чеккен арабадан.

Ак булуттар,
Ак булуттар.
Ала-Тоонун оромолу,
Эркиндикке элим жетти,
Эми ошондон оңололу.

Ак булуттар,
Ак булуттар.
Иш жасаймын ирет менен,
Жашасам дейм бул дүйнөдө,
Сендей аппак тилек менен.

Ак булуттар,
Ак булуттар.
Учактарда түзүк деген,
Башка өлкөгө президенттер,
Бара берсин визит менен.



## АЗИЯ

Азия - дүйнө бөлүгү,
Тизилген төөлөр көлүгү.
Кадырлайт эли байыртан,
Капкара тармал терини.

Азия- дүйнө бөлүгү,
Адамга жарык мээрими.
Ардактайт эли абалтан,
Ак буурул тармал терини.

Азия- дүйнө бөлүгү,
Алтындай сары өрүгү.
Алпештеп кысат бооруна,
Ала-Тоо, Ысык-Көлүмү.

Алтындай сары коону бар,
Атактуу жибек жолу бар.
Илимин дүйнө тааныган,
Инсандын анда тобу бар.

Ислам, будда дини бар,
Ийилбес балбан пили бар.
Иштеген адамзат үчүн,
Инсандын анда миңи бар.

Созулган суусуз талаа бар,
Самарканд сындуу калаа бар.
Өткөндөн ошол эстелик,
Өзүнө эч жок барабар.

Бири адамдын мереси,
Бири талант кемеси.
Азия эки Чыңгыздын,
Эмеспи асыл энеси.

Бир Чыңгыз минип мыкты атты,
Мээсине элдин мык какты.
Экинчи Чынгыз калемгер,
Таланты менен кут тапты.

Атактуу биздин Азия,
Ар улутка наз уя,
Сурайт ал дайым калыс баа.
Сурабай даңкты насыя.

## АЛТЫН ЭЛ

Тоосунун ашуу, бели алтын,
Тоосунун жашыл төрү алтын.
Алтындуу жерге ээ болгон,
Албетте, кыргыз эли алтын.

Тоосунун алтын төбөсү,
Тоосунун алтын белеси.
Кымбатым алтын кыргызым,
Керемет эл го деги өзү.

Аймагы тоонун баары алтын,
Аңкыган гүлдүн нары алтын.
Саламат жүрсүн жигиттер,
Сакадай бою сары алтын.

Кырлары тоонун чылк алтын,
Кышында муңбас жылкы алтын.
Кыйшайып кылы үзүлбөс,
Кыргыздын бизге ыркы алтын.

Өз ишин билген киши алтын,
Өлкөсү үчүн иши алтын.
Кебездей жушмак мүнөзү,
Келини күлсө, тиши алтын.



Күпүлдөп аккан суусу алтын,
Кумтөрдөн барып суз алтын.
Кыргызы үчүн аянбай,
Кызматты кылган кызы алтын.

## КЫШТЫК АЛМА - КЫЗЫЛ АЛМА

Кыштык алма-
Кызыл алма,
Кычкыл катуу
Күздө бышпай,
Жер төлө анын сүйгөн жайы,
Жебей эч ким турат кыштай.

Күн ачык деп күнөз түштө,
Жертөлөгө кышта түшпө.
Жадыраган жаздын күнү,
Кызыл алма жарайт ишке.

Кымбат насип, асыл насип,
Кызыл алма аруу жанга.
Айтат салам бур деп жазда,
Атыр жыты каңылжаарга.

Кызыл алма сыяктанып,
Акыл бышып, акыл толот.
Арбын жашап улгайганда,
Угармандар ушул ырды,
Сиздерге арнайм ыр майрамда.

## САБАКТАН ЧЫГАТ

Доорубуз эркин доор болуп,
Дооруна иши зор болуп.
Сабактан чыгат эже-агай,
Салаасы аппак бор болуп.

Кызыктуу иши мол болуп,
Класста ага жол болуп.
Каржалат үйдө эже-агай,
Карызга батып кор болуп.

Бүтөлек көп иш чечилип,
Айлыгы тийбейт кечигип.
Азаттык заман - жаш заман,
Аны агай койсун кечирип.

Муктаждык эзет өчүгүп,
Маяна тийбейт кечигип.
Эркиндик заман - жаш заман,
Эже аны койсун кечирип.

Жашайлы эсен-соо болуп,
Журтубуз Ала-Тоо болуп.
Жабышып турбас эже, агай,
Жокчулук бизге жоо болуп.

## КҮНКОРДУК КҮНДӨН КУТУЛДУ

Толтура тоосу кубулду,
Тоолугум кыргыз кутумбу?
Колуна тийип эркиндик,
Күнкордук күндөн кутулду.



Ала-Тоо ичи кеңсиң дейм,
Ардагым кыргыз элсиң дейм.
Эгерим кетпес дөөлөтү,
Эркиндик сага берсин дейм.

Керме тоо ичи кеңсиң дейм.
Кымбатым кыргыз элсиң дейм.
Байырлап дайым эркиндик,
Бактыны сага берсин дейм.

Эркин тоо алтын жерсиң дейм,
Уулуңа элим берсин дейм.
Улутка бөлөк эрсинбейм,
Улуттан бөлөк кемсинбейм.

Ысык-Көл сулуу көлсүң дейм,
Ырысым кыргыз элсиң дейм.
Текебер кыял немени,
Теңсинбей турса теңсинбейм.

## УЛУУ ТОО

Күндө той, күндө белен эт,
Күлүктү минсек ээленет.
Улары койдой жайылган,
Улуу тоо бооту керемет.

Элибиз үчүн мал дурус,
Элибиз үчүн мал го ырыс.
Чаначың ыштуу Улуу тоо,
Чайкалып анда бал кымыз.

Улуу тоо ичи салкынсың,
Учам деп атым алкынсын.
Береке белден болсун деп,
Бел чечпес кыргыз калкымсың.

Башында күмүш бөркү бар,
Байыртан абзел көркү бар.
Улуутоолук кыргыздын,
Улуу иш баштар эрки бар.

## КУЛУНУ ЭМБЕЙТ ЭНЕСИН

Бооруңан ышкын жулган кез,
Бурулбай өттү ылдам тез.
Бабалар сүйгөн байыркы,
Барыктуу жайлоо Кулманбес.

Кулпурат көрчү белесин.
Кулундар оттоп желесин.
Борсоюп тоюп алышат,
Бошотсо эмбейт энесин.

Элибиз биздин эски элден.
Эзелки кезин эскерген.
"Кулуну эмбес" деген ат,
Кулманбес болуп өзгөргөн.

Көңүлүң көрсөң тойгондой,
Көбүргөн айдап койгондой.
Жашайбыз жайда Кулманбес,
Жамандык ишти ойлонбой.

Акжарын аштык бел менен,
Аркырап шамал төр кенен.
Кулманбес деген ток жайлоо,
Кулуну бээни эмбеген.

Жыргал го турсак ак таңда,
Жигиттер минип аттарга.
Каптатып койду айдашат,
Карагат өскөн капталга.



2-714

Кулманбес башы Шалпылдак,
Мөңгүсү күнгө жаркылдап.
Секиде жуушап бышылдап,
Семиз уй жатат салкындап.

Карыны уйдун май алып,
Кайкыда оттойт жай алып.
Энесин эмбейт музоолор,
Эзилген чөпкө таянып.

## ГҮЛКАЙЫР

Апапак жоолук салынып,
Ак көйнөк кийип жагынып.
Аяшка окшойт Гүлкайыр,
Айылга жаткан камынып.

Чачуштук агын тагынып,
Чаарчаган көзү карыгып.
Келинге окшойт Гүлкайыр,
Келчүсүн күткөн сагынып.

Көңүлүм үйгө оолугат,
Күйүккөн атым соолугат.
Суусу жок сайдан Гүлкайыр,
Суйкайып улам жоолугат.

Гүлкайыр - гүлдүн аппагы,
Күнгөйлүү каксоо жактагы.
Күмүштөй таза ажарың,
Күйгүзбөйт күндүн аптабы.

Жакшы үмүт, жакшы тилекте,
Жай айткан сөзүң жүрөктө.
Күлүңдөп жаным түшүпсүң,
Гүлкайыр кармап сүрөткө.

103901-115

## ЖЫЛКЫЧЫНЫН КЫЗЫ

Жылкычынын кызы бар,
Жигиттерге кызык ал.
Айдайт жылкы көчкөндө,
Айгыр минип сызып ал.

Айдай сүйкүм өңү бар,
Айтса сылык кеби бар.
Жылкыны айдап баратып,
Жыттайт гүлдү эңип ал.

Турам карап көркүнө,
Тура келип шертине.
Кандай гана жигиттин,
Көнөт ал кыз эркине.

Жазгы тоолор жасанат,
Жалдуу айгыр азанап.
Кызга жагат болду экен,
Кайсы гана азамат.

## АСЫЛ МАЛ

Бетегеси оролгон,
Беттерди оттоп оңолгон.
Буудан тууган боз бээлер,
Бүткөн окшойт бороондон.

Үстүндө бар Ай, асман,
Үйүр оттойт жай аздан.
Күлүк тууган көк бээлер,
Бүткөн окшойт аяздан.

Жүдөбөй оор абалдан,
Жондо жүрөт агарган.



Тулпар тууган тор бээлер,
Бүткөн окшойт шамалдан.

Аязда азбай өңүнөн,
Оттойт тоонун белинен.
Буйукпаган буурулдар,
Бүткөнбү тоонун желинен.

Адырдагы жайыттан,
Аксап калса айыккан.
Асыл мал го жылкылар,
Ала-Тоону байыткан.

Кырга чыксак кар экен,
Калың жылкы бар экен.
Кышында колду карабас,
Кыйын эле мал экен.

Өзүңө шарт жасап ал,
Оттойт тээп жааса кар.
Жылтылдаган жүндөрү,
Жылкы деген таза мал.

## БӨРҮ

Мыкты атыңды минип ал,
Мылтыгыңдын бирин ал.
Черде бөрү жатпасын,
Чамабызды билип ал.

Бөрү байкап жайыңды,
Белден тиктейт айылды.
Жарып сайга кетпесин,
Жээрде кашка тайыңды.

Корко көрбө алактап,
Кайтара көр карап так,
Бөрү кетет заматта,
Байталыңды тамактап.

Жылуу кийин үшүбө,
Жөнөй көргүн ишиңе,
Ач бөрүлөр жейт экен,
Эмне илинсе тишине.
Жылкың турмак кол салып,
Жатат дейт го кишиге.

## МЕКЕН ЖЫТЫ

Кадырлайлы биз деймин,
Көкөмерен издеймин.
Кыргызымдын жыты деп,
Көпкө чейин искеймин.

Шынарлайлы биз деймин,
Шыбак бүрүн издеймин.
Мекенимдин жыты деп,
Мен мемиреп искеймин.

Кымыз жутсаң, кылдат жут,
Ыр кесени ырдап жут,
Ак өргөөнүн жыты ошол,
Анын жыты кымбат жыт.

## БОЛСО ЭКЕН

Кыргызга зарыл таза адам,
Көрө албайт аны пас адам,
Керемет уулу көп болсун,
Керемет ишти жасаган.



Замандын гений эркеси,
Садага ага серкеси.
Кыргыздын жери болсо экен,
Керемет иштин өлкөсү.

Ойлогон ойго жетели,
Омоктуу жашап өтөлү.
Керемет ойчул адамдын,
Керемет болсун Мекени.

Ак калпак кыргыз калканы,
Анык го дайым алкаары.
Адамдын бизде Чыңгыздай,
Арбыса экен залкары.

Залкарлар - заман ынагы,
Садага ага улагы.
Ала-Тоо ичи болсо экен,
Акылдын кайнар булагы.

Кыйындык келсе жеңилбей,
Кызыкса иштен эринбей,
Аземин түзсө турмуштун,
Кыргызым япон элиндей

Улуу иштен уулу тартынбай,
Убакыт болуп алтындай,
Негизин түзсө турмуштун,
Кыргызым немис калкындай.

## БИР СӨЗ БАР

Бир сөз бар:
Улук сөздүн улугу;
Тунук сөздүн тунугу;
Асыл сөздүн асылы;

Таасын сөздүн таасыны;
Ыйык сөздүн ыйыгы;
Ошол сөз кыргыз уюгу;
Ошол сөз менин Мекеним!

Мекен - алтын тагыбыз,
Мекен - дөөлөт багыбыз.
Мекен болсо биздики,
Мекендики баарыбыз.
Мекен үчүн төгүлгөн,
Биздин ысык каныбыз.

Жейбиз жуурат самаган,
Жейбиз курут каалаган.
Керемет го өзгөчө,
Каймагынан жаласак.
Ала-Тоолуу Мекеним,

Апабыздай баласаак,
Кызыгы ошол дүйнөнүн
Кызматына жарасак,
Ант урганы дурус го,
Ага карасанасак.

**КЕҢ ТАЛАСТЫН ИЧИНДЕ**

Кең Таластын ичинде,
Бар кушчулар, бар саруу,
Жара бөлүп арасын,
Жарабайт го чаң салуу.
Андан көрү керек го,
Асмандатып там салуу,
Ар бир ишке жан салуу.

Кушчу, саруу керишпе,
Кушчу, саруу жеришпе,



Мансапкордун колуна
Мансап алып беришке.
Андан көрү кел иште,
Ак мээнеттен жетели,
Албан-албан жеңишке.

**КЫР МЕНЕН**

Кыргыздар жүрөт кыр ашып
Кымызын куйат сый менен.
Көкбөрү сүйгөн оюну,
Көңүлү чалкыйт ыр менен.

Кыргыздын жолу кыр болот,
Кыпкызыл жүзү нур болот.
Жылтылдап жүнү кундуздай,
Жылкысын сатса пул болот.

Кыргыздар бийик кырды ашат,
Кымызын жутуп жыргашат.
Жылдызга коңшу жашашып,
Жылдыздар менен сырдашат.

Кыргыздын уулу кырда өстү,
Кыздары сүйбөйт кур сөздү.
Калаада жүрсөк эстейбиз,
Кырда ойноп жүргөн бир кезди.

**КҮМҮШ ТОО**

Күмүш тоо элиң, күмүш эл,
Күлүккө токуп күмүш ээр.
Күзүндө күрөп түшүмдү,
Күпүлдөп өмүр сүрүшөр.

Жок деген сөздү жээришкен,
Бар деген сөзгө көнүшкөн.

Бапырайт элиң Күмүш тоо,
Байлыкты алып келишкен.

Бүркүтү көктө тебишкен,
Балбаны жерде эңишкен.
Жолборс эл - элиң Күмүш тоо,
Жокчулук күндү жеңишкен.

Шурудай мөмө аятта,
Шуулдайт кымыз аякта.
Ал турат Талас тарапта,
Күмүш тоо десең каякта?

Көрбөсөң көр дейм сунуштап,
Көп барам өзүм жумуштап.
"Так" деген сөзгө "Тоо" деген,
Күмүш тоо ошол Күмүштак.

## АЛА-ТООМ БАЙ ЭКЕН

Туман кучөп басты улам,
Түлкү качты астыман.

Көк атымды бастырам,
Коён качты астыман.

Удургуп сен бас туман,
Улар учту астыман.

Бир аз коркуп жаздыгам,
Бөрү качса астыман.

Тууган жерим бай экен,
Түркүн куштун жайы экен.

Ала-Тоом бай экен,
Айбанаттын жайы экен.



## НЕГЕ?

Ооматы ага уялап,
Өз атын жарыялап.
Обонун Күкүк таңшыйт,
Өзөндө дарыя агат.

Өтүүдө күндөр тынбай,
Ооматы башта турбай.
Жаз бүтсө калды неге,
Күкүктүн үнү угулбай?

Өз жүнүн өзү оордойт,
Оболоп талга конбойт.
Олтурат чөмөлөйдө,
Неге аны тагдыр кордойт.

Укчу элек сыйлап аны,
Олтурат ыйлаганы.
Убал да акын кушту,
Тагдырдын кыйнаганы.

## ЖЕР ЖАНДУУ

Аргымак минип ак жалдуу,
Ар ишти көрүп жаңжалдуу
Абалтан айтат коңшу элдер:
- Ак калпак кыргыз мал жандуу.

Улуу тоо сенден керилген,
Үйүрлөр оттоп семирген.
- Мал жандуу деген ошол наам,
Байыркы кезде берилген.

Кол үзгүн дебейм кымыздан,
Кой жебе дебейм ууздан.

Жегендин болсок устаты,
Жердеги насип-ырыстан.
Өзгө элден бизге берилер
- Жер жандуу - деген дурус наам.

Аракет кылсак акталсын,
Абийирдүү дыйкан даңкталсын.
Жер жандуу болуп кыргызым,
Ыр жандуу жагың сакталсын.

Аябай жерди сугарсын,
Жемишин жешип кубансын.
Жер жандуу болуп кыргызым,
Мал жандуу жаны улансын.

## ОО, ТУУГАН ЖЕР

Оо, тууган жер -каухар жер,
Кумарым моокум таркар жер.
Илендини каргар жер,
Иштегенди алкар жер.

Оо, тууган жер - жакут жер,
Жазында макмал баркут жер.
Жалкоолонбой иштесек,
Жалпыбыз үчүн бакыт жер.

Оо, тууган жер - алтын жер,
Каймагым сенде калпып жер.
Маңдайдан чыксын балкып жер,
Түшүмдү төгүп чалкып бер.

Оо, тууган жер- күмүш жер,
Талайыма мүнүшкөр.
Айттырбастан билесин,
Кимдер жалко, ким ишкер.



Шакыйымды козгогон,
Шамалың бар боздогон.
Ошентсең да тууган жер
Өзүң менен дос болом.

## БАЗАР

Абасы таза азанда,
Агылат элдер базарга.
Сооданын ишин жандантып,
Семиз мал түшөт назарга.

Алуучу каалап семизин,
Арбынга өтөт өгүзүн.
Соода иши түзөт бекемдеп,
Сулуулап жашоо негизин.

Соода иши жашоо чырагы,
Соода иши жашоо куралы.
Соолукту сатып базарга,
Жүгүртүп сомду туралы.

Соода иши жашоо жарыгы,
Соода иши ачат багыңы.
Зоболоң кыргыз бийиктеп,
Сооданын өссүн арымы.

Тутамдап сомдун көп жүзүн,
Тандаган малдын эттүүсүн.
Солдойгон тиги жигитти,
Соодага көрчү эптүүсүн.

Кызыды элдин базары,
Кайнады соода казаны.
Жөнө ага жетип алып сат,
Жокчулук алса мазаңы.

Жүрбөстөн артта сүйрөлүп,
Жүгүртүп сомду - бүйрөлүк.
Сонунун көрсүн дүйнөнүн,
Соодага кыргыз үйрөнүп.

Базар бул жашоо майданы,
Базардан таап пайданы.
Суктантып көптү кыргыздар,
Соода иши болуп майрамы.

## АЛЫМКАН - УЛУУ МАХАБАТ

Турса да заман сурданып,
Толукшуп айдай нурданып.
Токтогул сүйгөн Алымкан,
Тоолордо калды ырдалып.

Турса да заман түнөрүп,
Тоолордо кызыл гүл өнүп.
Акынга жаккан Алымкан,
Айтылып калды түбөлүк.

Ала-Тоо таңы аткандай,
Алымкан эле ак маңдай.
Сүйүүсү ошол Токомдун,
Соолбос Нарын аккандай.

Таласка барчу бел менен,
Тамаша курчу эл менен.
Акында жүргөн ашыктык,
Тең келчү Ысык-Көл менен.

Тагдырын элдин чечпеген,
Бай-манап айткан акаарат.
Токтогул үчүн өчпөгөн,
Алымкан - улуу махабат.



## БАЙ

Керегиңе даярмын,
Кедейди деп аярмын.
Келечекте болсо экен,
Кыргызымдын байы арбын.

Коркпой ыйык милдеттен,
Коргоп жаман илдеттен.
Кыраан байлар чыкса экен,
Кыргызымды гүлдөткөн.

Жаман иштен корунган,
Бай чыкса экен бооруман.
Журтум үчүн улуу иштер,
Жаралса экен колунан.

Акчалары самандай,
Аяйт чайын карандай.
Ата журттан айлансын,
Ач көз жаман сараң бай.

Түбү чирик казыктай,
Түтөп кеткен азыктай.
Тууган элден айлансын,
Теги жаман сазык бай.

## АЛГЫЛА ҮЛГҮ ШАБДАНДАН

Элге пейли кең экен,
Элге пейли дем экен.
Жантай уулу Шабдандын,
Жоомарттыгы көл экен.

Жүрбөстөн артта сүйрөлүп,
Жүгүртүп сомду - бүйрөлүк.
Сонунун көрсүн дүйнөнүн,
Соодага кыргыз үйрөнүп.

Базар бул жашоо майданы,
Базардан таап пайданы.
Суктантып көптү кыргыздар,
Соода иши болуп майрамы.

## АЛЫМКАН - УЛУУ МАХАБАТ

Турса да заман сурданып,
Толукшуп айдай нурданып.
Токтогул сүйгөн Алымкан,
Тоолордо калды ырдалып.

Турса да заман түнөрүп,
Тоолордо кызыл гүл өнүп.
Акынга жаккан Алымкан,
Айтылып калды түбөлүк.

Ала-Тоо таңы аткандай,
Алымкан эле ак маңдай.
Сүйүүсү ошол Токомдун,
Соолбос Нарын аккандай.

Таласка барчу бел менен,
Тамаша курчу эл менен.
Акында жүргөн ашыктык,
Тең келчү Ысык-Көл менен.

Тагдырын элдин чечпеген,
Бай-манап айткан акаарат.
Токтогул үчүн өчпөгөн,
Алымкан - улуу махабат.



## БАЙ

Керегине даярмын,
Кедейди деп аярмын.
Келечекте болсо экен,
Кыргызымдын байы арбын.

Коркпой ыйык милдеттен,
Коргоп жаман илдеттен.
Кыраан байлар чыкса экен,
Кыргызымды гүлдөткөн.

Жаман иштен корунган,
Бай чыкса экен бооруман.
Журтум үчүн улуу иштер,
Жаралса экен колунан.

Акчалары самандай,
Аяйт чайын карандай.
Ата журттан айлансын,
Ач көз жаман сараң бай.

Түбү чирик казыктай,
Түтөп кеткен азыктай.
Тууган элден айлансын,
Теги жаман сазык бай.

## АЛГЫЛА ҮЛГҮ ШАБДАНДАН

Элге пейли кең экен,
Элге пейли дем экен.
Жантай уулу Шабдандын,
Жоомарттыгы көл экен.

Шабдан шери калкымын,
Элге ошондой балкыгын.
Бечарага берчү экен,
Малы турмак алтынын.

Таланттуурга жол ачып,
Талантсызга боору ачып.
Баатыр Шабдан сыяктуу,
Байлар чыксын колу ачык.

Айкөлдүктүн байрагы,
Айкөлдүктүн каймагы.
Алгыла үлгү Шабдандан,
Ала-Тоонун байлары.

## КОШОМАТЧЫ ОШОЛ

Төшөгүңдү күбүшөт,
Төрүнө өтпөй бүрүшөт.
Короонду шыпырса,
Коңшуларың күлүшөт.
Уялбай кошоматчылар,
Ушундай өмүр сүрүшөт.

Амалдуу кошоматчы ошол,
Айланы издеп тапчу ошол.
Алп бийлик сенден кеткен соң,
Арстан болуп чапчу ошол.

Баягы кошоматчы ошол,
Бүлөңө сенин жакчу ошол.
Учканда мансап башыңан,
Уу жылан болуп чакчу ошол.

Көө пейил кошоматчы ошол,
Койнуна балта катчу ошол.



Тоголоп кетсе бийлиги,
Токтобой сени сатчу ошол.

Байкелеп кошоматчы ошол,
Байырлап үйгө жатчу ошол.
Бийлигиң кетсе колуңдан,
Биринчи сени атчу ошол.

Бараандуу кошоматчы ошол,
Балаңа дагы жакчу ошол.
Башыңдан кетсе келкелиң,
Балтек ит болуп капчу ошол.

## ОЙГОНУП КЕТСЕМ БИР КЕЗДЕ

Чогулуп жатат эл аздан,
Чыгайын сыртка бук болдум.
Стадион - кең асман,
Ай экен тобу футболдун.

Оюнчулар канатчан,
Оболоп учуп чыгышты.
Күйөрмандар жөө, атчан,
Карашып жерден турушту.

Чиренип күчтүү бут менен,
Ай учат улам тебилип.
Үн чыгат:- Бол… Тез… Ут!- деген,
Кала көрбө жеңилип.

Кызыкка батып туйтунам,
Кыздар көп.. Колдо гүлдесте.
Кыйкырып: - Гол! - деп уйкуман,
Ойгонуп кеттим бир кезде.

Кеткениме ойгонуп,
Көңүлүм бир аз ооруду.
Түшүмдү айтсам ойлонуп,
Карыя минтип жооруду.

- Жаралып улам керемет,
Кыргыз эл, кыргыз өлкөсү.
Атака, даңкка бөлөнөт,
Ааламдын болуп эркеси.

Ааламдын ар бир оюнуна,
Катышып, болуп эң алды.
Тагына дайым мойнуна,
Кыргыздар баалуу медалды.

## ТУКУМУҢ ӨСКҮР

Серп салып карап дабышка,
Сейилде жүргөн абышка.
- Тукумуң өскүр! - дей берет,
Жолуккан ар бир таанышка.

Жегичтер кимди алдабайт,
Ууруну кимдер каргабайт.
- Тукумуң өс! - деп абышка,
Туш келди айтпай тандап айт.

Тийгизбей элге залалды,
Жакшыртар биздин абалды.
Кыргыздын жакшыларынын,
Тукуму өссө жаманбы?!

Жер жаратып улутту,
Жасаса түрлүү куулукту.
Тукуму өссө жегичтин,
Кыргызды анда курутту.



Кайнатып жүрөк каныңды,
Кашайтып дайым жаныңды.
Уурунун өссө тукуму,
Түгөтөр уурдап малыңды.

Учуруп баштан кутуңду,
Жалкоонун өссө тукуму.
Жарытпас биздин кыргызды,
Жадатып качып утуру.

Өзүнүн кылган күнөөсүн,
Өзгөгө шылтайт күлөсүң.
Алкаштын өссө тукуму,
Аябай кыйнар бүлөсүн?

Жандасын кимдер чалпоону,
Жактырсын кимдер аңкоону.
- Тукумуң өс! - деп абышка,
Айтарга айткын алкоону.

## БОЛСО ЭЛЕ СЕНДЕЙ БОЛГОНДУР

Сулуунун назик жүрөгү,
Сүйүүнүн экен түнөгү.
Болсо эле сендей болгондур,
Соң-Көлдүн Акмөөр чүрөгү.

Өзүңсүн Чолпон таңдагы,
Өмүрдүн сенсиң ардагы.
Таластан чыккан Аксыйнат,
Тең келбес сага ал дагы.

Көңүлдө калчу бар күлкүң,
Көз салат жигит ар түркүн.

Алайдан чыккан Арзыкан,
Ашалбас сенден ал мүмкүн.

Арадан өтүп көп мезгил,
Ардагың ойдон кетпестир.
Аксыдан чыккан Алымкан,
Ал дагы сага жетпестир.

Махабат отун жагарсың,
Бактыңды издеп табарсың.
Жылдызы жарык сулуулар,
Жаралса сендей жаралсын.

## КЫШ

Күн жолу өтө кыскарды,
Суу жамынып муздарды.
Үңүрөйүп кышкы аяз,
Үйлөдү бетке ызгарды.

Жолдогу чыйыр кычырап,
Жүрсө үйөр муздар бычырап.
Жалаңдап бороон түн бою,
Жайыттын карын учурат.

Кышкы кеч… Суулар бууланат,
Түн күтүп бөрү кууланат.
Кароосуз сыртта малыңды,
Калтыра көрбө ууру алат.

Үстүндө ак кар үйүлүп,
Үңкүрдөй болуп ийилип.
Камыштар турса астынан,
Коёндор качат түйүлүп.

Бөрү издүү жондо жол турат,
Борчукта бүркүт олтурат.
Дуулдап ичип бозосун,
Дыйкандар канын толтурат.



## СОРОС БАЙ

Соростун ишин колдогон,
Соростун жолун жолдогон.
Чыгаан иш болмок кыргыздан,
Чыкса эгер байлар ондогон.

Ардактуу иштен корунбай,
Атактуу Сорос сонун бай.
Ошонун жолун жолдогон,
Ош жактан чыкса Орунбай.

Кезиксең айтып он ооз кеп,
Керек иш жасайт Сорос көп.
Таасын бай болсо ошондой,
Таластан чыккан Орозбек.

Сорос бай өтө жуктуу бай,
Сорос бай өтө мыкты бай.
Кең пейил болсо ошондой,
Көл жактан чыккан Куттубай.

Өйдө чыксак өбөк бай,
Ылдый түшсөк жөлөк бай.
Чүйгүн иш кылса Соростой,
Чүй жактан чыккан Бөлөкбай.

Сорос бай баскан из менен,
Басалы биз да түз деген.
Аруу иш болмок жердештер,
Алкышты алса жүздөгөн.

## АЛА-ТОО БИЗДИН ЭНЕБИЗ

Ала-Тоо биздин энебиз,
Ал үчүн жанды беребиз.
Тоо жоктой мага сезилет,
Дүйнөдө ага теңегис.

Ала-Тоо биздин энебиз,
Кымызга балкып денебиз.
Кысталбай кылдат иш жасап,
Кызыгып жашап келебиз.

Ала-Тоо сага бүлөбүз,
Чакырган үйгө киребиз.
Бүлүнтпөй колдо турганды,
Бүйрөлүк өмүр сүрөбүз.

Ала-Тоо бийик өлкөбүз,
Азамат болсун эркебиз.
Кайгырбай күлүп ырдайлы,
Карыбас үчүн эрте биз.

## МЕЗГИЛДИН ТИЛИ, ҮНҮ БАР

Мезгилдин тили, үнү бар,
Мезгилдин сүрү, гүлү бар.
Сурансаң дагы токтобос,
Зымырык куштай күлүк ал.

Мезгилдин үнү- карт тарых,
Мезгилдин тили- карт тарых.
Кумардан ошол чыгарат,
Окусаң ичин аңтарып.



Мезгилдин гүлү аңкыган,
Жаңылбас сулуу антынан.
Мезгилдин сүрү- баатырлар,
Кубарган душман даңкынан.

Аңтарып элдин ири ишин,
Мезгилдин сүрөп жүрүшүн.
Учурдун жаңдуу ишине,
Улуулар кошкон үлүшүн.

Тарыхта калп жок жымсалдар,
Эл деген биздин миң - сандар.
Жылдызы болуп тарыхтын,
Жаркырайт чыгаан инсандар.

Тоскоолду быт-чыт тепкен бар,
Токтобой иштер өктөм бар.
Мекендеш элим ичинде,
Мезгилден озуп өткөн бар.

## АРЧАДАЙ ЖАЙЫ-КЫШЫ СООЛУБАС

Күздү кыш койсо да кулпулап,
Көгөрүп арчалар кулпурат.
Суукту сезбестен чилдеде,
Сулуулук берүүгө умтулат.

Жадатып ач бороон ыркырап,
Жакадан алса да жулкулап.
Жаштыгын арчалар жоготпой,
Жыттанат аязда буркурап.

Арчалар, арчалар күлүп өс,
Өмүрдүн узагын сүрүп өс.
Кыпкызыл устунуң алтындай,
Кылымдар турса да чирибес.

Тоолордо ага эмес орун аз.
Дарактын ошондой сонуну аз.
Ата журт сага бар сүйүүм,
Арчадай жай-кышы соолубас.

## КОШУНАНЫН КЫМЫЗЫ

Келгендер ичсин сагынып,
Алсын дейт кубат карылык.
Аябай быш дейт кымызды,
Апасы үйдүн жалынып.

Олтурбай балдар ышынып,
Күпүлдөйт кымыз бышынып.
Түбүнө салды сабанын,
Куйругун койдун бышырып.

Бышылып самаал жанчылат,
Таңатып тоого мал чыгат.
Кошунаң сунса кымызын,
Койгонсуйт ага бал чылап.

Кошунам байы өйүздүн
Шириеси чыккан мейиздин.
Шимирсем анын кымызын,
Суусуну окшойт бейиштин.

## БЭЭЛЕРДИН ЖАЛЫН КИМ ӨРӨТ?

Чүмбөттөн түнкү бөлүнүп,
Чыйрыгат тоолор керилип.
Кайтканда бээлер жайыттан,
Калыптыр жалы өрүлүп.



Уктаган тескей түнөрөт,
Үйүрүн айгыр имерет.
Белгисиз бизге… жайыттан,
Бээлердин жалын ким өрөт?

Жылкылар оттойт өрүштө,
Жылкы ээси кумар көрүштө.
Бээ жалын шайтан өрөбү,
А, мүмкүн өрөр периште.

Жылкылар куусак арыштап,
Жайытка жөнөйт тааныш жак.
Бээлердин жалын ким өрөт?
Биз үчүн ошол табышмак!

## ЖИБЕК ЖАЛ

Кулагы тип тик жибек жал,
Кубантат минсең жүрөк ал.
Түгөлбү жетип санайын,
Төрлөрдө оттоп жүрөт мал.

Жайытта малды көздөйүн,
Жамгырга калбай тездейин.
Жанымдай көргөн жибек жал,
Жат эмес менин өздөйүм.

Ээри бар кургак арчадан,
Ээси анын сергек малчы адам.
Жорголоп санга чаптырбай,
Жибек жал үчүн камчы арам.

Өрдөсөң өрдү өр дебейт,
Белди ашсаң белди бел дебейт.
Жибек жал таза сууса,
Жулунуп эртең тердебейт.

## ИШЕНИМ ЖАШЫ

Ким качсын сендей ынактан,
Келаткам атчан ыраактан.
Ай тийген түнү жолуктук,
Айылдын чети булактан.

Булактын бою жашамык,
Буркурайт жалбыз баш алып.
Жүрөккө бастың жүзүңдү,
Көзүңө ысык жаш алып.

Көз жашың окшоп мүрөкө,
Көйнөктөн өткөн жүрөккө.
Турганмын сени кучактап,
Төгүлүп чачың билекке.

Унутпай аны тезинен,
Ошол түн чыкпайт эсимен.
Ишеним жашы болуучу,
Жүрөккө сүрткөн көзүңөн.

## ДАРЫ ЧӨП

Көздөрү ынак камчыга,
Коңшумун жапжаш малчыга.
Үйүндө кымыз буркурайт,
Үйүндө сүрсүп карчыга.

Шимирип сууну мал ичет,
Ширесин гүлдүн аары ичет.
Жылгага малчы кой жайса,
Жыттанат түркүн дары чөп.



Жайбасаң малдар жарыбайт,
Жайына койсоң нарылайт
Өзөндүн тоюп чөбүнө,
Өздөрүн өзү дарылайт.

Койлордун жону былкылдайт,
Жылкынын жүнү жылтылдайт.
Жаралган дары чөптөрдөн,
Кымызын куйсаң кылкылдайт.

## ЖАНДУУ КАМГАК

Жеңишбек болбой жанбакты,
Жеңишбек көп жыл мал бакты.
Мал жакка жылып келаткан,
Бир күнү көрдү камгакты.

Жеңишбек деген бай бала,
Коюна эмес каймана.
Шамал жок, кызык бир камгак,
Келатат жылып жай гана.

Жеңишбек сүйбөйт жалганды,
Жакшылап көздөйт ал малды.
Жандуудай камгак жылууда,
Жан бүтүп ага калганбы.

Жеңишбек кантип алданат,
Жеңишбек байкап таңкалат.
Камгакты тиштеп бир бөрү,
Алыптыр өзүн далдалап.

Арасы чейрек чакырым,
Жылууда камгак акырын.
Карачы жырткыч амалын,
Карачы тапкан акылын.

Тил алып өтө уганаак,
Жеңишбек итке кубанат.
-Айт! Десе салды койлорду,
Камгактан алыс кубалап.

Камгактан бөрү бөлүндү,
Карааны даана көрүндү.
Амалынан адамдын,
Амалы анын жеңилди.

Кызартып ач көз көздөрүн,
Бөрүнүн көрчү безгенин.
Далилдеп койду Жеңишбек,
Тоолордо сергек өскөнүн.

## КЫЛЫГЫНА КӨК КОЙДУН

Көзгө дароо урунат,
Көбүргөндү сугунат.
Калың койдун ичинен,
Көк кой неге жулунат.

Чийенин ал гүлүн жейт,
Тобулгунун бүрүн жейт.
Чуркап көк кой чарабайт,
Чөптүн ар кыл түрүн жейт.

Көк кой тынбай лүкүлдөйт,
Козума дары сүтүм дейт.
Тескейдин чөбүн бир күндө,
Терип жесем! Бүтүн дейт.

Жай баспайт, чөптү желип жейт,
Жаз гүлдөрүн терип жейт.
Кылыгына көк койдун,
Ээси кантип терикпейт.



## КӨЗҮНӨН АНЫН САКТА ДЕП

Көзүңбү ажал көзүндөй,
Сөзүңбү ажал сөзүндөй.
Наристе майып болуптур,
Назарың өтсө сезилбей.

Жолуңдан чыкса кезигип,
Карасаң ага эзилип.
Кетиптир тиги дүйнөгө,
Оокуучу бир кыз көзүгүп.

Көз нуруң уубу дайыма,
Коңшундун тоюп чайына.
Суктансаң уулу мерт болуп,
Коюшуп келди жайына.

Назарың түшсө тулпарга,
Тыпырап өлдү куптанда.
Көзүнөн анын сакта деп,
Кудайдан тилейли уктарда.

## ЖАНДУУ ГҮЛДӨР

Гүлдөр көркү дүйнөнүн,
Гүлгө окшойсуң сүйгөнүм.
Жайнап өскөн тоолордо,
Жандуу гүлгө тийбедим.

Койлор жейм деп эсирет,
Кайрып койдум тезирээк.
Кайкыдагы көк гүлдөр,
Кандай сонун сезилет.

Жактырып мен түспөлүн,
Тийбей жытын искедим.

Өмүр сүрө бергин деп,
Өскөн гүлдү үзбөдүм.

Дестелейм деп жулганы,
Көпкө турбай куурады.
Жандуу гүлдөр тоолордо,
Жакшы го өсүп турганы.

**АППАК НАНДЫН КУСУРУ**

Колдоруна алма алып,
Карайт балдар таң калып.
Алкаш байке жеп жатса,
Арагына нан малып.

Эки колу калтырап,
Элди сөгөт тантырап.
Алкаш байке жеп көнгөн,
Арагына нан туурап.

Жылдар өттү чубаган,
Жаш жары бар чыдаган.
Алкаш байке адаты,
Арака нан чылаган.

Аракпы анын суусуну,
Аракпы өмүр кызыгы.
Аны бир күн урат го,
Аппак нандын кузуру.

**КЫШКЫ КЕЧ**

Аязга бетиң тызылдап,
Күн батты көктү кызылдап.
Иңирде келип үч бөрү,
Ит үрөт тынбай ызылдап.



Обого атсак чачманы,
Үч бөрү чоочуп качпады.
Үңүлөт карап короону.
Үч күндөн бери ачкабы?

Ырсайса тиши болоттой,
Иттерди жакын жолотпой.
Кыр жакка кетти үч бөрү,
Кыйкырсак бизди тоотпой.

Жымжырттык болду кайрадан,
Жыбырап жылдыз жайнаган.
Буркурайт жыты чучуктун,
Бүлкүлдөп үйдө кайнаган.

**ЧИЛДЕНИН СОЗУП ОБОНУН**

Толтура жеми ороонун,
Тышынан кайып короонун.
Чыкылдайт түндө кышкы аяз,
Чилденин созуп обонун.

Жем издейт канат сабашып,
Жаз келсе дешет самашып.
Чыкылдап турат кышкы аяз,
Чилдердин жанын талашып.

Келсе деп жазды тилешип,
Кычыкка кечте түнөшүп.
Чилдеге жанын бербестен,
Чымчыктар чыгат күрөшүп.

Маанайы кышта оңолуп,
Мамыка үкү оронуп.
Үнкүрдөн: Кү-үк!- дейт үкүлөр.
Аязда кантип тоңолук.

Чилдеде ар куш титирер,
Чилдени сүйөт үкүлөр.
Чабуулга чыгып түн кирсе,
Чарчабай ишин бүтүрөр.

Чилдесиз кыргыз курчубайт,
Чилдеде: "Мал!"- деп тынчыбайт.
Чилденин кызы тийишип,
Чыйрактын бетин чымчылайт.

**ҮЙӨР**

Түш мезгил жылуу күнчубак,
Турчу эле муздар тумчулап.
Кулакты тосчу сайдагы,
Күркүрөп суудан үн чыгат.

Муздарды муздар ургулап,
Муздарды муздар сындырат.
Күркүрөп агып кышкы суу,
Кулагыңды тундурат.

Кышкы суу бүгүн чамынды,
Кылкылдап сансыз агылды.
Былк этпей турам дечү эле,
Бычырап муздар багында.

Ар кимдер салды көз кырын,
Арылтып ички өз муңун.
Тоскоолсуз акты кышкы суу,
Тазалап муздан өз нугун.

**КЫШКЫ ТАҢДА**

Булуттан асман тазарбай,
Чыгыш жак таңда кызарды.



Нык тойгон бөрү басалбай,
Кыска жол ага узарды.

Түнкү ишин бөрү бүтүрүп,
Таңында тоого ашыгат.
Байкаган аны ит үрүп,
Батынып куубай жашынат.

Өзгөрдү бейкут абал тез,
Калыптыр көзгө урунуп.
Келатат кууп чабандес,
Бөрү аны көрдү бурулуп.

Тез кайтпай артка ээленип,
Таңында бөрү жаңылды.
Түз мынтык ага мээленип,
Тарс этип, аска жаңырды.

Терисин жигит сыйрыса,
Тешиптир огу жүлүнүн.
Ал кайрып алды буйруса,
Жедирген түндө иригин.

**КӨЗДӨРҮНӨ ЖАШ АЛАТ**

Байчечекей өскөнүн,
Көрүп алып уурчуктан.
Жаш малчы айтат өз кебин:
- Сенден мурун мен чыккам!

Байчечекей өскөнүн,
Көрүп алып белестен.
Жаш малчы айтат өз кебин:
- Сенден мурун мен өскөм.

Жайнап өстү капталга,
Эң алгачкы жаз гүлү.

Багынбайт ал ак карга,
Бирок, жашар аз күнү.

Беш-он күнү өсүп ал,
Бул дүйнөдө жашамак.
Кыска өмүрүң сезип ал,
Көздөрүнө жаш алат.

**АЛА ЖАЗ**

Жаңы эле келди ала жаз,
Жашара элек талаа, саз.
Аракети жоктордун,
- Адам! - деп ал санабас.

Жетип калди ала жаз,
Жаңы ардакты баалабас.
Чакан болор түшүмүң,
Чачсаң кыкты талаага аз.

Ак эмгекти баалабас,
Арак жандуу бала мас.
Арыгыңды чапкын деп,
Ашыктырат ала жаз.

Бир-бирине карабас,
Керегине жарабас.
Кекчейгенди жек көрүп,
- Көчөт тик! - дейт ала жаз.

**БИРИНЧИ ЖАМГЫР**

Токсонду куудук "таяктап",
Тазарып арык, аят жак.
Майрамдап койдук нооруздуу,
Март айы калды аяктап.



Каргалар сары кар самап,
Караят булут самсаалап.
- Чыкты деп, кышты быйылкы,
Чыйырчык сайрап жар салат.

Жакындайт булут самсаалап,
Жашамык чөптү мал самап,
Биринчи жамгыр себелеп,
Бетине жердин жан салат.

Биринчи жамгыр куюлуп,
Белестин көркү суюлуп.
- Келем - дейт, кайра кеч күздө,
Кендири кыштын кыйылып.

Жайыттар жаткан кубарып,
Жамгырды тосту кубанып.
Аягы кардап кечинде,
Аппак кар көбүк кыламык.

**ЖАЗ АЙЫ ТООГО
БАШ БАГАТ**

Жаз айын кимдер самабайт,
Жаз айы тоону сагалайт.
Кучактап тосуп ошону,
Куттуктап дыйкан салам айт.

Ашууну ашып жаз келет,
Анда эмес бизге аз белек.
Кызыгып эмгек этпеген,
Дыйкандар эмне пас белек.

Жаз айы тоону жазалайт,
Жулкунуп айгыр азанайт.
Жалкоолор гана жазында,
Жан багып эмгек жасабайт.

Жаз айы тоого баш багат,
Жадырап элде каш-кабак.
Жаратыш үчүн байлыкты,
Жан тынбай жарыш башталат.

Чыгалбай иштен карышка,
Чолом жок доско барышка.
Туткундап алар токчулук,
Түшпөсөк жазгы жарышка.

## ТАЛАСТЫН КЫШЫ ЖАЗЫНДА

Булбул жок азыр безенген,
Муздак жел согот өзөндөн.
Май айы бизге келелек,
Бал кымыз жутчу кезеңден.
"Таластын кышы жазында!"
Деген сөз жашайт эзелден.

Бөрү жеп тарпы бышарган,
Базарлайт ар кыл куш андан.
Сары кар түшөт калыңдап,
Заматта атты тушардан.
"Таластын кышы жазында",
Туманы басып жыш абдан.

Сары кар бассаң күтүрөп,
Саан уй чыкпайт титиреп.
Бей тааныш малга каңгыган,
Бейжайы кармап ит үрөт.
"Таластын кышы жазында",
Жер тоңуп, суук күтүлөт.
Күн тийсе баткак белчеден,
Кур эмес жолдор көлчөдөн.



Кубалап малды жайытка,
Кургактап бастык дөңчөдөн.
"Таластын кышы жазында",
Чамаңы сынап өлчөгөн.

Дайрага жойлоп балыктар,
Тазара элек арыктар.
Көк татып калса эгерде,
Көтөрөм болор арык мал.
"Таластын кышы жазында",
Тоюттан ага алып кал.

## ТООЛОРГО КЕЛДИ КАЙРА ЖАЗ

Тоолорго келди кайра жаз,
Ташкындап кирип, дайра мас.
Жайнаган түркүн гүлү бар,
Жашыл жаз окшойт жайнамаз.

Конушубуз көк майдан,
Кем эмес ар үй эт, майдан.
Суура оонап жатат чыдабай,
Суурду кармап жеп тайган.

Жайлоонун чөбү көк майдан,
Көрүнөт үйлөр капкайдан.
Секиден бирөө үн салат,
Семиртем койду деп жайган.

Бал кымыз болуп жутканым,
Куурдак жеп, майын ууртадым.
Көк майдан чөпкө кыйшайып,
Куш уйку салып уктадым.

## АРДАНАТ

Адырга өсөт андаалап,
Алтын түздүү мандалак.

Чыбырга өсөт андаалап,
Чымкый кызыл мандалак.

Алтын түздүү мандалак,
Апабызга арналат.

Кызыл чоктой мандалак,
Кыз балага арналат.

Алтын түздүү мандалак,
Жыттабасак арданат.

Кызыл чоктой мандалак,
Кызыкпасак арданат.

## ТОО СУУСУ АГАТ ТАШКЫНДАП

Тоо суусу агат ташкындап,
Таалайлуу жигит жаш кылдат.
Агасың кечпе ат менен,
Адамда алтын баш кымбат.

Тоо суусу агат ташкындап,
Кечалбай турат карышкыр даап.
Бадалга кирип жашынды,
Жегенин болуп аш кылмак.

Тоо суусу агат ташкындап,
Жар экен жээги таш кырдап.



Мээлесе жаза кетпеген,
Мергенчи жигит карышкырды ат.

Тоо суусу агат ташкындап,
Тал агып барат башы ыргап.
Кайырмак салып балыкты,
Кармоодо балдар ташмыңдап.

## ЖАШЫЛ ТОКОЙ

Жердештер токой мүлкүңөр,
Жаңырсын анда күлкүңөр.
Жарашык берет эмеспи,
Жылт коюп качса түлкүлөр.

Токойго жазда шашалык,
Көңүлгө көркү маш анык.
Кыйкуулап кача бергенде,
Кыргоолун урба таш алып.

Сүйкөсө жашыл боёгун,
Суктанып жазга тоёмун.
Карегим чалса кубанам,
Токойдун качкан коёнун.

Будурайт суунун кемери,
Бүлдүркөн бышса терели.
Ден соолук үчүн токойдун,
Дайыма бар го кереги.

## МАЙ АЙЫ

Түнөрөт булут коюлуп,
Туяктан жолдор оюлуп.
Адырга чыгып оттогон,
Арык мал калды тоюнуп.

Көңүлгө жагат май айы,
Күн тийсе кыздай чоюлуп.

Айдатып жерин азамат,
Арыгын жүрөт тазалап.
Тынбастан иштей беришсе,
Түшүмдү кантип аз алат.
Жароокер кыздай май айы,
Жаркылдап күндө жасанат.

Жумшалып колдун каруусу,
Себилет буурчак, таруусу.
Талыкпас дыйкан эзелден,
Таластык элдин саруусу.
Оштонгон кыздай май айы,
Он эки айдын аруусу.

Булуту таркайт жыйылып,
Бейиштей тоолор туюлуп.
Ар кыл гүл жерден баш багат,
Атырын май ай куюнуп.
Кериден уйду айдасаң,
Кепшешет кетпей кыйылып.

Монтоңдоп балдар гүл терип,
Мөңгүлөр жатат күндө эрип.
Ташкындатып тоолордун,
Суусуна жатат сүр берип.
Мактоого арзыйт май айы,
Булбулга чебер тил берип.

Эгерде минип асыл ат,
Кыдырсаң чериң жазылат.
Тоолордун сулуу май айы,
Токтосо өтпөй азыраак.
Ал бүтсө акын булбулдун,
Үнү да чыкпай басылат.



Токойлор, тоолор - бүт тарап,
Жаңы чөп, шыбак жыттанат.
Жамбаштап жатат кой жайган,
Жайытка болуп уктамак.
Жаш арткан жерди май айы,
Жандуулар сага суктанат.

Жаңырып көктөн Ай карап,
Жибек жел бетти аймалап.
Тамырын чөптүн жумшартат,
Тамчысын жамгыр майдалап.
Тынбастан май ай уз болуп,
Тоолорду жатат саймалап.

Колунда мелт-калт бар чыны,
Калтырбай ичип тамчыны.
-Кымызы майдын сонун- деп,
Карыя оозун арчыды.
Жек көрөм деди бул айда,
Бөлтүрүк алган аңчыны.

Калган соң ичи ачышып,
Карышкырдын кексе канчыгы.
Кулунду, тайды күндө жеп,
Күйгүзөт далай малчыны.

## ЖАШ ДЫЙКАН

Чыгууда көк чөп кайрадан,
Чымчыктар жүрөт сайраган.
Тынбастан күн-түн күпүлдөйт,
Трактор жерди айдаган.
Уругуң барбы, жаш дыйкан,
Убакыт эң аз пайдалан.

Милдетин жаз ай аткарат,
Бүчүрүн жарып бак-дарак.
Жылуулук чачып улуу Күн,
Жан бүткөн ага жактанат.
Талаада жүрөт жаш дыйкан,
Талыкпай иштеп апталап.

Улуу Күн тийип мемиреп,
Уругуң жерге себилет.
Жээлигип тоонун дайрасы,
Жээгин чапчып кемирет.
Араба тарткан арык ат,
Ашыкпа көккө семирет.

**ЖЫЛАН ЖАНА ГҮЛ**

Канаттуулар үндөгөн,
Жандуулар бүт дүрбөгөн.
Жаз келди эле сур жылан,
Чыкты кышкы "түрмөдөн."

Көлөкө ага жакпады,
Күнгө боюн кактады.
Дале анын жансерек,
Куйрук жагы капталы.

Күнгө аябай жылынды,
Кайра артына бурулду.
Карегине жыландын,
Кыпкызыл гүл урунду.

Көркkө болбой каймана,
Жылан жетип жай гана.
Жатып алды оролуп,
Гүлгө болуп айлана.



Тентек козу жайнаган,
Ташка ойносо тайбаган.
Улак гүлдү жеймин деп,
Үркүп качты кайрадан.

Жулуп көбүн түбүнөн,
Чөптүн жеген түрүнөн.
-Гүлдү оттойм!- деп макоо кой,
Качты жылан сүрүнөн.

Жаштыгына кубанган,
Кыз келатат суу алган.
Кызыл гүлдү үзөм деп,
Коркуп качты жыландан.

Кайра суугa кыз өтүп,
Кайрылган жок түз өтүп.
Жылан гүлдү төрт-беш күн,
Жата берди күзөтүп.

Сый- урматты жасады,
Сыйлап гүлдөй тазаны.
Соолуду гүл… Жыландын,
Мүмкүн түштү назары.

**КӨБӨЙТҮП МАЛДЫ КҮТӨ БЕР**

Жыртылган кийимиң бүтөлөр,
Жылкыны кыргыз күтө бер.
Жыргалы ошол жашоонун,
Жибек жал болсо бүт эгер.

Үстүндө кийимиң бүтөлөр,
Уйларды кыргыз күтө бер.
Сары алтын ошол эмеспи,
Сатылып турса сүтү эгер.

Жыртылган боз үй бүтөлөр.
Жайнаган койду күтө бер.
Кубаты ошол жашоонун,
Куйруктуу болсо бүт эгер.

Малдуунун бети жарык дейт,
Малсыздын бети чарык дейт.
Арбын мал күтсөң кыргыздар,
-Азамат экен анык!- дейт.

Азамат малын айдайт дейт,
Ак майы оозун майлайт дейт.
Эгерде баксаң эссизди,
Эзирип оозду кандайт- дейт.

## КУБАНЫП ТЫНБАЙТ МЭЭНЕТКЕЧ

Жадырап турса күн тийип,
Жалкоолор уктайт култүйүп.
-Тур! - десең турбайт корсулдап,
Тумшугу менен бир тийип.

Болсо эгер түшүм көбүрөөк,
Бордогон малың семирет.
Кубанып тынбайт мээнеткеч,
Күн тийип турса мемиреп.

Ичкилик ичтиң илээнди,
Иштеп сен бакпай бүлөңдү.
Мээримиң төксө күзгү күн,
Мээнеткеч себет үрөңдү.

Күн чыкса жасайт тирилик,
Мээнеткеч билек түрүнүп.
Мээримдүү күздүн түшүмү,
Талаада калбас бүлүнүп.



## БЫШЫЛЫП САБА КҮПҮЛДӨЙТ

Бейчеки түк ит үрбөйт,
Бышылып саба күпүлдөйт.
Барктап жарын жаш жигит,
Башкага чаппайт дитим дейт.

Көк көйнөк, аппак жолуктуу,
Көз жоосун алган колуктуу.
Өз жары үчүн жайдары,
Өзгөгө карайт олуттуу.

Мен саба, сен-дейт - бишкегим,
Самаган ишти иштеги…
Тийишип сүйлөйт колуктуу,
Тизилтип аппак тиштерин.

Келинде бийик кишилик,
Көркүнө көздү түшүрүп.
Күйөөсү бышат сабасын,
Кыйыткан сөздү түшүнүп.

## АТ ЖАЛЫ

Сапарда атсыз азышкан,
Сабыркап кыргыз басыштан.
Жалына ойноп ат минсе,
Жалына казан асышкан.

Ат менен мөөрөй утушкан,
Азаптын торун тытышкан.
Ак калпак кыргыз абалтан,
Ат жалын ыйык тутушкан.

Оң жакка жалы төгүлүп,
Оодугун аттар кемирип.

Тоолордо жашайт кыргыздар,
Тоскоолдук андан жеңилип.

Сол жакка жалы төгүлүп,
Суулугун аттар кемирип.
Зор максат күткөн кыргыздар,
Суук көз андан жеңилип.

Ат минип кыргыз гүлдөгөн,
Алысын жолдун билбеген.
Жарадар болгон эренге,
- Ат жалы жеңил мин! - деген.

## ЭЛДИН НАСИБИ

Жол баштап өткөн туюктан,
Жөн-жайды айтып уюткан.
Кебинин күчтүү таасири,
Кеменгер - элдин насиби.

Турса да октор ышкырып,
Душманды жеңген мыш кылып.
Баркы зор, күчтүү таасири,
Баатырлар - элдин насиби.

Угууга эли жыйылып,
Оозунан ыры куюлуп.
Айтылган наркы-насили,
Акындар элдин насиби.

Оштонуп карап досторго,
Обонун устат созгонго.
Ыракат берген таза үнү,
Ырчылар элдин - насиби.



## БОЗ БУЛУТТУН БЕЛЕГИ

Боз булут көктү ээледи,
Биз үчүн барбы белеги.
Белеги аппак кар экен,
Түн бою тынбай эледи.

Биз үчүн өзүн дос кылып
Талааны, тоону кооз кылып.
Таңында асман ачылып,
Таркады калбай боз булут.

Тизеге жетет капкалың,
Белекке бизге ак карың.
Бериптир түнкү боз булут,
Чөп сурайт кетпей чак малым.

Уктабай эрте туруңуз,
Белекке көңүл буруңуз.
Ак кардай күздө көп болсун,
Күзүндө тарткан унуңуз.

## ТЫЯК МЕНЕН БЫЯКТАН

Мен суктанып быяктан,
Сиз суктанып тыяктан.
Камбыл дыйкан күзүндө,
Кампасына куят дан.

Мен барамын быяктан,
Сиз барасыз тыяктан.
- Кел дебесе дыйкан дос,
Кетер адам сыяктан.

Мен келемин быяктан,
Сиз келесиз тыяктан.

Козу соёт дыйкан дос,
Коркот окшойт уяттан.

Мен угамын быяктан,
Сиз угасыз тыяктан.
Жаш дыйкандар ырдашат,
Жакшы үн чыгып кыяктан.

## КЕПТИН СЕНДЕ СЫЙКЫРЫ

Бирөөнүн бар бир кеби,
Бирөөнүн бар миң кеби.
Балдай таттуу сөз менен,
Баяндалат билгени.

Бирөөнүн бар миң сөзү,
Бирөөнүн бар бир сөзү.
Ошол неге үн катпайт,
Окшоп боздун мүрзөсү.

Калк келгенде жыйылып,
Кебиң турат куюлуп.
Балдай сөздүн бир өзүң,
Падышасы туюлуп.

Эч байкалбайт кыйкымы,
Кептин сенде сыйкыры.
Кереметке бөлөйсүң,
Келтирбестен уйкуму.

## ЖАПАЛАК АРЧА

Жайлоочу жүдөйт нөшөрдөн,
Токтобой көпкө көшөргөн.
Жапалак арча паластай,
Жылгада жатат төшөлгөн.



Сый-урмат менен багылган,
Сууду күлүк чабылган.
Жапалак арча килемдей,
Жайытта жатат салынган.

Тоо суусу агат чамынган,
Тарсылдайт көктө чагылган.
Жапалак арча жууркандай,
Жашынып элик жамынган.

Кайтардык койду бут талып,
Капталга бир аз уктадык.
Жайлоонун таза абасы,
Жапалак арча жыттанып.

## КЫМЫЗДЫН ҮЙЛӨП КАСКАГЫН

Береке кыргыз тасмалың,
Пейлиңе түшөт кастарым.
Кызыгып ичип олтурам,
Кымыздын үйлөп каскагын.
Желеге үйрүн чогултту,
Жээрде айгыр салып таскагын.

Бабалар салган из сонун,
Байыртан кыргыз биз сонун.
Быжыдан жасап өрдөктү,
Бышырып келген Сиз сонун.
Жолдугун анын жасашка,
Жок эмес менин жүз сомум.

Олтуруп төрдө баш алам,
Ооз тийип берсем жаш адам.
Куйкасын, мээсин майдалап,
Кыдыртса баарын ашаган.
Жакшы экен улуу-кичүүнү,
Тептегиз, тейлеп жашаган.

## КОНУШУҢ

Конушуң жакын ашууга,
Кошунаң өтө маш ууга.
Эпилдеп тейлейт жаш келин,
Эт кайнап, сорпо ташууда.
Буйруса андан жебестен,
Болбойтко жолго шашууга.

Үңкүрлүү аска конушуң,
Керек го аман болушуң.
Ит куштун үшүн алууда,
Үйүңдөн чыккан добушуң.
Жоголгон малдар быйыл аз,
Азайды адам колу шум.

Конушуң сенин Чатанак,
Карагат тердиң чакалап.
Жол карап жүрүп чарчадың,
Жолуксун ошол сага бат.
Жаныңа жалын күч берген,
Жүрөктө жашайт махабат.

## ШАРКЫРАТМА

Жапайы теке эч шашпайт,
Жалама беттен басканын.
Жанынан суу бой таштайт,
Сакалы сымал асканын.

Шаркыратма кулаган,
Шаңкаят аска караны.
Тоо жели согуп туурадан,
Тарактай аны тарады.



Жакындап барсаң жүзүнө,
Кыпыны анын чачырап.
Күркүрөп түшкөн күүсүнө,
Көңүлүң чайыттай ачылат.

Күн нуру өтө уз экен,
Карачы жаркыратканын.
Келаткан келин-кыз экен,
Түбүнө шаркыратманын.

## ТУНУК ЖҮРӨК БЕЛЕК КЫЛГАН

Жээрибеймин балчыгыңды,
Жаздым сага канча ырымды.
Урматтаймын туулган жерим,
Учкул канат барчыныңды.

Жондо бөрү улуп турган,
Жели бетке уруп турган.
Жанга ынак туулган жерим,
Капаны ойдон кууп турган.

Кийиги үркүп качып турган,
Калкка насип чачып турган.
Кагылайын туулган жерим,
Көңүлүмдү ачып турган.

Тоосу тоосун жөлөп турган,
Талбай эли мээнет кылган.
Туулган жерим арнап бизге,
Тунук жүрөк белек кылган.

## КУРСАНТМЫН

Агыл-төгүл ай келип,
А эмгектен ай көрүп.
Чакырышсаң жакшы экен,
Чай бергенге чай берип.

Союп тайын туйлаган,
Сыйлаганды сыйлаган.
Кыргыз салты эмеспи,
Келе жаткан кыйладан.

Чакырса ал кийинем,
Шашып чыгам үйүмөн.
Тойгонума сүйүнбөй,
-Же, ичкин- деп үй ээси
Айтканына сүйүнөм.

Салатынын жарымы эт,
Саамал кымыз дары деп.
Ичкениме сүйүнбөй,
Ич, жегин деп үй ээси.
Айтса аламын канимет.

Орундатып талабын,
Ооба, жейбиз тамагын.
Бошотконго сүйүнбөй,
Бизге тарткан табагын.
Үй ээсинин баалаймын,
Жаркылдаган кабагын

Камын ойлоп курсактын,
Конокко мен барбаймын.
- Же, ичкин! - деп Нурзаттын,
Айтканына курсантмын.



## АРЫК КЕЛИН

Амансыңбы арык келин,
Айдай жүзү жарык келин.
- Жүрөктөгү махабатым,
Айтып бүткүс тарых - дедиң.

Болсо сендей аял болсун,
Барсак чайы даяр болсун.
Жүрөктөгү махабаты,
Өлбөс- өчпөс баян болсун.

Болсо сендей айым болсун,
Ден соолугу дайым болсун.
Тоо ичинде сен жашаган,
Ток пейилдүү айыл болсун.

Үстүндө асыл кийим болсун,
Үч этаждуу үйүң болсун.
Керт башыңда арык келин,
Кетпес дөөлөт үйүр болсун.

## БОЛСО ДЕП ТИЛЕЙМ КЫРГЫЗЫМ!

Кичине элден чоң элге,
Жармач элден ток элге.
Эч карызы жок элге,
Айланса деймин Кыргызым.

Дөөлөтү тоодой зор элге,
Колунда мүлкү мол элге.
Уул-кызы шок элге,
Теңелсе деймин Кыргызым.

Керемет болуп тоосу элге,
Калаасы өтө кооз элге.

Алтын сөз чачкан оозу элге,
Айланса деймин Кыргызым.

Ар бир кызы ай элге,
Ар идиши май элге.
Аябаган бай элге,
Теңелсе деймин Кыргызым.

Жашоого өтө чебер эл,
Тоскоолдун жүзүн жеңер эл.
Көп элге жардам берер эл,
Болсо деп тилейм Кыргызым.

Уул-кызы ишке кумар эл,
Пайдалуу сөздү угар эл.
Улуу иштин учун улар эл,
Болсо деп тилейм Кыргызым.

Орой эмес сылык эл,
Ойлогон оюу тунук эл.
Опол тоодой улук эл,
Болсо деп тилейм Кыргызым.

Болбостон колу кур элден,
Болсо экен деп нур элден.
Болсо экен деп улуу элдин,
Тилегим ушул Кыргызга.

Болбостон ичи чуу элден,
Болбостон бейбаш чыр элден.
Болсо деп ишке тың элден,
Тилегим ушул Кыргызга.

Миң кызы сулуу, миң кызы эр,
Көп элге болуп жылдыз эл.
Болочогу кең болуп,
Болсо деп тилейм Кыргыз эл!



## ОО, КЫРГЫЗЫМ

Уулуң менен
Улуу элге теңсиң,
Кызың менен
Кыйла элге теңсиң,
Байыркы элсиң
Байлыгым сенсиң,
Оо, Кыргызым!

Күлкүң арбып,
Күчүңө келсин.
Конокко кымыз
Ичире берсин.
Кичине элсиң
Кубанычым сенсиң,
Оо, Кыргызым!

Эзелден эрсиң,
Эмнеден кемсиң?!
Аз сандуу элсиң,
Ардагым сенсиң,
Оо, Кыргызым!

Ийгерсек ишти,
Ийгилик келсин.
Өркөнүң өсүп,
Өнүгө берсин.
Өнөрлүү элсиң,
Өбөгүм сенсиң,
Оо, Кыргызым!

## МЕРСЕДЕС

Балдарың минип Мерседес,
Бишкектен үйгө келсе тез.

Ата-эне чексиз кубанар,
Амандык арзан нерсе эмес.

Амандык - байлык табылгыс,
Ак үйүң болду таанылгыс.
Каралдың минип Мерседес,
Кырсыкка болсун кабылгыс.

Бакыттан качан калтаарып,
Баланы андай алкадык.
Мерседес менен жекжааттын,
Үйүнө койсо алып барып.

Жалгыз уй, жалгыз бээ болуп,
Жашадык жарды, жөө болуп.
А балдар минсин Мерседес,
Байлыкка чексиз ээ болуп.

**ҮЧ НЕРСЕ**

Алыска ысмы угулган,
Ак кызмат этип жулунган.
Атадан артык туулган,
Кем болбо кыргыз уулдан.

Кийгени бир баа куулган,
Энеден артык туулган.
Керилген Жаңыл Мырзадай,
Кем болсо кыргыз сулуудан.

Алдында жолдон буулган,
Айланып өтүп бурулган.
Кем болсо кыргыз күлүктөн,
Байге алып даңкы угулган.

Кыргызда ушул үч нерсе,
Көп болуп убай күч берсе.



Таалайды көздөй бараткан
Даңгырар жолу ичкерсе.

**УЛУТУМ
МЕНИН ӨЗӨГҮМ**

Ойлоном дайым жатарда,
Ойлоном ак таң атарда.
Улутум менин турса деп
Улуу элдер турган катарда.

Улутум менин өзөгүм,
Улутум - кыргыз өз элим.
Убайды берсин бейиштей,
Ата журт ар бир өзөнүн.

Улутум менин өзөгүм,
Улутум кыргыз өз элим.
Колуңа алдың эркиндик,
Көкөлөп учар кезегиң.

Улутум узак тарыхың,
Улутум өчпөс жарыгым.
Улутту сүйүп жашыман,
Урматтап аны карыдым.

Тунугу болуп тунуктун,
Тың уулу биздин улуттун.
Улуу ишти бүтүп дайым кел,
Үстүнөн учуп булуттун.

**ЭЛИМДИ ЫЙЫК
СЕЗЕМИН**

Элимди ыйык сеземин,
Эл өссө мен да өсөмүн.

Сары алтын эле деп айтат,
Салмактап элим көзөмүн.

Мен жеймин эмне жесе элим,
Макулмун эмне десе элим.
Мен дагы бардар адаммын,
Байыса эгер тез элим.

Адилет болсо заманым,
Аткарар элдин талабын.
Жүрсө эгер элдин арааны,
Менин да жүрөр арааным.

Ишеним жиби үзүлсө,
Жоокерлер катар тизилсе.
Эл менен көргөн той дешет,
Эң кыйын кырдаал түзүлсө.

**МАНАСТАЙ УЛУУ РУХТУ**

Уулуна күлүк тандаптыр,
Учкул кеп угуп канбаптыр.
Манасты айтып Манасчы,
Толкутуп төрт күн арбаптыр.
Бирок, саймалаган кооз калаа,
Мураска бизге калбаптыр.

Аябай ойлоп өлчөмүн,
Айланта курбай бек чебин.
Таң атканча ыр угуп,
Таркады эми деп черим.
Татканбы кыргыз деп ойлойм,
Таап алып ырдын мээр чөбүн.

Аралап конуп булутту,
Жеп алар кычкыл курутту.



Жалаң ырдан кыргыздар,
Жаралып калган улутпу?
Мураска бизге калтырган,
"Манастай" улуу рухту.

**ТАҢ КАЛАМ**

Дайраны бойлоп жүрөт ал,
Даректүү өмүр сүрөт ал.
"Күкүк" - деп мүмкүн күнүнө,
Кайталайт беш жүз ирет ал.

Өзгө куш менен сый турган,
Өз атын өзү кыйкырган.
Акын куш Күкүк таң калам,
Алкоого кантип туйтунган.

Акын куш калып жатака,
Жолобой сайрап чатака.
Таң калам, жалгыз ыры үчүн,
Жетти экен кантип атакка.

**ЭХ КЫМЫЗДУУ ҮЙ,
КЫЗДУУ ҮЙ**

Сабасынын түбүнө
Салат мейиз күнүгө,
Кымыз ичип кеткендин,
Жакпай жалаң бирине,
Жагат экен миңине
Кызыл көйнөк кызы окшойт,
Курдун кызыл гүлүнө.
Эх, кымыздуу үй , кыздуу үй!

Үйү конбой эңишке,
Үйү конот өрүшкө

Балдар кумар ээсиңе,
Барып салам беришке.
Кызы анткени периште.
Кымызына шылтоолоп,
Келет ар ким көрүшкө.
Эх, кымыздуу үй, кыздуу үй!

Тилеп жакшы тилекти.
Таалайга үйү түнөкпү?
Ичсең суусун кандырган,
Кымызы анын мүрөкпү?
Кызы кудум чүрөкпү?
Такыр чыкпайт оюңан,
Тызылдатып жүрөктү.
Эх, кымыздуу үй, кыздуу үй!

Кыргыз салтын туткан үй,
Жүргүнчү кымыз туткан үй,
Келбесе конок буккан үй.
Көзү соккон меймандап,
Келсе конок кутман үй.
Татынакай кызынын,
Дайынын бозой уккан үй.
Эх, кымыздуу үй, кыздуу үй!

Жоргосу бар салдырган,
Кушу бар кыргоол алдырган.
Куюп берген кымызы,
Суусунуңду кандырган.
Кызы бар жүзү албырган,
Көрүп турган бозойдун,
Көңүл отун жандырган.
Эх, кымыздуу үй, кыздуу үй!



**ТАТЫНАКАЙ ЫРЧЫ КЫЗ**

Көз алдыңа турчу кыз,
Көңүлүңдү бурчу кыз.
Таң калтырат обонун.
Татынакай ырчы кыз.

Керемет болуп туюлат,
Коюлса каның суюлат.
Кулактан өтүп обонуң,
Жүрөккө түптүз куюлат.

Жаркылдап ачык маңдайың,
Жарашат киймиң ар дайым.
Алтындан бүтүп калганбы,
Ырчы кыз сенин таңдайың.

Айылдык элдер күткөнбү?
Концертиңе бүт келди.
Көмөкөйүң ырчы кыз,
Күмүштөн жалаң бүткөнбү.

Көз алдында турчу кыз,
Көңүлүңдү бурчу кыз.
Таң калдырат обонуң,
Татынакай ырчы кыз.

**КАРКЫРАЛАР, КАРКЫРАЛАР**

Асманда учуп калкып алар,
Алып тоонун алпын алар.
Издеп барат бейкут жакты,
Издебестен алтын алар.
Каркыралар, каркыралар.

Жасап сапар жүрүштү алар,
Жашоо баркын билишти алар.
Дегдеп барат сүйгөн жакты,
Дегдебестен күмүш алар.
Каркыралар, каркыралар.

Улантышып сапар жолун,
Бир-биринин ээрчип соңун.
Бара жатат түштүк жакка
Ынтымактын ырдап хорун,
Каркыралар, каркыралар.

Түндүк жактан кабар берип,
Түштүк жакка салам берип,
Жүрө бергин асман менен,
Аман барып , аман келип,
Каркыралар, каркыралар!

## ОРУНДУУ ИШТЕП КЫРГЫЗЫМ

Ата-журт түштүк түндүгүн,
Ар дайым сактап бирдигиң.
Таанылта турган кез ушул ,
Таланттуу кыргыз кимдигин.

Олтуруп да, туруп да,
Ойлонуп муну унутпа.
Толсо деп күчкө кыргызым,
Дос болуп түркүн улутка!

Досторду сыйлап тосолу,
Толкундап обон созолу.
Орундуу иштеп кыргызым,
Озолу, алга, озолу.



Аймактын болбой мас айыл,
Арактын болуп кас айыл.
Ар иштин кыргыз көзүн таап,
Абзелди күндө жасайлы.

Жалкоолуктан арылып,
Жумшалуу күчтү барылык.
Дүңгүрөп турсун атагы
Дүйнөгө кыргыз таанылып.

## АЙЛАНАЙЫН ЭЛ КЫРГЫЗ!

Болот деги ар кыргыз.
Бири тили бал кыргыз,
Бири тили заар кыргыз,
Бали азамат байыркы,
Барсбектей хан кыргыз!

Болот деги ар кыргыз.
Бири ичи тар кыргыз,
Бири иштеп талаада,
Үстү-башы чаң кыргыз.
Уурдап ичпей аракты,
Уу ичсечи чал кыргыз!

Араңда бар эл кыргыз:
Бири азамат эр кыргыз,
Бири көпкө тең кыргыз
Кылчактабай артыңа
Кыйындыкты жең кыргыз.

Араңда бар эл кыргыз:
Бири пейли көл кыргыз ,
Бири өпкөсү жел кыргыз,
Бири өзгөгө жем кыргыз

Бири бизди кейиткен
Көкүрөгү көр кыргыз!

Айланайын эл кыргыз,
Бир-бирине бел кыргыз,
Бүтпөй турса зарыл иш,
Бүтүрөлү кел кыргыз.

Айланайын эл кыргыз,
Айтканыма көн кыргыз.
Алдым-жуттум немени,
Аңга түртүп көн кыргыз.
Борсуп кеткен салттарга,
Боло көргүн сел кыргыз.

**ТАШ ТАРЫХ**

Аюуну көрсө алышкан,
Ар шумкар таптап салышкан,
А балким биздин кыргыздар,
Тамганы ойлоп табышкан.

Тартуусун доско беришкен,
Торпокту жерден эңишкен.
Таланттуу биздин кыргыздар,
Тарыхын ташка чегишкен.

Жоокердик заман курушкан,
Жилиги аздап сыныктан.
Тоолонуп дайым кыргыздар
Тамгасын жазбай унуткан.

Тынымсыз душман качырган,
Туурүгү кушта ачылган?
Тууган эл биздин кыргыздар
Туш-тушка кумдай чачылган.



Айыкты жарат ириңдеген,
Чогулду кыргыз бириңдеген,
Жазылды "Манас" баракка,
Жаштары илим-билим деген.

Кыйналган элим таланттуу,
Куялы мокоп канаттуу.
Антпесе кыргыз эл болмок,
Албасаң эле сабаттуу.

Урунбай миздүү жаракка,
Улуу элге түздү алака,
Ташка эмес биздин кыргыздар
Тамгасын жазды баракка.

Өчпөптүр күнгө какталып,
Калбаптыр жерге тапталып.
Тууган эл биздин таш тарых,
Тамгада турат сакталып.

**ТОКОЙ ЖОЛБОРСУ**

Алардан калган элестер,
Алардан калган керээздер,
Табылат ачып окусаң
Тарыхта кыргыз эң эски эл.

Жедирсе пилдей өгүзүн,
Жедирсе түлкү семизин,
Ак улак кыргыз жолборс чаап,
Алчу экен айрып терисин.

Чындык сөз жашайт элимде,
Чыгарбас эч ким төгүнгө.
Жолборстун сууруп жүрөгүн,
Беришкен талгак келинге.

Жүрөктү келин сугунган
Жүрөгү элге угулган,
Жараган элдин ишине,
Жолборстой уул туулган.

Калп эмес бул сөз аныкта,
Кармашып жашап жүрөктө,
Кыргыздар- токой жолборсу
Болгон деп жүрөт тарыхта.

**КОЛДООЧУ ЖОЛБОРС ЖӨНҮНДӨ**

Көп болом көлдүн жээгинде,
Көп жүрөм Нарын, Кеминде.
Карылар айтат, баатырды,
Колдоочу жолборс жөнүндө.

Кудам бар тоолуу Алайда,
Кой багат экен сарайда.
Курманжан Датка жолборсун,
Кобурайт барсам далайга.

Колдоочу жолборс колдогон,
Баатырлар өткөн ондогон.
Өнөкөт кылып достукту,
Өтүнтпөй ишин оңдогон.

Жөнөкөй элге көрүнбөй,
Баатырдан такыр бөлүнбөй,
Жүрчү экен жолборс көмүскө,
Жардамын берип эринбей.

Жараткан берген белек дейт,
Жансакчу мага керек дейт?
Бир көрсө ошол жолборсту,
Көзү ачык гана көрөт дейт.





Чыныдан кымыз жутуп ал,
Чындык - деп коёт утур ал.
Мен ойлойм ага үн катпай:
- Кыялы элдик нукура ал?

**БОЗ ҮЙ**

Айланам кыргыз атындан,
Ак өргөө бүткөн акылдан,
Ак- тойдо анын ичине,
Алынча конок батырган,
Абалкы үй деп кай бирлер,
Жээришип ага какырган.

Кузүгүп карайм дитимден,
Күз келин жүрөт күтүнгөн.
Кыргыздыр ушул боз үйдүн
Кылдаттык менен бүтүргөн.
Эзелки үй деп бир кезде,
Эссиздер ага түкүргөн.

Боз үйдүн дароо бүгүшүп,
Боз үйүн дароо тигишип
Байыртан биздин кыргыздар
Жашаган экен бой тутуп.
Ыймансыз кээ бир акындар,
Ыр жазган ага күлүшүп.

Сурай бер билген кишиден,
Суктандың ага түшүнөм.
Угулат күүсү кыялдын,
Уздардын изги ишинен,
Кезигет бизге керемет
Боз үйдүн түзүлүшүнөн.

Апай бет , кашка суу болуп,
Ак өргө аппак куу болуп,
Торуктун эти салынган,
Боркулдайт казан буу болуп,
Түндүгүм эркин заманда,
Турбайбы бизге туу болуп.

## БАРЫЛЫК АДАМ ЭР ЭМЕС

Барылык өзөн кең эмес
Баруулук адам эр эмес
Бир тобу келет аяштын
Бүт да сага тең эмес.

Ысык-Көл Чатыр-Көл эмес
Ыңырчак деген ээр эмес.
Бешенең Чолпон жылдыздай,
Периштеден кем эмес.

Бөрү изи, түлкү изи эмес
Жаз айы бизге кур эмес
Тойпондойт, бирок ошонун
Пейли сага түз эмес

Беш салаа колдо тең эмес
Башташтын тоосу даң эмес
Орундуу айткан сөзүңдөн
Ойт берип кетчү мен эмес.

## КАЛБАЙЛЫ КИЙИН ӨКҮТТӨ

Жигиттин жары багы дейт,
Соолбосун гүлдөй чагы дейт.
Жоголсо бычак элибиз:
- Алтындан болчу сабы - дейт.



Сен дагы мени жоготпой,
Мен дагы сени жоготпой.
Жашайлы бирге ортого,
Бузуку сөздү жолотпой.

Сен мени койбой кечирип,
Мен сени койбой кечирип.
Оолактап кетсек жаман да,
Очоктун отун өчүрүп.

Сен өзүңдү жемелеп,
Мен өзүмдү жемелеп,
Калбайлы кийин өкүттө,
Ал болчу алтын неме деп!

## ЖАМГЫРДАН КИЙИН

Өткөндү дайым эске алып,
Өнөрпөс элбиз тоо сүйгөн.
Жамгырдан кийин көз салып,
Чыгабыз сыртка боз үйдөн.

Күн желесин биз көрүп,
Карачы дедик сүйүнүп.
Сары, көк, кызгылт -түз берип,
Жаадай турат ийилип.

Тик асканын бооруна,
Токтоду ичке ак булут.
Табийгат алып колуна
Таккансып ага ак мурут.

Жайлоонун салкын желине,
Турууну көңүл жактырды,
Курчанып алды белине
Булуттан чоку ак курду.

Алдасты азыр жат ага,
Асманда топ-топ ак булут.
Көгүлтүр шайы матага,
Койгонсуп жайып ак курут.

Баараны айткан көзүнө,
Булуттан аска бөрк кийип.
Алганбы эмне өзүнө,
Ала-Тоо жалаң көрктү үйүп.

## АСКАНЫН КҮЗГҮСҮ

Ашуудай жакта кайкалап,
Асканын турат миздүүсү.
Алдында көк көл чайпалат
Ал окшоп анын күзгүсү.

Нечендүү баштан өткөргөн,
Нымтырайт айтпай жөн-жайын,
Турууда аска көк көлдөн,
Тулкусун карап ар дайым.

Көтөрүп кымыз тасмалын,
Жээгине кээде эл келет.
Жел жүрсө ошол асканын
Тулкусу көлдө термелет.

Асманда азыр күн күлөт,
Күзгүсү көк көл жаркырап.
Күү чалат аска күңгүрөп,
Соксо эгер бороон аркырап.



## ТОБУРЧАК

Төрдөгү малдар ток болду,
Төбөгө булут топтолду.
Секиге түшүп тобурчак
Секирип бийлеп топ болду.

Жайкалып турса тешилип
Жалбырак үчүн ок болду.
Ачуусу тарап булуттун
Аны ээрчип өткүн токтолду.
Күмүштөй аппак тобурчак.
Күн тийсе эрип жок болду.

## ТАШ КОРДО

Чокунун ушул күлкүлү,
Чөлкөмдүн ыйык мүлкүбү.
Ар жайда түркүн гүл өсүп,
Атырын себет күн-түнү.

Кандырып көздүн моокумун,
Кийиктин көрдүк отузун,
Кыялай басып баратып,
Кыргыздын күлкүл чокусун.

Түгөнсө жетет аш жолго,
Айла жок экен маш колго,
Кийиктин боорун бышырды,
Мергенчи жасап таш кордо.

Мүйүзү кулач калдайган,
Текени сойдук дардайган.
Сиз жеген боордун бир топко,
Кеткен жок даамы таңдайдан.

## ЧАКЫРЫП ЖАҢЫ МАКСАТТАР

Айдоочу айда тезирээк,
Автоунааң күлүк сезилет.
Бир ашуу ашсак дагы бир,
Алдыңдан ашуу кезигет.

Адамдар алга оолугат,
Автоунааң кантип соругат.
Эки ашуу ашсак үчүнчү,
Дагы бир ашуу жолугат.

Ашуулуу тоолор түк өлбөйт,
Аймагым гүлдүү килем дейт.
Ашуулар окшоп адамдын,
Максаты дагы түгөнбөйт.

Ашуулуу тоону аралап,
Ак куштай канат сабалап.
Бир максатка жетсек биз,
Дагы бир максат жаралат.

Ашуулуу төрдө баксак мал,
Айылыбыз жакшы жан сактаар.
Чарчатпайт дайым адамды,
Чакырып жаңы максаттар.

## СҮЙҮҮНҮ БИЗ САКТАСАК

Биз сүйүүнү сактасак,
Биз  сүйүүнү барктасак.
Тартуулайт сүйүү сөзү жок,
Турмушту бизге таптаза ак.



Сыйлайлы биз сүйүүнү,
Сүйүү - сезим бийиги.
Сүйүүнү биз сактасак,
Сүйүү сактайт үйүнү.

Жакындатып эки элди,
Жаман көрөт бекерди.
Сүйүүнү биз сактасак,
Сүйүү сактайт мекенди.

Сүйүү сактайт адамды,
Сүйүү сактайт ааламды.
Ак сүйүүнүн булагы,
Ардактайлы заманды.

## ТАЗА АЙЫМ ЖӨНҮНДӨ БАЛЛАДА

Тамгасы даана басылып,
Тарыхта турат жазылып.
Уу заман өткөн бир кезде,
Уруга уруу асылып.

Келген го намыс -арына,
Кыйкырып: Жүр! - деп баарына.
Жоо менен жоокер беттешсе,
Тийиптир бир ок санына.

Жарадар жери таңылып,
Жатыптыр үйдө багылып.
Жоокердин жоон санынан,
Ок түшпой түтөп каңырык.

Кыдырып ар бир айылды,
- Берем, - деп кою, тайымды.
Жоокердин кары атасы,
Таалтыр таза айымды.

Абийири өтө таптаза,
Айымды болот мактаса.
Ок түшкөн экен топ этип,
Жоокердин санын аттаса.

Таза айым ишке жараптыр,
Таң калып ар ким караптыр.
Далай-далай айылга,
Макталып ысымы тараптыр.

Таза айым басчы керилип,
Өз эрин сүйчү берилип.
Согончокко тийчү экен,
Узун чачы өрүлүп.

Асылды бир бий алам деп,
Тийбесе бүлүк салам деп.
Төрөсү болор кыргыздын,
Төрөлсө андан балам деп.

Бий менен түзөт алака,
Табити чаппай тамакка.
Таза айым таза кетем деп,
Асылып өлдү даракка.

## КАРЫШКЫР ИЧИК ЖАПКАН АЛ

Күндо той, күндө майрамдап,
Колхоздун ишин айрандап.
Тоталитардык заманда,
Башкарма жүрдү тайраңдап.

Чоңдорго өтө жаккан ал,
Чоңдорду дайым баккан ал.
Катчыбызга биринчи,
Карышкырдан ичик жапкан ал.



Тор атын тойдо чапкан ал,
Тоолордон кийик аткан ал.
Сулуусуна чоңдордун,
Суусардан ичик жапкан ал.

Кызыкка дайым баткан ал,
Колхоздон олжо тапкан ал.
Өзүнүн малы сыяктуу,
Ортолук малды саткан ал.

## МАЛЧЫНЫН УУЛУ

Мал айдап өсүп, ат тушап,
Малчынын уулу бат бышат.
Жүгүрүп дайым шиберде,
Жыңайлак буту ак бышак.

Буркурайт, жатсаң кээ бир чөп,
Малчынын уулу көңүлчөөк.
Чаначын чайкап оозунан,
Чаңкасаң жут!- дейт көбүрчөк.

Ойногон аттын жалында,
Малчынын уулу жанымда.
Тамашага чаптырып,
Оодара тартат таарынба.

Аттай элек бала куракты,
Ардактап биздей ынакты.
Көк бөрү тартып күүгүмдө,
Таштады үйгө улакты.

## ЖАШЫЛ АЙЛАР

Кыштан жадап эл күткөн,
Малдар тууп төл күткөн.

Май - биринчи жашыл ай,
Көңүлүңдү эргиткен.

Май айында тоо жашыл,
Талаа жашыл, ой жашыл.
Суусамырга ашуудан,
Жылкы, уйларды, койду ашыр.

Бээлер белге toktodu,
Жашыл чөптү оттоду.
Жаш кулундар тагынып,
Жаңы өрүлгөн ноктону.

Май айында перизат,
Берсе сүтүн бээни саап.
Кесел адам айыгып,
Болот экен дени сак.

**ЖАШЫЛ ИЮНЬ**

Токтолуп булут жыйылды,
Төбөдөн нөшөр куюлду.
Жактырбайт кимдер жамгырлуу,
Жапжашыл ирең июнду.

Топтолгон булут суюлду,
Төгүлгөн нөшөр тыйылды.
Кубанып сайрап булбулдар,
Кулакка үнү куюлду.

Ардактайм жашыл июнду,
Атырың жайлоо куюлду.
Секинин жашыл конушу,
Семиртти жылкы, уюмду.

Бүтүрбөй неге июнду,
Булбулдун үнү тыйылды.
Биринчи чөптүн чабыгы,
Буркурап көпкөк жыйылды.



**ЖАШЫЛ ИЮЛЬ**

Ыракат берип өмүргө,
Июль айы жагат көңүлгө.
Ийгилик салам айтууда,
Ишке ашып биздин демилге.

Айланайын июль ай,
Аябай берип уюу май.
Ак көңүл аруу жеңенин,
Айраны калбайт уюбай.

Башка айдай бул ай бачым ай,
Жадырап көңүл ачык ай.
Кара көз кылдат жеңенин,
Кымызы калбайт ачыбай.

Жумушта бизге кут кабыл,
Жүгөрү, буудай сүт камыр.
Тууган эл тынбайт июлда,
Тилеги болсун бүт кабыл.

**АШУУНУ АШТЫК ИЮЛДА**

Он бешинчи июлда,
Ашууну аштык быйыл да.
Жайнаган гүлгө жайноочу,
Жайыптыр коюн, уюн да.
Өсүптүр калың тулаңы,
Өтмөктүн бели гүлаалы.
Айдоочу, автоунааңды,
Токтотчу бир аз туралы.

Ашууну ээлеп бел сайын,
Жалгыз үй конот жыл сайын.
Келини айтат эрине,
Кулунду салчы бээ саайын.

Желенин түбү көбүргөн,
Жээрде айгыр толуп семирген.
Жылтылдайт жүнү бээлердин,
Жал-куйругу төгүлгөн.

Ак гүлдөн көк гүл коозураак,
Адырда маарайт козу-улак.
Ашууда кыска жай мезгил,
Бир айга араң созулат.

Августта ашуу кубарат,
Асмандан булут чубалат.
Көчүрөт үйүн үй ээси,
Малдарын ылдый кубалап.

## БИЗДИН ТООЛОРДУ

Тоолорду тоолор кубалап,
Ташкентке чейин уланат.
Тоо көрсө кыргыз жүрөгү,
Толкундап дайым кубанат.
Жараткан биздин тоолорду,
Жасаган окшойт дубалап.

Төксө да жамгыр чакалап,
Тоолордо биздин махабат.
Ачылат көңүл бастырсак,
Аттарды минип такалап.
Калдайган тигил улуу тоо,
Кашкарга барып такалат.



Кыраанга ар бир зоосу ынак,
Бир тоодон бир тоо коозураак.
Тууган эл аман болсо деп,
Түлөөгө даяр козу-улак.
Опол тоо түштүк тараптан,
Ооганга чейин созулат.

Тоолордон тоого барамын,
Тоо барда ачык кабагым.
Көкөлөп көктү тиреген,
Көрсөтүп залкар караанын.
Казактын кумдуу чөлүнө,
Ала-Тоо айтат саламын.

Жаралбай жалаң мал үчүн,
Жаралган намыс-ар үчүн.
Адырлар менен белеске,
Айтабыз алкыш ал үчүн.
Ак калпак кыргыз бактылуу,
Ала-Тоо деген бар үчүн.

Жаралбай жалаң жел үчүн,
Жаралган кыргыз эш үчүн.
Айтабыз алкыш дайыма,
Атырдай жыттуу чөбү үчүн.
Элибиз өтө милдеттүү,
Эс алткан Ысык-Көлү үчүн.

Арбын мал күтүп кыштагы,
Асманда калкып куштары.
Атагын небак чыгарган,
Арстанбаптай жыш багы.
Кулпуна берсин Ала-Тоо,
Кырсыктан болуп тышкары.

Булуттан үкү тагынып,
Булуттан жууркан жамынып.
Эс алып уктайт Ала-Тоо,
Эртеңки тойго камынып.
Асмандап учуп балдары,
Алыстан келет сагынып.

Аскасы селде чалынып,
Асманга учу малынып.
Агыны күчтүү Нарыны,
Алдастап агат чамынып.
Көк менен учуп кыргыздар,
Көркөмүн келет сагынып.

**ТӨРЛӨР БАР**

Төрлөр бар бийик чокулуу,
Төбөсү аппак топулуу.
Карыга ал окшойт ыймандуу,
Намазы беш маал окулуу.
Ал жакка жөнөйт баатырлар,
Атымды минип токулуу.

Кем эмес жашыл торкодон,
Кенен жол өтөт ортодон.
Улактын этин бышырып,
Ууртайлы жаңы сорподон.
Капыстан чаап байталды,
Кан сорот илбирс колкодон.

Аскасы төрдү арсайган,
Аңкылдайт суурлар ар сайдан.
- Берем!- дейт эртең бай,
Байгеге тогуз мал сайган.
Буурул чач кары убара,
Булакты көрсө тал сайган.



Таркады булут калдайган,
Топ атчан келип маңдайдан.
Өстүрүп ичсек кымызды,
Оозуна татыйт балдай даам.
Булуңдан чыгып күл чачып,
Буулугуп бука дардайган.
«Ой, булбулдун» обонун,
Оштонуп туурайт таңдайдан.

**ШАШАТ, ШАШАТ**

**Айрымдар**
Кыска жашап,
Уста жашап,
Көздөгөн максатына
Тынбай шашат.
Ойлору опол тоодой,
Орундалып жүзөгө ашат.

**Айрымдар**
Чокуларды сүйүп башы ак,
Аскасы
Асмандаган ашуунун ашат,
Кадимки
Калаабызга барат дагы,
Кайдасың?- деп, жашыл кашат,
Кайдасың? - деп, тунук башат,
Кайрадан туулган жерди
Карай шашат.

**Акылман**
Шашат чоң иш түзүү үчүн,
Достукту -
Наадан шашат үзүү үчүн,
Сүзгүчтөр -
Шашат суула сүзүү үчүн.

**Соодагер**
Шашат чексиз баюу үчүн,
Жегичтер
Шашат барктан таюу үчүн.
Ушакчы
Шашат калпты жаюу үчүн,
Канкорлор
Шашат бычак саюу үчүн.

**Бардарлар**
Эс алууга көлгө шашат,
Малдуулар
Малы менен төргө шашат,
Чыгаандар
Жолугууга элге шашат,
Кейитип
Жакындарын, билбейм неге,
Айрымдар
Жанын кыйып көргө шашат.

**Айрымдар**
Жолу татаал ашуу менен,
Керегин
Дайым алек ташуу менен,
Адамдар
Шашуу үчүн жаралганбы,
Өмүрүн
Өткөрүшөт шашуу менен

Шашат дайым
Илимпоз
Жаңылыкты табуу үчүн,
Мээнеткеч
Шашат жумшап алы күчүн,
Кадыр-барк
Жакшы наам алуу үчүн,



Бир гана
Шашпайлы, замандаштар,
Шалдырап
Шашкеде эле каруу үчүн.

**Калкынын**
Орундатып өтүнүчүн,
Кайрадан
Кызматына бекүү үчүн,
Акылга
Чебер адам шашат экен,
Чечелек
Чоң иштерди чечүү үчүн
Бир гана
Шашылбайлы, замандаштар,
Дүйнөдөн
Бөөдө эртэрээк өтүү үчүн.

## БООР ЖӨНҮНДӨ

Баглан козу эгерим,
Болсун келип жегениң.
Куйрук, боорду алдыңа,
Коюп койгон себебим.
Боорлошуп жүрөлү,
Боорубуз кыргыз дегеним.

Боорлошуп жүрөлү,
Эл кадырын билели.
Эл деп өмүр сүрөлү,
Жүдөбөй эле оңолуп.
Жүзөгө ашсын тилеги,
Эр кыргыз - элге бел кыргыз,
Эл деп соккон жүрөгү.

Боорукердин колу ачык,
Боорукердин жолу ачык.

Жардам берет дайыма,
Жетимдерге боору ачык.

Кайтыш болгон атабы?
Генийби чыккан атагы?
Же болбосо ишмерби,
Оңдогон дайым катаны.
- Боорум ой!- деп өкүрүп,
Кыргыздар кылат батаны.

## ӨЛКӨБҮЗ АЗЫР ЭГЕМЕН

Эр адам кылып эрдикти,
Элибиз алган теңдикти.
Кыргыз эл болуп сабаттуу,
Көңүлүн көккө эргитти.

Бирок, биз угуп мазакты,
Билинбей тарттык азапты.
Күнкөрлүк күндөн кутулдук,
Күтүп ал элим азатты.

Эриксең сөзсүз мертиндик,
Эмгексиз болбос көркүң түк.
Гүлдөй бер эми кыргыз эл,
Колуңа тийди эркиндик.

Эч ким жок баскан төбөңөн,
Кутулдук куру жемеден.
Оболо эми кыргыз эл,
Өлкөбүз азыр эгемен.



## ЖЕТПЕГЕН БАР, ЖЕТКЕН БАР

Алкымдан алып карылык,
Ал-күчүң кетсе барылык.
Албан кез түшүп эсиңе,
Аябай түтөйт каңырык.

Эгерде бир чөп табылып,
Ээ болсо күчкө дарылык.
Аны ичсең жаштык кол сунуп,
Жоголор беле карылык.

Түшпөгүн кайгы- санаага,
Мээнетиң калбас талаада.
Жетпеген бар, жеткен бар,
Карылык деген калаага.

Жашай бер жашыл өзөндө,
Жакшы сөз арнап өз элге.
Бактылуу өтсүн карылык,
Багынбай майда кеселге.

## БЫЙЫЛКЫ МАЙ АЙЫ

Айдоодон күндө буу чыкты,
Ар сайдан атып суу чыкты.
Бабырап мактайт май айын,
Бабырган ээлеп уурчукту.

Айланып учат кулалы,
Аймактын баары гүлалы.
Атырын жыттап жайытын,
Аттарды тушап туралы.

Малга көп чөптүн түр - түрү,
Оттоодо билбей үркүүнү.

Коңулдаган башын чыгарып,
Көрдүңбү жаткан түлкүнү.

Көкөмерен жыттанат,
Коктуга көзүм суктанат.
Жаш малчынын адаты,
Жазданып ташты уктамак.

## ООЗУҢА ТАШ, ООЗУҢА МАЙ

Адам бар мага ашына,
Ак калпак кийбей башына.
Ар дайым сүйлөйт орусча,
Кыргызбы, ошол ташына.

Чоң эле дейт такыр көөнөрбөйт,
Чоң элче сүйлөө өнөр дейт.
Кыргыз эл менен кыргыз тил,
Кылымга жетпей өлөр дейт.

- Ойлонуп сүйлө аш-кебим,
Оозуңа сенин таш дедим.
Аны угуп мени колдоду,
Ак калпак жигит, жаш келин.

Ал жигит экен өз анык,
Эрдиги дароо сөз алып.
Пикирин угуп төмөнкү,
Мен калдым бир аз эс алып.

- Берекебиз жок болбойт,
Пейилибиз өчкөн от болбойт.
Тууган эл, эне тилибиз,
Түбөлүк жашап жок болбойт.



Тилибиз көрктүү, ары бай,
Тууган эл бизди арыбай.
Түбөлүк жашай берет дейт,
- Оозуңа дедим - сары май.

## БҮГҮН ЖОК

Чөп бышса кукук үнүң жок,
Күз келсе тоолор гүлүң жок,
Байбичелер жолуксак,
Баягы келип түрүң жок.

Бирисиң биздей адамдын,
Бийлигиң кетсе сүрүң жок.
Кейиштүүсү эң башкы,
Кечээки барлар бүгүн жок.

## ДАГЫ БИР КҮНҮ ӨТКӨНҮН

Тынымсыз күндөр агылып,
Токтобойт тоссок, жалынып.
Анакей калды Күн учу,
Апапак кырга малынып.

Кызарып оттой көктө Күн,
Кырга анын карап чөккөнүн.
Ойлойсуң ширин өмүрдүн,
Дагы бир күнүн өткөнүн.

## ЖЕКЕ ТРАГЕДИЯ

Эне -атасы ээ болгон билимге,
Шаардык үйдүн биринде.
Баланын тили орусча чыкты,
Чыкпай эне тилинде.

Баланын анда жок күнөөсү,
Ал эле ата-эне мүдөөсү.
Орус балдар менен ойноп,
Оруска окшоп калды мүнөзү.

Албетте, акыл-эси болду,
Кыздар арзыган жигиттин өзү болду.
Жогорку окуу жайын бүтүп,
Кызыл дипломдун ээси болду.

Орусчаны орустардан жакшы сүйлөдү,
Обу жок кошаматчыларды сүйбөдү.
Кызмат абалы жылда көтөрүлүп,
Бир чоң, уюмду бийледи.

Бирок, кыргызча башкаралбай жыйынды,
Кыргызча дарс окуй албай ыйынды.
Өзүнүн бул чоң кемчилиги,
Өзүнө трагедиядай туюлду.

## ТОКТОГУЛДУН КОМУЗУ

Бир эмес кайра-кайрадан,
Курчутуп ээсин кайраган.
Токомдун үч кыл комузу,
Сибирде таңшып сайраган.

Айсыз түн өтүп тосмодон,
Кайгысын айтып боздогон.
Токомдун тынбай комузу,
Томсоргон чөлдө боздогон.

Кээ күнү кумга түнөгөн,
Кырсыксыз күндү тилеген.
Алыскы жолдо Токому,
Алга деп комуз сүрөгөн.



Жалданса Током алаңдап,
А жанын ал беле багалмак.
Бир бүркүт учат бийикте,
Бутунда жылан салаңдап.

Күйүттүү Током ырчыдан,
Күүсү анын көңүл бурчудан.
Ыргытты келип алдына,
Жыланды бүркүт чапчыган.

Барбы деп Током сыр анда,
Билдиби карап жыланга.
Канаттуу кыраан жегин деп,
Бергенин адам- кыраанга.

Өңүнөн Током жышылып,
Олтурбай ачка ышынып.
Эрме чөлдө от жагып,
Жыланды жеген бышырып.

Комузсуз жолу болбогон,
Комузсуз иши оордогон.
Кордуктан дайым куткарып,
Комузу аны колдогон.

Комузду куштай таптаган,
Бир казак сат дейт сатпаган.
Комузу аны сактаса,
Комузун Током сактаган.

Таанытып түркүн калк, жерди,
Токомо комуз бак берди.
Аны ал элге алып келсе,
Ал аны элге алып келди.

## КАЛЫҢ МАС

Тар көчө толо мастарга,
Түкүрөт тойдо дасмалга.
Кең көчө толо мастарга,
Кебинди албайт кастарга.

Оң жактан маска кезигем,
Сол жактан маска кезигем.
Сөөдүрөп соого асылып,
Сөккөнү чыкпайт эсиңен.

Жок болсо дагы убактым,
Жанынан тунук булактын,
Жолугуп бир мас жибербей,
Кужурун алды кулактын.

Мен андан чыксам кутулуп,
Жол тосот бир мас кутуруп,
Өбөм деп мени кучактап,
Оозунан сасык жыт уруп.

Туура сөз айтсам таарынбас,
Тургум жок анын жанында аз,
Эх, чиркин качан суйолат,
Элестеги калың мас.

## БЕШ БӨРҮНҮН АМАЛЫ

Белеске келип токтошуп,
Беш бөрү карайт бешимде.
Бир топ бээ жүрөт оттошуп,
Булактын типтик төшүндө.

Көөдөй түн тыптынч агылга,
Кайкыны алар жай кылган.



Беш бөрү жөнөйт чабуулга.
Жарк этип чыкса Ай кырдан.

Шек санап бар го билгени,
Сарайдан үрдү ит көпкө
Үйүрдөн бөлүп бир бээни,
Беш бөрү кууду тик бетке.

Кетти аман ылдый бээ түшүп,
Тик тескейден төштөгү.
Куласа ага жетишип,
Курсагын жармап беш бөрү.

Жылдырбастан карышка,
Беш бөрү бээни сайдагы.
Тыгылса аны жарышка,
Күрткүнү көздөй айдады.

Ажалдуу ишти туйду да,
Бээ коркуп алга учат бат.
Барылык күчүн жыйды да,
Күрткүдөн өттү үч аттап.

Беш бөрү чыгып беш жактан
Билебиз алар сугалак,
Айдашып бээни төш жактан,
Такады музга кубалап.

Баратат күшкү таң атып,
Күзгүдөй көк муз жалтырап,
Бээ өтүп андан баратып,
Жыгылды тайып калтырап.

Муз жакын болчу булакка,
Дегенде эми жеш керек.
-Тарс! Этти мынтык кулакка,
Беш бөрү качты беш бөлөк.

Ээси аны дароо тургузуп,
Аманын көрүп сүйүндү.
Айдаса бир аз жылкысын,
Бээ чуркайт издеп үйүрдү.

## КАМЧЫСЫН ЖУЛГАН БӨРҮНҮ

Илгенсип зергер кайкы ийип,
Иңирде чыкты Ай тийип.
Кубалайт качкан бөрүнү,
Куйругун аттын бай түйүп.
Теребел кечки сүрөттөй,
Тарткансып Гапар Айтиев.

Сур аттын көрчү өктөмүн,
Заматта нууп жеткенин.
Эңкейип аны чабарда,
Этектен албай чепкенин.
Камчысын жулган бөрүнү,
Биз уктук байдын сөккөнүн.

## ФЕВРАЛДА БӨРҮЛӨР

Тор бээсин жеди аңчынын,
Тор атын жеди малчынын.
Февралда бөрүнүн
Дөбөтү жыттайт канчыгын.

Ойлонуп түрлүү айланы,
Өтүшөт кечип дайраны.
Февраль айы элетте,
Бөрүлөрдүн майрамы!

Мынтык жок үйдө дүрмөттүү,
Малыбыз үйдө илдеттүү.



Утуру дөбөт канчыкка,
Учаны же!-деп милдеттүү.

Оттобой малдар баймарал,
Оор ай жылда февраль.
Бөрүлөр күндүз эс алып,
Бир түндө бир мал жейт алар.

Аң-дөңдүү келет элет жер,
Атыбыз минсек төгөт жер.
Бээлерди чабат тай турмак,
Бууруккан бөрү, дөбөттөр.

Тумшугу жүрөт кан болуп,
Тооруганы мал болуп.
Жээлигет канчык, дөбөттөр,
Жегени казы, жал болуп.

Бириндеп улам бөрүлөр
Канчыктан дөбөт бөлүнөр.
Табылып малды жегени,
Тынч уктап калар фермер.

## УЗУН САРЫ

Көк таткан койдун алы жок,
Короодо семиз малы жок.
Кысталак "Узун сарыда"
Кыйналат коңшум камы жок.

Жарытып бербей ую май,
Айраны арбын уюбай,
Он күнү он ай туюлган,
"Узун сары" ай кыйын ай.

Суратпай салчы эртерээк,
Сүрсүгөн этти жейт элек.

Апрель айын эзелден,
"Узун сары"дейт элет.

Абалтан биздин айылда,
"Узун сары" айында
Берем деп сактайт апалар,
Сүрсүгөн этин, майын да.

Жылкыга минип күлүктү,
Салбасын бөрү бүлүктү,
Дейт дагы "Узун сарыда"
Бүйрө адам соёт ирикти.

**БЭЭ СҮТҮ**

Биз жашаган өзөндө,
Бар го мындай сөз элде:
-Ынак сүтү бээнин
Дары деп бүт кезелге.

Боор ооруну басалат,
Бүт денеңди тазалап,
Бээнин сүтүн ичүүгө,
Келет не бир азамат.

Суусамырга жайында,
Келип турат дайымга.
Бээнин сүтү дары экен,
Каны азайган айымга.

Келе бергин жээним,
Кейибесин зээниң.
Сакайып кет сыркоодон
Сүтүн ичип бээнин.

Сыйлап угуп дос кебин,
Салып ага бостегин.



Сакайың деп кошунам
Сүтүн берет боз бээнин.

Ысыгында жаканын,
Жүргөнүнө капамын.
Сакайса экен сүт жагып
Сыркоосу да апамын.

**АК МӨҢГҮ**

Бир мөңгү окшойт ак була,
Бир мөңгү окшош ак ккуга.
Ак мөңгүлөр бар үчүн,
Айланган элибиз бактууга.

Бир мөңгү окшоп ак байрак,
Бир мөңгү окшойт ак каймак,
Ак мөңгү эгер болбосо,
Башыңан элим бак таймак.

Күч алып аппак байрактан,
Күпүлдөйт Нарын дайра аккан.
Жыргаткан ошол элимди,
Жылдызды жагып жайнаткан.

Чама алып аппак байрактан,
Чамынып Талас дайра аккан.
Ойлосоң ошол эмеспи,
Оймо нан элге чайнаткан.

Ак чоку болуп ак каймак,
Акшагын берип ат байлап.
Аязда соёт согумун,
Абышка айтпай: Датбайрат!

Ак чоку аппак байрактуу,
Алыстан көркү айбаттуу,

Ак калпак кыргыз элибиз,
Ар ишиң болсун майнаптуу!

Ак байрак үндөп ири ишке,
Күн тийсе окшойт күмүшкө.
Кыргыз эл биздин ынтызар,
Кызыктуу өмүр сүрүшкө.

**ДЫЙКАНДАРЫ ЭЛЕТТИН!**

Керек күндүз , керек түн,
Ээсиңер мээнеттин.
Сиздерге алкыш ар дайым,
Дыйкандары элеттин!

Эмне кылам жашырып,
Эмгекке өтө машыгып.
Төө бурчакты алган көп,
Жүз тоннадан ашырып.

Дыйкандар күч үрөшүп,
Түшүм үчүн күрөшүп.
Келбейт үйгө сугатта
Тук которуп түнөшүп.

Айтпайт оозун көптүрүп,
Эки жеңин бек түрүп.
Картошканы алган көп,
Жүз тоннага жеткирип.

Түшүм сатып күзүндө,
Дөөлөтү ойнойт жүзүндө
Ар үйү алып Мерседес,
Айланууда мисирге.



**КАРАКИЛЕҢ**

Күн тосуп булут куш канат,
Куттуктайт жазды жыш дарак.
Кар эрип каракилеңде,
Нымтырайт жел жок туш тарап.

Чөбүңө болбо илээнди,
Чарбачыл сүйөт үнөмдү.
Карылар:-Күн жаайт-деп айтты,
Карашып каракилеңди.

Каракилең кыр колот,
Карынын сөзү чын болот,
Созулбай бүгүн, же эртең,
Сары кар түшүп ным болот.

Каракилең ой, колот,
Кара булут ойдолоп.
Кар түшүп кайра эрисе,
Көк чыгып малга той болот.

Ак бороон келди айдап кар,
Аны эңсеп турган аймактар,
Кар эрип каракилеңде,
Көк чыкса оттор жайнап мал.

Жайыттар жашыл ирeңде,
Жарашат окшоп килемге!
Жаз айын кылган жанга ынак,
Ырахмат каракилеңге.

**САРЫ КАР**

Утуру жааса сары кар,
Урматтап аны кабыл ал.

Урукту сепсең чыгарып,
Укмуштай абзел жагы бар.

Сары кар сары май болот,
Жазгы жер нымга бай болот.
Жалбыздын жыты буркурап,
Жайкалган чөптүү жай болот.

Сары кар элдин зарылы,
Из эрип жааса калыңы.
Чөлкөмдү чолпон кылуучу,
Чөптөрдүн жумшайт тамыры.

Сары кар өтө пайдалуу,
Күздүктөр үчүн айдалуу.
Ак наның, жемиң, мал болуп,
Согумуң турар байлануу.

## НООРУЗ ГҮЛ!

Ала шалбырт убакта,
Чөптөн мурун чыгат да,
Кеп эмес Нооруз гүлдөргө,
Сары кар да, бубак да.

Сары кар сапырылганда,
Ак бороон атырылганда.
Баш катпай Нооруз гүлдөрү,
Бажыраят кырларга!

Залалды көрбөй бороондон,
Сары кара оронгон,
Нооруз гүл - байчечекейлер,
Күн чыкса күлүп оңолгон.



Байчечекей кутман гүл,
Бизден алкыш уккан гүл,
Ал Ноорузду куттуктап,
Ала жазда чыккан гүл.

## ЭЛЕТТЕГИ ЖАЗ

Айылыбыз тоонун артында
Ак сарай турат ал кумда.
Кыйнады быйыл малчыны,
Кыш кетпей жаздын мартында.

Муз кетип шыдыр дайра агат,
Муздак жел бетти аймалап.
Сары суу, чыла баткакка.
Сары кар эрип айланат.

Чөбү азы чырмап ызалык,
Чыгат күн чыгыш кызарып.
Чогунан алып темирин
Чапкансып уста узанып.

Сары кар эрип түгөнөт,
Кайрадан асман түнөрөт.
Каналга түшүп тубалбай
Көтөрөм уйдун бири өлөт.

Булутту булут кубалап,
Бир учу жерге чубалат.
Сарайды уйлар айланып,
Самандан сал деп суранат.

Бөрүлөр деген көк чунак,
Бөксөдөн түшөт көп чубап,
Аңдышат жазда айылды
Алалек өчү барчылап.

8-714

Жаңырган бул ай март эле,
Жаз деген анын аты эле.
Бирде кар, бирде жөө туман
Өзгөрүп турат бат эле.

**БОЛОТТУН МАХАБАТЫ**

Хан Жантай илген тузакка,
Шабданга болгон суз апа,
Акмөөрдү ырдап алганга,
Жашаптыр Болот узакка.

Хан Жантай болсо тайрактай.
Адаты кууп байлатмай,
Махабаты Болоттун,
Болуптур элге байрактай.

Бийлиги зордук жекенин,
Билет эл, билет мекеним,
Хандыгынан Жантайдын,
Махабат бийик экенин.

Жардыны Жантай тоотпой,
Жанына койгон жолотпой.
Махабаттын Болоттун,
Калк айткан сүйүп жомоктой.

Алтынды берсе сатылбай,
Ачыкка чыккан катылбай,
Махабаттар эң эле аз,
Болоттун махабатындай.

**МАРТ АЙЫ**

Кыш болот тоонун алты айы,
Коңшумдун арык бар тайы.



Торойтуп аны жыксам дейт
Тоо айылынын март айы.

Сары кар үйлөп мойнуңа,
Салаасын салат койнуңа,
Тийишип турат март айы
Ким таңсык анын ойнуна.

Билбедим качан жылыйт ал,
Баткагын жолдун жууруйт ал.
Галошуңду жөө бассаң,
Каткырып улам суурuйт ал.

Айды ай ээрчип агылар,
Ар айдын жакшы жагы бар.
Жүдөтсө дагы баткагы,
Жүрөгүм мартты сагынаар.

Эритип жердин тоң сонун,
Айдасын кыштын токсонун.
Нарк насиети өткөндүн,
Ноорузуң майрам сопсонун.

Толкуткан көңүл деңизин,
Ким билбейт марттын сегизин.
Кубанып аны күтөбүз,
Куйкалап койдун семизин.

Эмеспи март ай эр ишиң,
Кармашып кышты жеңишиң.
Жагымдуу билсең өтө эле,
Жыл сайын бизге келишиң.

## ТАКЫР ЖЫЛ
*(2008.V-2009.III)*

Койлорду чыксам жайганы,
Колоттун күңгөй аймагы.
Көңүлдөн чыккыс иш болду.
Чөбү жок такырайганы.

Жылкыны чыксам жайганы,
Жылганын күңгөй аймагы.
Чөктүрүп салды көңүлдү,
Чөбү жок такырайганы.

Күңгөйдүн купкуу сайлары,
Көтөрөм бээнин тайлары.
Анткени былтыр жаз, жайдын,
Жамгырсыз өткөн айлары.

Бетеге белден буралбай,
Мертинди бээлер тубалбай.
Бушайман кылат үй ээсин,
Мууну жок уйлар туралбай.

Койлордун алсыз жарымы,
Короодо калды арыгы.
Жайыттын такырайганы,
Кейитти жашты, карыны.

Жутчулукту чакырган,
Жутунуп малга катылган.
Кубанар элим чөп чыкса,
Кутулуп быйыл такырдан.



## ТОКСОН ЧЫКТЫ

Эл эсептейт,
Эсебинде жалган жок.
Токсон чыгып,
Томуктай тоң калган жок.
Токсон күнү бийледи,
Тоңдо, мүмкүн, арман жок.

Токсон чыгып тоң кетти,
Турат эңсеп жон көктү.
Байчечекей жайнаган,
Бөлөйт көркке жол жээкти.

Токсон чыкты тоң эрип,
Гүлдөйт эми топ өрүк.
Март ай калды аяктап,
Малыбызда жок өлүк.

Кутулууда
Көлөкө да тоңунан,
Эриди кар
Тескейлердин боорунан,
Оңолуп тез торпок, тай,
Оюн салар тогунан.

## БЫЙЫЛКЫ АПРЕЛЬ
*(2009-жыл)*

Апрель быйыл сурданып,
Ач бөрү келет уурданып.
Күнүгө жамгыр, сары кар,
Күн тийбей койду нурданып.

Калдайып булут чубады,
Кароого малды чыгалы.

Көтөрөм малдар туралбайт,
Кучактап сары чыланы.

Сур булут алды үрөйдү,
Супсуюк чыла клейби?
Суукта өлгөн мал этин,
Сугунуп иттер килейди.

Салаңдайт булут бөксөдөн,
Саан уй тойбойт дөңсөдөн.
Кудайым бизди сактай көр,
Кылапат кырсык нерседен.

## СЫДЫРГЫГА САЛГАНДАЙ

Баштан иш өтөт ар кандай,
Жалганбы ошол таңгандай.
Жашоонун жолу түз эмес,
Сыдыргыга салгандай.

Ачууну дагы татасың,
Таттууну дагы татасың.
Жашагандар эң эле аз,
Таанытып турмуш атасын.

Ойлонуп ойго батасың,
Орусаң абдан капасың.
Жүрөгүң сыздайт дайыма,
Жиберсең жашоо катасын.

Билебиз ушул жарыкта,
Күн өтпөйт бирдей калыпта.
Бары бир таттуу дүйнө өмүр,
Мейли бай, мейли карыпка!

Калса да ишиң дагы ирип,
Канатка окшоп сага үмүт.



Тартылып жашай бересиң,
Дүйнө - өмүр болуп магнит.

## САТЫЛБАЙТ ТУНУК МАХАБАТ

Тазасы болгон тазанын,
Сулууга түшсө назарың.
Сатылбайт тунук махабат,
Сүйүүдө болбойт баасы анын.

Сулуу кыз сүйсө ынанат,
Кучагына куланат.
Жыргалын көрүп жашоонун,
Жылды жыл өтөт кубалап.

Кыз-келин батып катага,
Кызыкса кымбат матага.
Сатылып кетсе көңүлү,
Сүйүү деп аны атаба.

Агып кетпей суу болуп,
Асманга учпай буу болуп.
Анысы тунук махабат,
Ар дайым жашайт туу болуп.

Жылды жыл ээрчип агар деп,
Жылдыздуу кыздар жагаар көп.
Ойлобо бирок эч качан,
Махабатты товар деп.

## ЭЛЕТТЕГИ ТИРИЛИК

Жатып албай тездегин,
Жакшы эмеспи өскөнүң.
Элеттен жол ааламга,
Башталарын эстегин.

Булут кетти түрүлүп,
Буудай септик биригип.
Эх, керемет эмеспи,
Элеттеги тирилик.

Булут кетти сурулуп,
Буурчак септик биригип.
Ажайып иш эмеспи,
Айылдагы тирилик.

Ташкындады дайра агып,
Арыкка суу байладык.
Картошканы биригип,
Каалагандай айдадык.

Жатып албай тездегин,
Жакшы эмеспи өскөнүң.
Элеттен жол ааламга,
Башталарын эстегин.

## ЖАЗ БЫЙЫЛ ЭРТЕ КҮТҮЛӨТ

Дыйкандар жеңил кийинип,
Саламын айтат ийилип.
Жаз быйыл эрте келерин,
Аңчыдан угуп сүйүнүп.

Бийиктен мөңгү күтүрөп,
Кийикти байкап ит үрөт.
Теке, эчки эрте кошулду,
Жаз быйыл эрте күтүлөт.

Кырынан көрдүк керинин,
Канчыгы уулуп бөрүнүн.
Дөбөтүн таап кошулду,
Жаз төгөр эрте мээримин.



Биз үчүн эмес жут алар,
Биз үчүн болчу кут алар.
Быйыл тез тапты үйүрүн,
Тентиген топоз, букалар.

Жөнөтүп кыштын кыйынын,
Желини толду уюмун.
Бөдөнө оюп тез чыкты,
Кумурсканын уюгун.

## БАЛИ, БАЛИ МАХАБАТ

Суктанып жетсем деген,
Сунса гүл тепселбеген.
Бали, бали махабат,
Бөксөрбөгөн, бөксөрбөгөн.

Жетилип мезгил менен,
Жайсызды көзгө илбеген.
Бали, бали махабат,
Эскирбеген, эскирбеген.

Жактырып гүл жыттанган,
Жан барбы ырды укпаган.
Бали, бали махабат,
Кир жукпаган, кир жукпаган.

Ар сөзү дары маган,
Ардактуу наары маган.
Бали, бали махабат,
Карыбаган, карыбаган…

## БАРСБЕК

Урматтап адал жашоону,
Унуткан иштен тажоону.

Билебиз окуп тарыхтан,
Барсбек деген ажону.

- Уурунун жинин кагалы,
Уурунун сөөгүн чагалы
- деп ишин күндө жүргүзгөн,
Барсбек кыргыз каганы.

Ким айтса эгер калыс кеп,
Колдогон аны Барсбек.
Тартип - бул жашоо көркү деп,
Тартип - бул бизге намыс деп.

Эрки экен бекем темирдей,
Чачы экен кара көмүрдөй.
Согушта, ооба, жеңилди,
Бирок атагы калды жеңилбей.
Барсбек кайып болгон дейт,
Денеси жерге көмүлбөй.

Ажонун болбой коёну,
Ажонун болсун оёну.
Төрөлсө бала ысымын,
Барсбек деп коёлу.

**КЫРГЫЗДА БОЛСУН БАРЧЫЛЫК**

Топ аттан коюу чаң чыгып,
Тулпарга бала камчы уруп.
Жарышта чыкса тор атың,
Жакшы экен го барчылык.

Коногуң тосуп жар чыгып,
Эт бышып чучук, жал чыгып.
Ээси уйдун алса ак бата,
Эң сонун тура барчылык.



Эмгекте терди арчынып,
Ээрчибей арттан тарчылык.
Мен дагы куру калбасмын,
Мекенде болсо барчылык.

Курусун жүзүң жалчылык,
Кор болбой сага жанчылып.
Калкымдын өсүп өркөнү,
Кыргызда болсун барчылык.

**МИЛДЕТИБИЗ**

Кыргыздын кызыл желеги,
Эркиндиктин белеги.
Эрдикке үндөйт элимди,
Эмгекте тийип кереги.

Кыргыздын сонун эртеңи,
Кучактар аны келкели.
Ак эмгек менен сүрөйлү,
Алакандай өлкөнү.

Асмандайт кызыл байрагың,
Азаттык жолдон тайбагын.
Милдетибиз гүлдөтүү,
Мекендин толуу аймагын.

**ШАЙТАН**

Шайтан түшпөй жонуңан,
Кээде кармап колуңан.
Алаксытып дайыма,
Адаштырат жолуңдан.

Тынбай иштейт күнү-түн,
Турмак беле тили тим.

Адамдарды азгырып,
Айтат минтип үгүтүн:

- Кошунаңдын коюн ал,
Көөдөй түндө союп ал.
Ээси чыкса алдыңан,
Эки көзүн оюп ал.

Итин алдап урбагын,
Иригинен уурдагын.
Билбей калат ээси анын,
Бирге жейли куурдагын.

Уктап калат дайым ал,
Убал эмес байыңа ал.
Капшыт жагын көтөрүп,
Карындагы майын ал.

Бээлерин байлабай,
Белге айдады Айнабай.
Кармап сойчу жуталы,
Казысынан чайнабай.

Шайтан деген капырың,
Шашпай алдайт акырын.
Жеңдирбейсиң ага сен,
Жетик болсо акылың.

**КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНЕ**

Жаштык кез билим алчу убак,
Жаштык кез өтпөй жанчу убак.
Үңүлүп окуп олтурсаң,
Үстүңдөн бакыт тайгылап.



Даңкайган кенен залында,
Дарс угуу мага зарыл да.
Ошону жазып тынган жок,
Беш жылы калем сабым да.

Талашып окуп энчимди,
Түшүнүк менде өөрчүдү.
Акмалап калбай ар дайым,
Артымдан бакыт ээрчиди.

Тааныды жүргөн көзгө илбей,
Такшалдык алгач сөз билбей.
Эсимде турат дагы эле,
Элесиң сенин эскирбей.

**ЖҮЗ ЖАШ**

Жүз жашта быйыл Ысмайыл,
Жөн-жайын сурап биз байыр.
Уланып укум-тукуму,
Узарып жатат кыска айыл.

Жүз жаштын быйыл кырында,
Барабар жүз жаш кылымга.
Актыка моюн сунат ал,
- Арманым жок, - деп чынымда.

Ар бири жыттап атасын,
Алып келип көйнөк, матасын.
Үстүнө чепкен жабууда,
Уул-кызы алып батасын.

Боз үйү жүз баш кереге,
Май тамса тып дейт кемеге.
Чыкпаган арбын, чыккан аз,
Жүз жаштай бийик сереге.

- Тоо! - десе толкуп көңүлү,
Тоолордо өттү өмүрү.
Жүз жашка чыккан карынын,
Журт айтат: - Той, - деп өлүмү.

## АК ЖООЛУК

Алтындан сөйкө тагынып,
Ак жоолук жүрсөң салынып.
- Көзү уудан сени сакта деп,
Кудайдан сурайм жалынып.

Адыры жылкы айлымын,
Азынат минген айгырым.
Аттантып аман кел, деген,
Ак жоолук сенсиң, байлыгым.

Өзөндүн түнүн түн дебей,
Өзүмдү күттүң үндөбөй.
Апапак шайы жолугуң,
Ар дайым жүрсүн кирдебей.

Аркырай мезгил кайрылбай,
Ага мен көнгөм кайгырбай.
Аман-соо өмүр сүрсөм дейм,
Ак жоолук сенден айрылбай.

Кылапат ишке жолукпай,
Жүрөлү көңүл оорутпай.
Пейилим сага апапак,
Башыңда жүргөн жоолуктай.

## ЖОКЧУЛУК

Кыргызда мол го даремет,
Кылалы жапырт аракет.



Жоголуп кетсин дайынсыз,
Жокчулук деген кара бет.

Байыса кыргыз март болот,
Жашоого жакшы шарт болот.
Аракет кылсак талбастан,
Акчага ар үй карк болот.

Бар болсо курсак ток болот,
Токтордун колу шок болот.
Жокчулук сени өрттөгөн,
Журтумдун иши от болот.

Жүлүнүн үзгүн ок болуп,
Жокчулук кетсин жок болуп.
Бараандуу элден бололу,
Байлыгың кыргыз топтолуп.

## ЖЕР САБАБА

Жер - асылдын асылы,
Жерде элимдин азыгы.
Жер сабаба жетесиз,
Жердин жокко жазыгы.

Жерде элимдин жегени,
Жер сабаган немени.
Жек көрүшүп карылар,
Жеткире айтат жемени.

Жерге кара санаган,
Жерди оңбойтко сабаган.
Жегизүүдө жер - эне,
Мага дагы, сага нан.

Өзүңдү өзүң эр санап,
Өйдөсүнбө жер сабап.

Көргөн кары сүйлөнөр,
Көөдөнүңдү көр санап.

## СУГАЛАК ФЕРМЕР

- Быйыл кыйын жыл болот,
Быйыл даным пул болот.
Эгини жок кабында,
Элдин колу кур болот.
Малсыз, нансыз жердештер,
Мага келип кул болот,-
деп фермер кубанат.
Узун акча кубалап,
Улуу дүйнө дегенде,
Өзгөчө ал сугалак.

- Калк турмушу оор болот,
Кызыл даным мол болот.
Кудай берсе жол болот,
Көчөдөгү жердештер,
Көмөчү жок кор болот.
Мага көбү корголоп,
Малай болот жорголоп
-деп фермер кубанат,
Өз ичинен: -Ура-алап!
Акчалары буралат.

Бар жайытта топозу,
Бар ингени, ботосу.
Бар койлору, уйлары,
Бар трактор, сокосу.
Анан кантип кокойбойт,
Фермердин кокосу.

Бар айдаган талаасы,
Бар сепкичи, маласы.



Сатып алса жетет го,
Самолетко чамасы.
Ал асмандан түшкөн жок,
Ал кыргыздын баласы.
Бирок, анын эмне үчүн,
Элге жаман санаасы?!.

## КАРА ЖЕР

Кара жер бизге зарылсың,
Зарылга кимдер таарынсын.
Келинге тие көрбөгүн,
Кемпирди жутуп алымсын.

Жылды эрчип жылдар агылсын,
Жыргал кез элге табылсын.
Жигитке тие көрбөгүн,
Чалдарды жутуп алымсын.

Кара жер элге кең болсун,
Казылган ар кыл кен болсун.
Жакшыга тие көрбөсүн,
Жаманга гана көр болсун.

Кара жер жарап кереке,
Калкыма болсун береке.
Алсаң, ал жүзгө чыкканды,
Жутуна көрбө бөбөккө.

## ЧОКУ ОКШОЙТ

Чоң эмес анча өлчөмү,
Чоку окшойт эне эмчеги.
Буурл чач апа төшүндөй,
Буруксуйт анда жер чөбү.

Чокуга чыгып жатамын,
Мандалак касып татамын.
Сезилет дароо ал мага,
Сүтүндөй болуп апанын.

Тескейин тандап жатамын,
Текейин жулуп татамын.
Сезилет дароо ал мага,
Сүтүндөй болуп апанын.

Гүлүнөн десте теремин,
Шыбагын жакшы көрөмүн.
Жыпар жыт чачат ошолор,
Жытындай болуп эненин.

## БИШКЕКТЕ № 5 ДЕГЕН

Бишкекте № 5 деген,
Мектепте окуп беш менен.
Кыйлалар кыйын чыгышты,
Кыргызды баштап-төштөгөн.

Барыктап кыргыз баланы,
Бар эле күчтүү талабы.
Завучу болчу Рудаков,
Сабырлуу орус адамы.

Биз келип тоонун боорунан,
Билимди алдык колунан.
Кыргызча сүйлөп Рудаков,
Кыргыздын түшүн жооруган.

Келдиңер ыраак жайдан деп,
Кыргызга тийисин пайдам деп.
Кадырлуу ошол Рудаков,
Кайрылчу бизге: "Кайран!"-деп.



Сентябрь болот күздө деп,
Сен келер кезде бизге деп.
Айтуучу эле Рудаков,
Ала кел ынак сүзмө деп.

Көрсөтпөй жаман кылыкты,
Кадырлап кыргыз улутту.
Самачу эле Рудаков,
Сары май менен курутту.

Рудаков асыл киши эле,
Окутуу анын иши эле.
Келчүбүз ага тоолордон,
Кымызды куюп шишеге.

Бар эле мактар жактары,
Балдарды куштай таптады.
Оюмдан чыкпайт орустун,
Ошондой мыкты залкары.

## ЫРЫН ОКУП

Ырын окуп Пушкиндин,
Ыр эмес эле куш миндим.
Өзүм тартып сүрөтүн,
Өзүм жаткан тушка илдим.

Чыгалек ойдон сөзү көп,
Чындыктын жүрөм ээси деп.
Чыгааны Пушкин акындын,
Чачтары тармал, көзү көк.

Ал экен ырга чеберден,
Бир сапка чоң ой чөгөргөн.
Өтүптүр Пушкин дүйнөдөн,
Өмүрдү сүрүп ченелген.

Азаттык аны арбаптыр,
Ага ырын арбын арнаптыр.
Арсыздын бири асылып,
Акындын алпын жалмаптыр.

Эркиндик аны арбаптыр,
Эчен ыр ага арнаптыр.
Ээн жерге барып генийди,
Эссиздин бири жалмаптыр.

Махабат аны арбаптыр,
Көнүлү андан калбаптыр.
Көралбай акын генийди,
Көөпайдын бири жалмаптыр.

## УЛУТТУК БААТЫР БЕРДИКЕ

Улуттук баатыр Бердике,
Жаралса керек эрдикке.
Жатса - турса ойлогон,
Жетсе деп элим теңдикке.
Боо түшүргөн жунгарды,
Боёгонсуп эрдикке.

Душмандын дөөсүн чалмакка,
Душманга бүлүк салмакка.
Даярмын, кантип калтырам,
Ата журтту калмакка.
- деп Бердике ойлогон,
Аны кайра алмакка.
Ойлобогон, бирок, ал,
Бөлөнөм деп ардакка.

Капчыгай менен түз менен,
Каптал бет тайгак из менен.



Жол жүрүп кууп калмакты,
Жеңиштен күдөр үзбөгөн.
Бердике даңкты издебей,
Даңк, атак аны издеген.

Кыргыздан жылкы, уй уурдап,
Кыр ашкан калмак куюндап.
Тынбастан кууган аларды,
Турганда заман кыйындап.
Бердике сый, наам издебей,
Издеген аны сый, урмат.

- Эркиндик болор элимде,
Бейкуттук болор жеримде.
Берешен ар бир кыргыздын,
Берекеси төрүндө.
- деп ойлогон Бердике,
Ойлобой өзү жөнүндө.

Эл коргойм жоого тийип дейт,
Ок өтпөс зооту кийип дейт.
Аткарам берген антымды,
Ата журтту сүйүп дейт.
Өрнөктүү баатыр Бердике,
Өзүмөн элим бийик дейт.

Коркок деп бетти карайтпа,
Корголоп көздү алайтпа.
Эрегишкен учурда,
Эр уул ишке жарайт да.
Баатыры элди бааласа,
Баатырды эли баалайт да.

Калмактар качса кызактап,
Кармаган көбүн тузактап.
Максаты эрдин аларды,

Кайрылгыс кылып узатмак.
Керт башын сүйбөй Бердике,
Кыргызды сүйгөн ызааттап.

Суктанып Ала-Тоосуна,
Сур найза сунган жоосуна.
Эл коргоймдон башка сөз,
Кирбеген анын оозуна.
Бердике баатыр билбеген,
Коюларын ысымы,
Көчөнүн бир коозуна.

Ак кайыңы бүрдөгөн,
Булбул кушу үндөгөн.
Эстелиги турарын,
Ичинде шаардын гүлдөгөн.
Уч уктаса түшүнө,
Бердикенин кирбеген.

Жаткыса чапкан тумсагын,
Жунгардын жарган курсагын.
Атактуу баатыр Бердике,
Досу экен Кубат мырзанын.
Ардактуу ошол инсанга,
Арнадым ушул ыр сабын.

Бечара, бек да арманда,
Бири кем ушул жалганда.
Арга жок жеткен ажалдан,
Асылды сурап алганга.
Бердике кошкон кошогун,
Кубат бий дүйнө салганда.

Жан курбу кылган агасын,
Жакшыны кантип танасың.
Достукка кимдер жараса,



Бердикедей жарасын.
Кошогун анын тарыхтын,
Барагынан табасың…

## КЫРГЫЗДЫН ЛОМОНОСОВУ

Таланты өткүр таасын жан,
Тыныстан уулу Касымдан.
Издешип жалган күнөөнү,
Ичи тар көптөр асылган.

Айтууда тарых мага аны,
Ата журт Касым баланы.
Атыптыр мээлеп жүрөккө,
Ак жерден жаап жалааны.

Татаалды чечкен тезирээк,
Таланттар чанда кезигет.
Кыргыздын Ломоносову,
Болгонсуп Касым сезилет.

Өзү өлдү өлбөйт ысымы,
Өнөрдүн анда узуну.
Аз жашап Касым актады,
Ата журт сенин тузуңу.

## ТООНУН ТҮНДӨРҮ

Шамалы жортуп келүүчү,
Шыбактын жытын себүүчү.
Шаанилүү тоонун түндөрү ай,
Демиңе мен эрүүчү.

Жылдыздын тиктеп түзүгүн,
Булбулдун угуп биз үнүн.
Эх, ошол тоонун түндөрү ай,
Экөөбүз көргөн үзүрүн.

Суу жактан дайым кезигип,
Сүйлөшчү элек эзилип.
Суйкайган тоонун түндөрү,
Сыйкырлуу бизге сезилип.

Асманында Айы бар,
Ак кайың токой жайы бар.
Атыр жыт тоонун түндөрү ай,
Ар дайым эсте дайым ал.

## СЕН ДҮЙНӨ

Сен дүйнө,
Адал менен арамдыктын,
Айкөл менен сарандыктын.
Асыл менен наадандыктын,
Тынымсыз салгылашкан майданысың.

Сен дүйнө,
Каракчылар байып тойгон,
Күчтүүсү күчсүзүнө айып койгон,
Ал эми майыптары жүзаарчысын,
Алдына кайыр сурап жайып койгон,
Кейиштүү окуянын түйүнүсүн.

Сен дүйнө,
Жекече да, топко дагы,
Ачкага да, токко дагы,
Бардарга да жокко дагы,
Бах, чиркин бардыгына ширин белен.

Сен дүйнө,
Жаныма жакыныраак келчи дейсиң,
Жашоонун ушул болот кенчи дейсин,
Байга да, бакырга да кур койбостон,
Баарына махабатты энчилейсиң.



## ЧҮЙ

Жергеси болуп Чүй деген,
Журтуна калыс сүйлөгөн.
Эрлердин анда Чаа баштап,
Эчени өткөн дүйнөдөн.

Эмгекти дайым сүй деген,
Эгинди кырдап үй деген.
Эгерим нансыз калбаган,
Элимдин куту Чүй деген.

Сары-Өзөн деген бооруу бар,
Самасаң ширин коону бар.
Кучагын жаят Чүй жери,
Кыргызды сүйүп толук ал.

Чүй деген жайда сулуу жер,
Чүй деген кышта жылуу жер.
Ак ордо анда жайгашкан,
Ата журт үчүн улуу жер.

Төө-Ашуу жолдун кыйыны,
Тешилип белдин туюгу.
Чүйгүнүн сунган насиптин,
Чүй жери - жердин ыйыгы.

## КЕРЕМЕТ ОЙЛУУ АДАМДАР

Укмуш деп дилгир адамды айт,
Урматтуу ишке кадамдайт.
Керемет ойлуу адамдан,
Керемет кантип жаралбайт.

Кезигет пейли таза адам,
Керемет ишти жасаган.

Көө үйлөп ошол тарапка,
Каралбайт аны пас адам.

Бакытка дайым батып ал,
Бакыттын балын татып ал.
Керемет ойлуу адамдын,
Керемет махабаты бар.

Таланты анын куралы,
Талантын анын курары.
Керемет ойлуу адамдар,
Керемет иштин булагы.

## КАЛК КАЛАТ

Ууздай кызы буралат,
Уулдан учу уланат.
Калк өлбөйт улам жашарып,
Карылар гана куланат.

Жылдарды жылдар кубалап,
Жылдардан кылым куралат.
Артыңда өлбөс эл калат,
Ажалдуу гана куланат.

Айтылып өлбөс даңк калат,
Айтылып өлбөс барк калат.
Түп казык болуп жарыкка,
Түбөлүк өлбөй калк калат.

Баяның тарых түгөнбөйт,
Барандуу ишти түгөлдөйт.
Генийлер ачкан керемет,
Керекке жарап түк өлбөйт.

Бейопа сөзгө көнбөс эл,
Бейчеки бааны бербес эл.



Ааламдын Күнү турганда,
Ак калпак кыргыз өлбөс эл.

## ЧЫНДЫК

Чындыктан Мекен күч алат,
Чын сөзгө кетпе чычалап.
Чындыксыз кантип кыргыздар,
Чаалыкпай алга уча алат.

Чындык сөз бизге аш болуп,
Чындык сөз бизге маш болуп.
Жүдөтсүн дайым жалганды,
Жүлүнүн үзгөн таш болуп.

Чындыкты дайым көрүп көз,
Чындыктан болуп терикпес.
Чындыкты айтып көнөлү,
Чындыксыз кыргыз өнүкпөс.

Жалгандык торго чалынат,
Жалгандык дайым жаңылат.
Чындык - бул күйгөн жанар тоо,
Чыдамы кетсе жарылат.

## БӨЙРӨКТҮН СЕКИ КОНУШУ

Кулакка жагып добушу,
Кыз күлгөн кыя жол ушу.
Бөтөнчө көрктүү жер экен,
Бөйрөктүн секи конушу.

Ылдыйга туйлап булагы,
Ыракат экен тулаңы.
Аңкыган ушул секиге,
Курбулар бир аз туралы.

Өзөндө жатат дайра агып,
Ободо кыраан айланып.
Кол чаначка кымызды,
Күрүчбек алган байланып.

Суулуунун типтик бетин көр,
Жарашат арча, четиндер.
Бөксөлөп качып кыр ашты,
Бөлтүрүк деген жетимдер.

Бейиштей сонун бурчуң деп,
Беш ыргай мага кырчын деп.
Басылбай жаагы сайраган,
Бачайы чымчык ырчың көп.

## КОНОКПУЗ ЖАЙЛОО ҮЙҮҢДӨ

Эсен-соо элде жүрөлүк,
Эстүүнүн сөзүн сүрөдүк.
Ак козу келди куйруктуу,
Ага биз бата тиледик.

Апапак шуру алкым жак,
Аяшы үйдүн жаркылдап.
Алыңыз, ич деп кыйнады,
Аякта кымыз калкылдап.

Жагымдуу ойдо калтырган,
Жээги суунун балдыркан.
Коңур үндүү жигитти,
Кой көздөр тиктейт алдыртан.

Күлкүгө толсун бул түн деп,
Күлкүңөр менин мүлкүм деп,
Акынбек деген инсандын,
Казаны кайнайт бүлкүлдөп.



Жалпы ырдап жардык булуңду,
Жаңырттык жайлоо кырыңды.
Ал түнү мен да ырдадым,
"Ак жоолук" деген ырымды.

Арчасы күйөт чатырап,
Ар кимге чогу атылат,
Эт тартса аны жеп бүтүп,
Эс алсак дедик батыраак.

Төшөктү салды чатырга,
Түнкү жел окшойт атырга.
Жакканын кантип танамын,
Жайлоонун түнү акынга!

## АЛТЫН ТӨР

Жылкыны кырдан ашырып,
Жер үйгө кондук ташынып,
Билбепбиз жайыт алдында,
Жатканын алтын жашынып.

Миң деген малды батырып,
Жер үй төр - жайлоо аты улук.
Апай бетте жатыптыр,
Абалтан алтын катылып.

Көңүлгө көркү толот көр,
Жер үйдүн башы Чолок-Төр.
Жайлоочу ага жетсем - деп,
Жоргосу жолдо болот тер.

Суутат жетип жоргону,
Чолок-Төр - алтын чордону.
Вертолет минип келишет,
Бишкектен анын чоңдору.

Жайында элге салкын төр,
Жер үй экен алтын төр.
Умтулуп улуу иштерге,
Убайын кыргыз калкым көр.

## БӨЛҮНБӨ, КЫРГЫЗ, БЫТЫРАП!

Кыйкырсак колго балта алып,
Кыргызга ошол дарт анык,
Бөлүнбө: Мен! - деп ичкилик,
Бөлбөгүн : - Ал, - деп, аркалык.

Тоо менен жаңы бир бүткөн,
Тоолукка келди күн күткөн.
Кыргызды жарытпайсың го,
Кыйкырсаң: Мен -деп , түндүктөн.

Тизилген алтын тиш күткөн,
Тилиңден кандай иш бүткөн?
Толбоссуң биздин купулга,
Төштү урсаң: Мен, - деп, - түштүктөн!

- Түштүк, - деп,-уюштурушуп,
- Түндүк,- деп,-уюштурушуп.
Уу тилдер жүрөт арада,
Уятты жыйыштырышып.

Мезгилден бөөдө утулат,
Мээнети быт-чыт тытылат.
Бөлүнүп кыргыз алтыга,
Бирикпей турса бытырап.

Жалында, кыргыз, жалында,
Жалганга эрип жарылба.
Эмгекке үндөп өзүңдү,
Эстүүлөр сенин камында.



## ЖАМАН АДАМ, ЖАКШЫ АДАМ

Жерим жаман аталып,
Жүргөндөр элге жат анык,
Жүрөйлү сүрбөй өмүрдү,
Жиберет кыйла каталык.

Турмушта туура жүрсүн деп,
Терс жагын айтсаң билсин деп.
Жактырбай аны жамандар,
Жаман сөз айтат күрсүлдөп.

Каргышты албай бата алып,
Калкымда жакшы аталып,
Жүргөндөр дагы жашоодо,
Жиберет экен каталык.

Орунсуз жагы оңолот,
Жагымсыз жагы оңолот.
Жактырып айткан сынынды,
Жакшы адам жашайт оболоп.

## ЫЗА

Жолуңду эгер бууса адам,
Жолотпой иштен кууса адам.
Кысылып согуп жүрөгүң,
Кызарат көзүң ызадан.

Жалааны жаап турса адам,
Жамандык сага кылса адам,
Түрсүлдөп согуп жүрөгүң,
Тунжурайт башың ызадан.

Ойлоносуң оонактап,
Ой учат нечен тоону аттап.
Ыйгарса кайрат таныштар,
Ызадан бир топ оолактап.

Үзүлсө салган тузагы,
Унутуп уулу ызаны,
Улуттун ишин аткарып,
Урматтуу алга сызалы.

**СУР АТТЫН ЖАЙЛООСУ**
*(Болгон окуя)*

Бир паста толгон желини,
Бээ сааган тынбай келини,
Жайлоосу дешет Сур аттын,
Бийикте турган керини.

Айтылуу күлүк өзөндө,
Атагы чыккан өз элге,
Сур атты ээси сатыптыр,
Анжиян жакка эзелде.

Бапестеп Сур ат багылат,
Байге алып тойдо чабылат,
Антсе да, Кулманбестеги,
Адырды эстеп сагынат.

Такымга басып улагын,
Таркатат жигит кумарын.
Антсе да, Сур ат сагынат,
Ардайым ичкен булагын.

Жабуунун жаап саймасын,
Жаңы ээси көрдү пайдасын.
Көрүнбөй Сур ат качыптыр,
Кулманбес жайлоо кайдасың?!



Укурук түшпөй колунан,
Уурулар чыкты жолунан.
Жан үрөп аны кармашка,
Жетпеди кууп соңунан.

Ыктуусу көздөп жалданы,
Ыргытты узун чалманы.
Күлүктү кармай албастан,
Көңүлдө калды арманы.

Сапарада Сур ат азыптыр,
Сагыныч ага азыктыр.
Жерине тынбай жетишке,
Жарым ай жолду басыптыр.

Сүр күлүк өтүп сынактан,
Сууптур келип ыраактан.
Кайрадан насип ал татты,
Кулманбес деген туректан.

Жылгага Сур ат бет алды,
Жарым ай оттоп эт алды.
Туулуп өскөн жерине,
Тулпардык кылып жеталды.

Ит дагы көрүп үргөн жок,
Үйлөргө жакын келген жок.
Сур аттын качып келгени,
Жан адам көпкө билген жок.

Туш-тушка салган дүрбүнү,
Туугандын жакын күлгүнү.
Сүйүнчү бер дейт ээсине,
Суратты көрүп бир күнү.

Тоолуктар келди жыйылып,
Теңирге ээси сыйынып.

Кучактайт мойнун Сур аттын,
Көзүнөн жашы куюлуп.

Атынын кетпей жанынан,
Атынын жыттап жалынан.
Сатып мен сезгем айрылып,
Калганымды багыман.

Сактабай теңир белегин,
Сатыпмын билбей керегин.
Сур атка келсе куугунчу,
Акчасын кайрып беремин.

Ат ээси сүйлөп сыймыктуу,
Айла жок ишке буйруктуу.
Айылын толук чакырды,
Ак шишек союп куйруктуу.

Шылдырап аккан булактын,
Шыбырына ынакмын.
Жылгага элдер ат койгон,
Жайлоосу дешип Сур аттын.

**Эпилог**

Шерине жайлоо жыргалы,
Шаңкылдап комуз кылдары.
Сур аттын ошол жайлоосун,
Сатыбалды ырдады.

Үйүндө кымыз мол суусун,
Ысмайыл берди козусун.
Сатыбалды ырчыга,
Акчаны сунду досу узун.

Күрүчбек берди ирикти,
Көчөкбай айтты үгүттү:



- Кулчундай Чылпак бабабыз,
Күткөн деп ошол күлүктү.

Көчөкбай ооба, күлкүл деп,
Көз болот малга күн-түндөп.
Күлүктү десе ал биздики,
Күлүштү көбү бүлкүлдөп.

## ТАМАК ҮЧҮН ЖАШАЙТ АЛ

Бултуюду колдун булчуңу,
Балта-чотуң курчуду.
Кызарууда ирeңиң,
Кымыз ичсең кырк чыны.

Бозону ичсең бир казан,
Боздойсуң го ырдасаң.
Борсулдап күлөт келиндер,
Боорсокту аймап жыргасаң.

Сүйбөйсүң сыпаа калааны,
Суктантат айыл тамагы.
Тайказан толо сорпо ичип,
Таң калттың чоңду, баланы.

Алкаштар мактап: -Эр! дешкен,
Аяштар тилдеп:- Көр! дешкен.
Соолгур болмок чемпион,
Сорготук деген мелдештен.

Тамак үчүн жашайт ал,
Тандабай баарын ашайт ал.
Эртеби, кечпи бир күнү,
Ич ooру аны кашайтар.

## ДУШМАНСЫЗ БОЛБОЙТ ЭЧ АДАМ

Мейли сен элди бийлегин,
Мейли сен калыс сүйлөгүн.
Билип жүр сени ар дайым,
Көралбай бирөө күйгөнүн.

Мейли иште эгин талаада,
Мейли айда эшек араба.
Көралбай сени кээ бирөө,
Кезиксе дейт балаага.

Түзүлбөйт жашоо бүт достон,
Төксөң да ырдап куттуу оздон.
Табылат сага каршы адам,
Табылат сага бут тоскон.

Бечара болсун мейли адам,
Тамагын издеп жейби араң.
Табылат аны көралбас,
Табылат ага пейли арам.

Бири айтат: -Андан өч алам,
Бири айтат: -Чырсыз чече алам.
Жашоонун ушул мыйзамы,
Душмансыз болбойт эч адам.

## АЯЛ КИМ?

-Аял ким?
- Аял -Күн!
Үй - бүлөнү бөлөп турган нуруна.
Аял - обон,
Эркектердин ырдай турган ырына.
Аял - нота,



Аруу турмуш аспабынын кылына.
Жана дагы аял жандуу дарактай.
Мөмөлөгөн жылына.

- Аял ким?
-Аял -Ай!
Каалабайт ким анын түнкү жарыгын.
Аял - дастан,
Махабаттын баяндаган тарыхын.
Аял - күч,
Жанар тоодой чачып турган жалынын.

## ЗАРСАНАА

Санаадан күйүп өзөгүң,
Саргайып кетер тез өңүң.
Замандаш өзүң билерсиң,
Санаадан уйку безерин.

Ырайымсыз санаадан,
Ырысың агар салаадан.
Максатың калаар арада,
Марага жетпей самаган.

Санакор болуп жашаба,
Сабыркап бүтөт баш ага.
Замандаш андан оолакта,
Залалдуу иштер маш ага.

Көңүлдү өйүйт зарсанаа,
Зарсанаа болуп уу санаа.
Айланып, мүмкүн, келет ал,
Ашыра тоону кууса да.

Бейкуттук бербейт зарсанаа,
Бечара менен мырзага.

Бурулуп, мүмкүн келет ал,
Бекитип жолун бууса да.

Өнөкөт кылба санааны,
Өмүргө күчтүү залалы.
Сары алтын элим кыргыздын,
Санаасыз болсун замана.

## АВГУСТ АСМАНЫ

Ажайып тоонун белеси,
Ак булут анын кебези.
Ачылып асман турганда,
Айрыкча сонун деги өзү,
Мен сүйөм август асманын.

Күч тийип көктөн нурданып,
Күз ыры турат ырдалып.
Карайган чоку артынан,
Кароодо булут уурданып.
Мен сүйөм август асманын.

Карлыгач кайып ойногон,
Кайтууга камын ойлогон.
Качып жеп чымын, чиркейди,
Керели- кечке ойногон,
Мен сүйөм август асманын.

Олтурат ойноп алты адам,
Жадабай алар картадан.
Көктө учуп жүрөт кыраандар,
Карасам жатып чалкаман.
Мен сүйөм август асманын.



## КЫРААНДАР

Чокуну чүмкөп тумандар,
Кеч күздө түшөт улам кар.
Бийикте кыштап калабы,
Биз көчүп кетсек кыраандар.

Кыраанга эмес кыш буюм,
Кыраандар деген куш кыйын.
Кышташат кантип турса эгер,
Кыр-кырка ойноп жыш куюн.

Алар өч өтө уларга,
Арманын жан жок угарга.
Бадалды аңдыйт кыраандар,
Батышып кышта кумарга.

Кыраандар- кылдат аңчылар,
Качырса андан жан чыгар.
Түлкүнү көккө көтөрүп,
Таштаса ташка жанчылар.

Көңүлү куунак баары шат,
Кыраандар көктө жарышат.
Биз көчүп кетсек айылга,
Бийикте алар калышат.

## САРЫ СОЙГОК

Сары сойгок болгон бул кезде,
Дегенсип тоону күндө эсте.
Колтуктап турат аскалар,
Четинден сары гүлдесте.

Жайлоонун чөбү кыярган,
Жашаңга качты уй андан.

Буттары сынбай малдардын,
Болсо дейм алыс зыяндан.

Субай мал качты белестен,
Сары сойгок чөптү жебестен.
Жайкалып күзгү булуттар,
Жасалган окшойт кебезден.

Күзгү жел ойнойт өйдөлөп,
Сары сойгок болот ой, колот.
Сабыркайт жүрөк бастырсаң,
Сары аттын буту сойголоп.

Салкын жел бетти аймалап,
Сары сойгок болду сай тарап.
Тескейден эгер бастырсаң,
Такасыз аттар тайгалап.

## ЭМНЕ ҮЧҮН?

Өзгөнү карап уурданып,
Өзгөгө жүзүң нурданып.
Капырай мени эмне үчүн,
Карайсың дайым сурданып?

Өзгөнү көрсөң сүйүнүп,
Өзгөчө сонун кийинип.
Капырай мага эмне үчүн,
Кабагың турат түйүлүп?

Өзгөнүн сөзүн сагынып,
Өзгөнү көрсөң жагынып.
Чындыкты айтсам чычалап,
Чыдабай кеттиң чамынып.

Өзүңө сөкөт келтирип,
Өзгөдөн калба мертинип.



Жат адам көрсөң эмне үчүн,
Жүрөгүң ойнойт чертилип.

## СЫН ТАКПА

Кашкасы ошол кашканын,
Аны атып такыр шашпагын.
Сын тага көрбө эч качан,
Аялына башканын.

Абайлап айткан сөз жалын,
Анын сен айтпа терс жагын.
Сын таксаң сынып каласың,
Санаага салып өз жарың.

Сен менен бирге өскөмүн,
Сары алтын болчу сөз-кебиң.
Сын тага көрбө эч качан,
Кыздарына өзгөнүн.

Кырсыкка калса чалынып,
Кылмышка калса малынып.
Кейитер сени өз кызың,
Көзүңдөн отуң чагылып.

Тунуктугун бүлөнүн,
Дайыма ичтен тилегин.
Сын тага көрбө эч качан,
Уулун тилдеп бирөөнүн.

Өз уулуң түшсө жаман да,
Оңолбос кыйын абалга.
Тамтыгың калбайт түгөнөр,
Табалбай издеп ага арга.

Буттары сынбай малдардын,
Болсо дейм алыс зыяндан.

Субай мал качты белестен,
Сары сойгок чөптү жебестен.
Жайкалып күзгү булуттар,
Жасалган окшойт кебезден.

Күзгү жел ойнойт өйдөлөп,
Сары сойгок болот ой, колот.
Сабыркайт жүрөк бастырсан,
Сары аттын буту сойголоп.

Салкын жел бетти аймалап,
Сары сойгок болду сай тарап.
Тескейден эгер бастырсаң,
Такасыз аттар тайгалап.

## ЭМНЕ ҮЧҮН?

Өзгөнү карап уурданып,
Өзгөгө жүзүң нурданып.
Капырай мени эмне үчүн,
Карайсың дайым сурданып?

Өзгөнү көрсөң сүйүнүп,
Өзгөчө сонун кийинип.
Капырай мага эмне үчүн,
Кабагың турат түйүлүп?

Өзгөнүн сөзүн сагынып,
Өзгөнү көрсөң жагынып.
Чындыкты айтсам чычалап,
Чыдабай кеттиң чамынып.

Өзүңө сөкөт келтирип,
Өзгөдөн калба мертинип.



Жат адам көрсөң эмне үчүн,
Жүрөгүң ойнойт чертилип.

## СЫН ТАКПА

Кашкасы ошол кашканын,
Аны атып такыр шашпагын.
Сын тага көрбө эч качан,
Аялына башканын.

Абайлап айткан сөз жалын,
Анын сен айтпа терс жагын.
Сын таксаң сынып каласың,
Санаага салып өз жарың.

Сен менен бирге өскөмүн,
Сары алтын болчу сөз-кебиң.
Сын тага көрбө эч качан,
Кыздарына өзгөнүн.

Кырсыкка калса чалынып,
Кылмышка калса малынып.
Кейитер сени өз кызын,
Көзүңдөн отуң чагылып.

Тунуктугун бүлөнүн,
Дайыма ичтен тилегин.
Сын тага көрбө эч качан,
Уулун тилдеп бирөөнүн.

Өз уулуң түшсө жаман да,
Оңолбос кыйын абалга.
Тамтыгың калбайт түгөнөр,
Табалбай издеп ага арга.

Ар ишиң чыгып оңунан,
Адаша көрбө жолуңан.
Сындырчу иштер кууп жетет,
Сын таксаң сенин соңуңан.

## ТУМАН ЖАНА МАС

Чаңкаят чоку ак далы,
Көгөрөт тоонун капталы.
Аңгыча калың жөө туман,
Ар жакты чүмкөп каптады.

Туманга мындай деди мас:
-Адырда жүргөн бээни бас,
Этекте жүргөн төөнү бас.
Атаңдын оозун урайын,
Аз десең аны, мени бас.

## КАЙКЫ БЕЛ

Кыргыздар карап олтурар,
Көк мелжийт бийик чокулар.
Эсепсиз анда кайкы бел,
Ээрге окшоп атка токунар.

Кайкы бел ээрдей, жайкы бел,
Калыс сөз бетке айтып эл.
Көчүшүп жазда жайлоого,
Кыштоого күздө кайтып эл.

Кайкы бел ээрдей, күзгү бел,
Кайраттуу болуп биздин эл.
Талаадан алып энчини,
Таалайдын көлүн сүзгүн эл.

Кайкы бел ээрдей кышкы бел,
Кыялап аны быштың эл.



Жасалып анда баатырлык,
Жандана берсин ышкың эл.

## АТАНЫН МАЛЫ

Ичкичтер малды көп соёт,
Ысырап кылып жеп коёт:
- Атанын малы балага,
Мал болобу деп коёт.

Аракка болбой сугалак,
Ак жүрсөң айылың кубанат.
Аракет кылып сактасаң,
Атанын малы уланат.

Абайлап койду уруна,
Айдасаң тоонун кырына.
Атанын малы көбөйүп,
Мал болот сөзсүз уулуна.

Атанын бизге малы ардак,
Атанын тиккен талы ардак.
Жашаган жанды жанга уруп,
Жалкоонун дешет жаны ардак.

## ЖАКЫРДЫК

Биз сени качан чакырдык,
Пейили жаман жакырдык.
Жүдөтпөй журтту жогол деп,
Жүзүңө дайым какырдык.

Үрөндү жазда себейин,
Убайын күздө көрөйүн.
Коном деп келсең кондурбай,
Жакырдык сени сөгөйүн.

Мээнетти тынбай кылайын,
Молчулук болсун ылайым.
Арбайы жаман жакырдык,
Атаңдын оозун урайын…

- Онунчу бала төрөйүн,
- Дейт жеңем аны бөлөйүн.
Оолакта бизден жакырдык,
Өлүгүңдү көрөйүн.

## УЛУУ СҮРӨТКЕР

Токтоду сокпой жел чунак,
Той берген үйгө эл чубап.
Эмгектен кийин эс алтчу,
Элетте сонун кечки убак.

Тилешип жакшы тилекти эл,
Толкута берсин жүрөктү эл.
Боёгон кечки булутту,
Күн деген улуу сүрөткер.

Боёлсо булут эр күлөт,
Байыртан бизди эл билет.
Күн ачык эртең болорун,
Кечки асман турат белгилеп.

Булуттар кызыл чок болуп,
Бирок, ал турбай токтолуп.
Билебиз анын кетерин,
Бир аздан кийин жок болуп.

## КҮЗ КЕЛСЕ

Алтындан кемер курчанып,
Албырып жүзүң нур чалып.



Опосун төгүп күз келсе,
Олтурам кантип тынч алып.

Эр азамат макталды,
Ак мээнети акталды.
Эки жүз кап картошка,
Эки эле күндө капталды.

Эмгекке өтө берилип,
Эстүү кыз иштейт керилип.
Калган жок айдоо талаада,
Картошкалар терилип.

Кыз колу кеткен кесилип,
Жигити калды кезигип.
Ал өптү колу кесилген,
Ак колдон кымбат сезилип.

## АДАМДЫН КУРАГЫ ЖӨНҮНДӨ

Бир жашында,
Жыпар гүлсүң ата-энең
Жыттабай калса сагынган,
Он жашында,
Жыргалын сезип оюндун,
Жылаажын сенсиң кагылган.
Жыйырма жашында,
Жаштык кезиң ташкындайт,
Жазгы суу болуп чамынган.
Отуз жашында,
Өмүрүң окшойт нөшөрдө,
От бүркүп турган чагылган.
Кырк жашында,
Күлүктөй чуркар мезгилиң,
Коногого чабылган.

Элүү жашыңда,
Эр ортону убагың,
Эл-журтуңа таанылган.
Алтымыш жашыңда,
Аксакалсың ак пейил,
Ак кементай жамынган.
Жетимиш жашыңда,
Ойлойсуң эстеп үч убак,
Өмүрдү суудай агылган.
Сексен жашыңда,
Карылык деген немеге,
Кайышып турат кабырган.
Токсон жашыңда,
Дүмүрдөйсүң чириген,
Дүйнөгө тиги камынган.
Жүз жашыңда,
Алы жок жансың арбайган,
Аркансыз, жипсиз таңылган.

## ИТЕЛГИ, КУЗГУН ЖАНА БӨРҮ
*(тамсил)*

- Азуунун күтүп бекемин,
Алкымын жулдуң текенин.
Таанышман бөрү өзүңдөн,
Тарптардын жедик бекерин.

Дайыма баалайм баркыңды,
Таштадың бизге тарпыңды.
Алкымың бөрү майланса,
Майладык биз да алкымды.

Аябай азыр карыпсың,
Айланып башың арыксың.
Балдарың сени карабай,
Бадалда бөрү калыпсың.



Оор жерге чыгып баралбай,
Өзүңдү өзүң багалбай.
Сүрүң жок калып сүлдөрүң,
Суур турмак чычкан алалбай.

Калганда сенден айрылып,
Канатым калар кайрылып.
- Деди да кузгун бөрүгө,
Түнөккө учту "кайгырып".

Таң атса кузгун бөрүнүн,
Таамайлап көрүп өлүгүн.
Үч-төрт жолу куркулдап,
Үстүнөн түштү керинин.

Ырысын кантип жээрисин,
Ылгабай арык, семизин.
Бөтөнчө тойду кузгун куш,
Бөрүнүн тытып терисин.

Куштардын учкул өктөмү,
Ителги айтты көктөгү:
- Куркулдап учкан куу кузгун,
Барбы, айтчы сенде бет деги.

Калп тура жели оозуңдун,
Калтырбай этин досуңун.
Курсакка урдуң нык тоюп,
Курусун кузгун жосунуң.

## ПИЛ МЕНЕН ЧЫЧКАН
*(тамсил)*

Айбанат бар го миң деген,
Аларды көзгө илбеген.
Тоотпос илбирс, жолборсту,
Токойдун алпы пил деген.

Ээн токой жымжырт түн кирет,
Эс алды алп пил үргүлөп.
Капыстан чоочуп ойгонду,
Кулагы кетсе дүңгүрөп.

Куйругун артка сүйрөгөн,
Кулакка кирип бийлеген.
Куу чычкан экен дал ошол,
Душманы пилдин сүйбөгөн.

Куу чычкан ойнойт жорголоп,
Кулакка үч күн корголоп.
Амал жок алып салууга,
Аябай алп пил кор болот.

Тумшугу пилдин чубалып,
Дугдуят өңү кубарып.
Бир кезде чыгып кулактан,
Бой таштайт чычкан куланып.

Жандуунун чычкан чабалы,
Жылт коюу анын амалы.
- Бышыгын көр! - деп куткарбай,
Былчыйтты пилдин таманы.

**БӨРҮ МЕНЕН КАНДЕК**
*(тамсил)*

Казыны бурдап ашаган,
Кан соргуч болуп жашаган.
Караңгы түндү жамынып,
Кашарга келди кашабаң.

Кашарды карап беш өттү,
Максаты жылуу жеш этти.
Байкады көкжал мамыда,
Байланып жүргөн эшекти.



Үрдү эле кандек күйүнүп,
Үй ээси ага сүйүнүп.
-Кандай иш болуп кетти!- деп,
Короого чыкты кийинип.

Кашабаң болсо өкүндү,
Кандекти көздөй секирди.
Капталдан тиштеп көтөрүп,
Караңгы түнгө бекинди.

Карала кандек жаш эле,
Үрүүгө өтө маш эле.
Кашабаң аны жеп кетип,
Калыптыр сөөгү башы эле.

**КАНЧЫКТЫН КАРГЫШЫ**

Жер үй төргө жайлашып,
Үйү көчтү малчынын.
Такыр журтка байлашып,
Таштап кетти канчыгын.

Улуйт жумшап бар күчүн,
Алыска үнү угулуп.
-Канчык болуп эмне үчүн,
Калдым экен туулуп.

Канчык жипке байлаган,
Калсамбы дейт муунуп.
Үзүлбөй жип чайнаган,
Кетти казык жулунуп.

Жетсе тааныш сарайга,
Жашайт экен башкалар.
Карап жатты далайга,
Көрсө бирөө ташка алар.

Тамак ичпей далайдан,
Канчык күчсүз алсырап.
Ушул эски сарайдан,
Ээси аны алган асырап.

Качкан ээсин түнөрүп,
Канчык кантип мактасын.
Үйү-жайын түбөлүк,
Түшүндү эми таппасын.

- Ар ким итке талатып,
Тозок тура адашмак.
Ээсим салса мени атып,
Ошол мага жарашмак.

Ичте толуп арманы,
Бети жашка жуулуп.
Канчык ээсин каргады,
- Буту сынсын жыгылып.
Мени таап алганы,
Келген жок бир бурулуп.
Канчык ээсин каргады,
- Малы калсын кырылып.

Кыдырып ит талааны,
Начарлады абалы.
Насип экен кетти ээрчип,
Нан ыргыткан баланы.

## ГЕРБИНЕ ТАРТЫП КЫРААНДЫ

Суктанып бүркүт көркүнө,
Суктанып бүркүт эркине.
Көп өлкө сени жактырып,
Тарттырып алган гербине.



Кээ өлкө сендей сүр күттү,
Кейитпес бейкут күн күттү.
Гербинен анын көрөбүз,
Эки баштуу бүркүттү.

Баатырдыгын баалашып,
Бүркүткө бардык эл ашык.
Кырааны тоонун, талаанын,
Гербинде турат жарашып.

Канаты учкул талыкпайт,
Кайратын көзү аныктайт.
Гербине тартып кыраанды,
Кыргыздар дагы барыктайт.

## УЧУУЧУ ГҮЛДӨР

Бизге учурайт күнүгө ал,
Бир гана эмес миңи бар.
Улуу тоонун ичинде,
Учуп жүргөн гүлү бар.

Тоолордо анын түнөгү,
Тоону сүйөт жүрөгү.
Кайкып учкан гүлдөрдүн,
Кызыл, сары иреңи.

Чийдей ичке кашы бар,
Чымкый кызыл башы бар.
Ал гүлдөрдүн бадалга,
Адаты бар жашынар.

Агар, агар агар таң,
Ал гүлдөргө жагар таң.
- Бачайы чымчык! - деп коёт,
Аны элибиз абалтан.

## АГАЙЛАРДЫН АГАЙЫ

Кол булгалап кайтышат,
Онду бүтүп нечени.
Миң ыракмат айтышат,
Мектебине кечээги.

Тагдырлары алардын,
Бир-биринен башкараак.
Бири жары чабандын,
Бири чарба башкарат.

Иши кылып жөн жүрбөйт,
Ар бири ар кесипте.
Салам айтат кулүндөй,
- Агай!- дешип кезиксе

Мезгилинде жалындуу,
Мээнет этер кези да.
- Агай!- дешет жагымдуу,
Агай туруп өзү да.

Иштин бүтөр далайы,
Элге кызмат кылсак тың.
Агайлардын агайы,
Болгонума курсантмын.

## КЕЧ КҮЗДӨГҮ ТЕРЕБЕЛ

Пейли ток, бейпил күз келет,
Токойго алтын түс берет.
Үйүмдөн чыктым аттанып,
Үйүрдү болуп издемек.

Мингеним жакшы ат бакайы ак,
Байтерек чалдай бапаят.



Тизилип мырза теректер,
Жоокерлер окшоп какаят.

Капталдын турган сайында,
Карасам күзгү кайыңга.
Ал окшойт ак сан, сары чач,
Европалык айымга.

Кубарат тоонун бөйрөгү,
Көк арча күздүн көйрөңгү.
Ал окшойт жердеш аяшка,
Жарашкан узун көйнөгү.

Самби тал кыздай сүйүнөт,
Саламын айтып ийилет.
Сары шайы жоолук салынып,
Сары шайы көйнөк кийинет.

Бозоруп булут куралат,
Боздогон шамал уланат.
Алтындай жука жүрөктөр,
Алдыңа учуп кыланат.

Ыраңын чөптү өчүрүп,
Ызылдайт бороон өчүгүп.
Арчадан башка дарактар,
Жылаңач калды чечинип.

Той болуп атым табылды,
Токтобой шамал чамынды.
Шөкүлө кийип камыштар,
Шукшуйтуп үкү тагынды.

## ТИШ

Табийгат берген белекке,
Өмүргө өз тиш береке.

Жасалма тишиң салдырган,
Жарабас анча керекке.

Өз тишиң тура ырысын,
Өз тишиң менен сулуусуң.
Жалтыратып салдырган,
Жасалма тишиң курусун.

Жалтырак тиштүү кайда жок,
Жасалма тиштен пайда жок.
Карыган адам салынат,
Каучик тишти айла жок.

Тиштесең өз тиш маш болот,
Тамагың жеген аш болот.
Карабай койсоң тишиңди,
Карайып түбү таш болот.

Тишиңди сакта азамат,
Турбасаң күндө тазалап.
Каучик тишти салдырып,
Табийгат коёт жазалап.

## ОРУСТУН КЫЗЫ БАРЫШНЯ

Ташыганым оор устун,
Таңшытам кылын комуздун.
Аны угуп келдиң жаныма,
Алтын чач кызы орустун.

Орус кыз-сары мандалак,
Комузду көрдү кармалап.
Булбулум Током анда айткан,
Бул ырым сага арналат:



- Татына кызы улуктун,
Тунугу сенсиң тунуктун.
Туйгуну менмин ырчынын,
Туткунга жүрүп буулуктум.

Улуктун кызы барышня,
Умтулам сага жагышка.
Жаралган адам эмесмин,
Жанымды араң багышка.

Улуктун кызы барышня,
Азыр мен эмес абышка.
Жар болуп сага жүрсөм дейм,
Жаныңдан чыкпай карышка.

Ыраңың окшош булутка,
Ырымды ушул унутпа.
Махабат бирдей экенин,
Билип жүр бардык улутка.

Калтырбай ырдын бир кебин,
Жат айтып ырдын түрмөгүн.
Которуп берди ал кызга,
Тилмечи татар түрмөнүн.

Толкутуп ал кыз жүрөктү,
Токомду келип бир өптү.
Улуу акын дайым жашаган,
Унутпай ошол мүнөттү.

## ЭШМАМБЕТТИН АРМАНЫ
*(түш)*

Токтогул минип сур атты,
Эшмамбет минип сары атты.
Түшүмө кирип жатыптыр,
Айтышып алым- сабакты.

Жөн- жайын ошол түшүмүн,
Жоруса кары түшүндүм.
Айтышын эки акындын,
Ак баракка түшүрдүм.
**Токтогул**
Кыдырып Кетмен-Төбөнү,
Кыргызга ырды төгөлү.
Теңирдин тийсин каргышы,
Дегендер:- Бизди бөлөлү.
**Эшмамбет**
Соролу бышкан мөмөнү,
Сонунун ырдын төгөлү.
Ант уруп кетсин ылайым,
Айткандар: -Бизди бөлөлү.
**Токтогул**
Кылкылдап Нарын дайра агып,
Кыдырып элди сайрадык.
Эшмамбет сени куубадым,
-Элиңе кет! - деп айры алып.
**Эшмамбет**
Өзүңдөн көрүп жакшылык,
Өзөндө элге таңшыдык.
Кылапат сүйлөп Токомо,
Кылбадым эч бир каршылык.
**Токтогул**
Толкундап ырдап деңиздей,
Ээрчишип жүрдүк эгиздей.
Көралбай бизди бөлсөк деп,
Көөпайлар жүрдү өгүздөй.
**Эшмамбет**
Издешпей, Токо, табышып,
Ырдадык элге жарышып.
Кайгырып калам сен жокто,
Калчудай жаагым карышып.
**Токтогул**
Эргиген өмүр сүрөлүк,



Ээрчишип ырдап жүрөлүк.
Элибиз бирге көмсө дейм,
Эгерде калсак бир өлүп.
**Эшмамбет**
Бир көрдө жатса башыбыз,
Бир жыдып чачы, кашыбыз.
Кудайга элем ыраазы,
Берилсе бирге ашыбыз.
**Токтогул**
Биз жакка сунуп маш колун,
Тагдырдын көрчү таш боорун.
Туткунга айдап Сибирге,
Ыйгарды мага башка орун.
**Эшмамбет**
Токомсуз жүрдүм бук болуп,
Ичиме кайгы жык толуп.
Айланып келдиң Сибирден,
Башыңа дөөлөт, кут конуп.
**Токтогул**
Эзилген калкты сүйгүзүп,
Эзгичке кечти түйгүзүп.
Такшалтты өтө туткундар,
Таасирин мага тийгизип.
**Эшмамбет**
Адилет сонун иш болуп,
Айдаткандар мыш болуп.
Айланып келдиң элиңе,
Атакка, Токо туш болуп.
**Токтогул**
Дос экен соолбос ырысың,
Досуңсуз сынган чынысың.
Эшмамбет жашап мен сенсиз,
Томсоргон күнүм курусун.
**Эшмамбет**
Досумдан угуп жылуу кеп,
Душмандан уктум уулуу кеп.

Сибирге барсам сен менен,
Мени да айтмак улуу деп.
**Токтогул**
Тоолордун ырга бурчу бай,
Толкундап ырдайм тынчыбай.
Сен калдың менден бөлүнүп,
Сибирде бирге курчубай.
**Эшмамбет**
Сибирдин кышын көз көрүп,
Сен менен келсем өзгөрүп.
Булбулум, Током, жаныңа,
Мага да коймок эстелик.
**Токтогул**
Көңүлдү кайгы курчап бат,
Көзүмдөн жашым буурчактап.
Айдалып кетип баратсам,
Карасам жоксуң кылчактап.
**Эшмамбет**
Сибирде карап көзүңө,
Бел болуп жүрсөм өзүңө.
Бөлүнбөй биздин атыбыз,
Берилмек Нарын ГЭСине.
**Токтогул**
Залалдуу заман зар изин,
Саргайдым таппай нан үзүм.
Эң терең билдим Сибирден,
Эркиндик, теңдик маанисин.
**Эшмамбет**
Байкалдын көрүп көркөмүн,
Менин да өсмөк өркөнүм.
Атыбыз бирге коюлмак,
Сыйлыгына өлкөнүн.
**Токтогул**
Тобо дейм душман күйүнсө,
Толкундайм элим сүйүнсө.
Ар адам көрөт Эшмамбет,
Маңдайга эмне чийилсе.



**НЕГЕДИР**

Кезигем сага кээде бир,
Көңүлгө салба бөөдө кир.
Чуңкурчасын ууртуңдун,
Мен жакшы көрөм негедир.

Ооба, аны жакшы көрөм,
Уурданып карай беремин.
Көрк кошуп сенин жүзүңө,
Көңүлдүн ээлейт тереңин.

Ооба, мен сага кезигем,
Канимет алам сөзүңөн.
Ууртуңдагы чуңкурчаң,
Негедир чыкпайт эсимен.

Жоодурап басып берилет,
Жолуксаң ар бир кебиң эп.
Ууртуңдагы чуңкурчаң,
Укмуштай мага көрүнөт.

**1. Ак бата**

Ата-энелүү уулга,
Алкыш угуп атадан.
Агара бер батадан.

Кеңеш угуп атадан,
Көгөрө бер батадан.

Какырбасын бактыңа,
Кара мүртөз жат адам.

Коркуп иш кыл ири эмес,
Кичинекей катадан.

Калк айтпайт сөздүн бекерин,
Ата- бул ата мекениң.
Атанын сөзү билип кой,
Алланын сөзү экенин.

Атаны сыйла андыктан,
Ал турмак сөзүн хан да уккан.

Оюнда болсун кастын да,
Оюнда болсун достун да.
Бейиш - бул ар бир эненин,
Таманынын астында.

Энеңи сыйла андыктан,
Аны ыйык сезет бардык жан.

Толуктап колдо барыңды,
Көбөйткөн көгү - агыңды.
Сактаган намыс-арыңды,
Сыйлаган алган жарыңды.

**2. Узак өмүр сүрүүгө**

Бак-таалайга бөлөнгүн,
Барктууларга теңелгин.
Ардакталгын көп жашап,
Аксакалы деп элдин.
Неберенңдин баласы,
Чөбөрөңдү өнөргүн.

Алтымыш жаштын,
Ак өргө тигип белесине,
Жетимиш жаштын
Жүргүнчү бол кемесине,
Сексен жаштын
Секирип чык сересине,



Токсон жаштын
Намаз окуп төбөсүнө,
Жүз жашында
Уул-кызың
Кулак салсын керээзиңе.

**3. Тамакка чакыргандарга**

Башыңан багың тайбасын,
Дасторконуң жайнасын.
Казаныңда бүлкүлдөп,
Казы, чучук кайнасын.
Эстүү чыгып уулуң,
Эли көрсүн пайдасын.
Кыздарың өсүп жетилип,
Кызгалдактай жайнасын.

**4. Ишкер уулга**

Телегейиң тегиз болсун,
Көңүлүң чалкып деңиз болсун.

Келкелиң кемибесин,
Ооматың ообосун.

Жаныңа кырсык жолобосун,
Жолуңду бирөө торобосун.

Үмүтүң үзүлбөсүн,
Тилегиң орундалсын.

Ынтымагың ыдырабасын,
Биримдигиң бириндебесин.

Арамдыктан алыс болгун,
Ар дайым калыс болгун.

Көңүлүң кирдебесин,
Кудугуң кургабасын,
Күлүгүңдү уурдабасын.

**5. Түлөөгө чакыргандарга**

Кырсык иш тоорубасын,
Көңүлүң оорубасын.
Түшүңдү нааданга айтпа,
Тескери жоорубасын.

Тилегиң кабыл болсун,
Башыңда багың болсун.
Баркыңды билген жарың болсун,
Балдарың жалын болсун.

Жолобой өтүп кетсин,
Кырсык иш кыя салып.
Бакыт кушу байырласын,
Үйүңө уя салып.

**6. Жигердүү уулга**

Эртели кеч эл деген,
Эр адам менен аралаш.
Мекенге кошкон үлүшүн,
Мээнеткеч менен аралаш.
Ата журттун милдетин,
Аткарган менен аралаш.
Берип кайыр садага,
Бечарага каралаш.
Өткөн-кеткен иштерди,
Кереги жок табалаш.
Мээнет эт Мекен, элиңе,
Мезгилдин сезбей акканын.
Ар бир сөзү алтындай,



Акылдууну жактагын.
Иши менен таанылган,
Ишмерлерди жактагын.
Каракылды көк жарган,
Калыстарды жактагын.
Кыл-куйрукту жетелеп,
Каттаганга каттагын.
Агайын-тууган, элиңдин,
Ишеничин актагын.

**7. Төрөбөгөн келинге**

Жаратканга жалынып,
Санаадан арылып.
Төрөп ал перзентти,
Бакытка малынып.

Перзентиң эркек болсун,
Эр жүрөк элпек болсун.
Элине бараандуу болсун,
Эне-атасына карамдуу болсун.

Перзентиң кыз болсун,
Укмуштуудай уз болсун.
Жакшыга ийилип,
Жаманга суз болсун.

**8. Баш кошкон эки жашка**

Баш кошту эки жылдыз,
Болбосун чеки жылдыз.
Жети жылда болсун алар,
Жети жылдыз,
Жети кыргыз.
Жетимиш жылда болсун алар,
Жети миң жылдыз.

Жети миң кыргыз.
Асмандагы жылдыздай,
Жерде кыргыз көбөйсүн.
Аз элден кыргыз болгон соң,
Антпегенде не дейсиң.
Баш кошкон эки жаш аман болсун,
Заманы бейпил заман болсун.
Алтындай оор салмагы болсун,
Алганы анын ардагы болсун.
Күмүштөй оор салмагы болсун,
Көнүлгө жаккан ардагы болсун.
Өнө бою ынак болсун,
Өмүр жолу ынак болсун.
Ичкен-жегени кушкер болсун,
Ийгилик жараткан ишкер болсун.
Бир уулу чыгаан улук болсун,
Бир кызы сулуу тунук болсун.
Бир уулу эрдин эри болсун,
Бир кызы сулуу пери болсун.
Көшөгөсү көк болсун,
- Туттум! -дешип айтканы,
Түбөлүккө бек болсун.
Көшөгөсү ак болсун,
Жаздыктары бак болсун.
Жакшы адатты үйрөнүп,
Жаман жорук жат болсун.

## КӨЗ КАРАШ

Көнбөгөнмүн көз ымдап,
Ичим сага эзилет.
Айтпайм аны өзүң тап,
Көз караштан сезилет.

Сүйүүм тең деңизге,
Көнүлүмдө чайпалат.



Айтпайм аны, сен изде,
Көз караштан байкалат.

Укпаса да сөзүнөн,
Жароокердин ниетин ал.
Улам карап көзүнөн,
Таап алышы этимал.

Көңүл бурбай артка аны,
Койсо сүйүү бүлүнөт.
Катуу жабыр тартканы,
Көз караштан билинет.

Мамиленин булагы,
Жадыраган каш-кабак.
Көңүлдөрдүн ынагы,
Көз караштан байкалат.

## УУРУЛУК

Дайыма аңдып артыңдан,
Талашат насип калкымдан.
Кыйноодо азыр уурулук,
Кыргызды алып алкымдан.

Уурунун кандуу колу бар,
Уу жылан болуп соруп ал.
Уурусу арбын өлкөнүн,
Улутунун шору бар.

Артыңда турат абайла,
Аларда эң көп ар айла.
Уурулук барда кыргызым,
Умтулуп жетпес таалайга.

Ууру бар чыккан атагы,
Уктабай карап жаталы.

12-714

Боз бээсин алып жайыттан,
Бозортту кары атаны.

Уютуп ойго санааны,
Уурунун тийди залалы.
Кол үзөт качан алардан,
Кыргыздын эркин заманы.

Карактап үйүн гүлдөткөн,
Көңүлүн элдин кирдеткен.
Айыгат качан ата журт,
Уурулук деген илдеттен.

Жоготкон жогун караган.
Жолугат мага ар адам.
Улутум качан айыгат,
Уурулук деген жарадан.

**ӨЛБӨС ӨМҮР СҮРӨР СУУ**
*(терме)*

Арак эмес аккан суу,
Бекер жолдо жаткан суу.
Арак ар бир заманда,
Өзүнө орун тапкан суу.
Соодагерлер саткан суу,
Зор пайдага баткан суу.
Аянбастан ичкенди,
Автоматтан аткан суу.
"Алкаш" деген орденди,
Көкүрөккө таккан суу.
Куда келет үйгө деп,
Кудагыйы каткан суу.
Аянбастан ичкенди,
Ажаан иттей капкан суу.



Арстандай чапкан суу,
Башаламан ичкендин,
Башына мык каккан суу.
Карбаластап ичкенди,
Кара курттай чаккан суу.

Сыйлагандар берер суу,
Сыпайы адам жеңер суу.
Суудай ичкен немени,
Бүркүт болуп тебер суу.
Бука болуп челер суу,
Алдаганга чебер суу.
Алдангандар чөгөр суу,
Көмөлөтүп андан соң.
Көргө алып барып көмөр суу
Лауреаты алкаштын,
Деген наамды берер суу.

Бөрү болуп жайлар суу,
Жолборс болуп чайнар суу.
Ишиң чыкпай оңунан,
Кууп ичсең соңунан.
Адаштырып жолуңан.
Акылыңды байлар суу,
Ашказанда кайнар суу.

Динибизге бөлөк суу,
Кылмыштарга себеп суу.
Өнөрүңдү соолутуп,
Өстүрбөгөн сенек суу.
Ишмалдаңды чыгарган,
Ичи тарга керек суу.
Ойронуңду чыгарар,
Ою адамга көмөк суу.

Өнө бою жүрөр суу,
Өлбөс өмүр сүрөр суу.

Ак тойлордун ээсине,
Ак тилекти тилер суу.
Кылгылыкты кылдым деп,
Кыткылыктап күлөр суу.
Шарты келсе мойнуна,
Шайтан болуп минер суу.

Аңкып ичсең чуулуу суу,
Ажалга дос уулуу суу.
Ата-энеңе муңдуу суу,
Ар күнү ичкен кузар суу.
Акылдууну бузар суу,
Барктуу деген тизмеден,
Фамилияңды сызар суу.

Ак тойлорду тойлор суу,
Той ээсине ак тилек
Толкундатып ойлор суу,
Ашказанда ойнор суу.
Жырткыч болуп жойлор суу,
Жылан болуп сойлор суу.
Ийгиликти жубар суу,
Ичкендерди сынар суу.
Башы ооруган сурар суу,
Олтурушка шарт түзүп,
Оюн зоокту улар суу.
Ыр кеседе ар кимдин,
Ырдаганын угар суу.
Абайлабай ичкенди,
Аңга түртүп жыгар суу.
Аппак жолун бубар суу,
Адамдардын ардактуу,
Арасынан кубар суу.

Ичпегенде сасык суу,
Ичкендерге азык суу.



Балтек иттей мойнуна,
Байлап алар казык суу.

Мына ушундай арак суу,
Бир тууганы шарап суу.

Шарап деген кызыл суу,
Ыр-жомогу узун суу.
Эл аралык кароодо,
Алтын медаль уткан суу.
Күү челекке ачытып,
Грузиндер туткан суу.
Жер төлөөнүн ичинде,
Жети жылы буккан суу.
Кээде угуп алкышты,
Кээде каргыш уккан суу.
Опосу деп өмүрдүн,
Омор Хаям жуткан суу.

Узак жолду баскан суу,
Улам ичкен азган суу.
Далайга ор казган суу,
Жоругу көп дастан суу.
Өлбөс-өчпөс ыр кылып,
Омор Хаям жазган суу.

## АТА ЖУРТ

Ала-Тоодон аңкыйт жайда апа жыт,
Абалтадан ал кыргызга Ата журт.
Аны менен бактылуубуз баарыбыз,
Ансыз биздин эт жүрөктө капа жык.

- Заманыма салымымды кошоордой
Эмгек этем ! - деген ойдон бошонбой,
Ата журтка арнайм тунук сүйүүнү
Аалам кандай чексиз болсо ошондой.

Ала-Тоонун булуң-бурчу бүт ыйык,
Аңкып андан турган апа жыты ыйык
Ата журтум айкөлдүгүң арбысын
Коюнуңа кетпес дөөлөт, кут уюп.

## АЛА-ТОО

Көкөлөп Ала-Тоолор өсүп чыккан,
Камалбай жер төбөнүн безип чыккан,
Кыргыздын кыйла ишине жарайын деп,
Кыргызга керектигин сезип чыккан.

Асмандап Ала-Тоолор бийик чыккан,
Ай, Күнгө салам айтып күлүп чыккан,
Кыргызды кымыз берип багайын деп
Кыргызга көөл-пейли ийип чыккан.

Кагылам касиеттүү эл, жеримен,
Канимет аларым чын кол жээгинен.
Ала-Тоо кыргыз үчүн жаралыптыр.
Ала-Тоо жаралбаптыр жон жеринен.

Ыракмат карт Нарындын добушу үчүн.
Ыракмат жашыл түрдөн конушу үчүн.
Ала-Тоо бир кезекте жаралыптыр
Ата журт кыргыздарга болуш үчүн.



## АЛТЫН КОРГОН, КҮМҮШ КОРГОН

Көргөн күн тирилиги аркыл болгон,
Көөнөрбөс көркү менен баркың болгон,
Тээтиги, Ала-Тоонун тизмектери
Ак калпак кыргыз үчүн алтын коргон.

Азаттык арбайы үчүн жүрүш болгон,
Айтууга арзый турган миң иш болгон.
Алдагы Ала-Тоонун тизмектери
Ак калпак кыргыз үчүн күмүш коргон.

Ак тилек ойго тутуп ак таңында
Ат минип кыргыз жүрөт капталында,
Абалтан Ата журтум болгон үчүн,
Ала-Тоо даңктаарым да, мактаарым да.

## ТООЛОРДУ КЫРГЫЗ СҮЙӨТ

Кыраандар асманында айланышат,
Кетпестен аскасына байыр алышат.
Тагдыры кыргыздардын эзелтеден
Ала-Тоо менен тыгыз байланышат.

Алгырлар аскасына уялашат,
Ашуусун автоунаалар кыялашат.
Куш менен кубалашып элибиздин
Күн өпкөн чокусунан кыялы ашат.

Тоо менен кыргыз эли жан сакташат,
Ток кылып колотуна мал сакташат.
Ата журт бизге экен абалтадан
Ала-Тоо чокулары арсак, башы ак.

Кыраандар коном десе зоосу белен,
Кыргыздар сыймыктанат тоосу менен,
Тоолорду алар сүйүт жүрөк менен
Тоолорду алар сүйбөй оозу менен.

## ТҮНДҮГҮНӨН КӨЗ ЧАПТЫРАТ

Толкутуп күңүл оюн кымыз менен
Дүйнөдө биртике эл бар кыргыз деген.
Түн кирсе боз үйүндө олтурушуп,
Түндүктөн көз ымдашат жылдыз менен.

Алышып айгырлары кайра алышат,
Асманда алгырлары айланышат.
Ар дайым боз үйүнүн түндүгүнөн
Кыргыздар аалам менен байланышат.

Боз үйүн тигип тоонун белесине,
Түндүгүн орнотуп төбөсүнө,
Ааламга түндүгүнөн көз чаптырган
Таңсыкмын кыргыз элим, деги өзүнө.

## КУДАЙДЫН ДАЧАСЫ

Калпагы жүндүн аппак кийизинен,
Чакчасы тоо текенин мүйүзүнөн,
Кыргыздар Ала-Тоодон бүтсө керек,
Алланын жалаң гана сүйүүсүнөн.

Эгемен эркиндиги ырыс төктү,
Эгерим жетпегенге кыргыз жетти.
" Кудайдын дачасы"- деп Ала-Тоону,
Кубантып айткандар бар дурус кепти.

Ала-Тоо ары кооз, ары таза.
Абасы суусу менен балы таза



Мынчалык баалуулукка жетмек эмес,
Эгерде аны Кыдыр даарыбаса.

## АРУУ ДҮЙНӨ

Ичкенге суу, дем алганга абасың,
Эс алганга жашыл токой арасын,
Жараткан ким? Ушул аруу дүйнөнү,
- Жыргасын,- деп адамзаттын баласын.

Сапар жолго мингиле деп учкул ат,
Жуткула деп суусундукту кычкыл ак.
Айткылачы аябастан берген ким?
Адамзатка акыл менен күч-кубат.

Күндүн нуру турат көктөн куюлуп,
Керектиги жан бүткөнгө туюлуп.
Ар күн сайын авторуна ааламдын,
Аздык кылат беш маал турсак сыйынып.

## ХАНТЕҢГИРИ

Арчасы аргымакка мамы болуп,
Абасы кыргыздарга дары болуп.
Абалтан көктө тирейт Хантеңгири,
Аскалуу Ала-Тоонун ханы болуп.

Кумайлуу аска болуп бекингени,
Кулжанын каны болуп кекиргени
Иничек абайлагын Хантеңгирде
Илбирстин коркунучтуу секиргени.

Кышында көз ачырбайт бороондору,
Жагымдуу жайда чымчык обондору,
Жолугат абайлагын Хантеңирден
Жолборстун күркүрөгөн жоондору.

Оркойуп аскалардын шиши бийик
Ошондо жашайт дешет киши кийик.
Бакыбат курал колго албай чыкса
Баргандын кетери чын иши күйүп.

Ар дайым бар куралы, бар тайганы,
Аңчынын жакшы билет картайганы.
Адырдан адам көрсө атырылат,
Абайла, аюулардын балпайганы.

Кийиктин этин бүкүл ашагандар,
Кан төгүп качан болсо жашагандар,
Укмуштай булуң-бурчту Хантеңирден
Улушуп үйрүн табат кашабаңдар.

Улары билбей калган бекинүүнү.
Жайылат жайбаракат кекилиги.
Анткени аз учурайт Хантеңирде.
Мынтыктуу баргандардын чекилиги.

Тургандыр туу чокусу тумар болуп,
Улуу куш улам учуп, улам конуп.
Жүрөмүн Хантеңири этегинде
Мен дагы бир барууга кумар болуп.

Кайкала, Хантеңирим кайкалагын,
Керемет айларыңды кайталагын.
Мен барбай калсам бараар азаматтар.
Ээрчитип жандай көргөн айтамагын.

## ЫСЫК-КӨЛ

Алыпсың сулуулукту бүт сен ээлеп,
Алыстан конокторуң күтсөң келет.
Кылкылдап тура бергин Ысык-Көлүм,
Кыргыздын бактысына бүтсөң керек.



Күн ысык түшкө жакын жел токтолуп.
Жээгинде кумга оонашат эл топтолуп
Күпүлдөп кечке жуук толкуп- ташты?
Күүнө кулак төшөйм орток болуп.

Бул жээкте болуп кеткем мурун дагы,
Бөтөнчө үйлөр кооз булуңдагы.
Ысык-Көл күүгө салып тургансыйсың,
Кыргыздын кубанычын, муңун дагы.

## УЧАКТА

Учактын үнү катуу угулганда,
Бараттык булуттардын арасында
Карасам Ысык-Көлүм кубулууда,
Куюлуп турган өңдүү чарасында

Учак ал учууда ылдам жүрүш менен,
Чаманы каалайм анын чамасындай
Жалтырайт жасагандай күмүш менен,
Ала-Тоо Ысык-Көлдүн чарасындай.

## ЫСЫК-КӨЛДҮН АК ЧАРДАГЫ

Жээкке ак чардактар ашыгышкан,
Ойлорун алар алыс жашырышкан.
Обого нан ыргытса түшүрбөстөн,
Оозуна тосуп жешке машыгышкан.

Учушуп ак чардактар мойнун созуп,
Учушуп бир-биринен кетет озуп,
Обого бирден мейиз ыргытсаңыз,
Оозуна бир заматта кетет тосуп.

Карачы канаты учкул жаныбарды.
- Мейизби, же болбосо наны барбы?

- Дегенсип бир ак чардак күндө үстүмөн,
Айланып учуп мени таанып алды.

Канаты учкул дагы, чапчаң дагы,
Ага жат чекиттей кир, жат чаң дагы,
Эс алсам эрмек болгон мага тааныш,
Эсимде Ысык-Көлдүн ак чардагы.

## НАРЫН ДАЙРА

Өркүндөйт катышыбыз алсак- берсек,
Өтөбүз көпүрөңдөн барсак-келсек
Буурадай буркулдайсың Нарын дайра.
Бурулуп аскалардан арсак-терсек.

Сен биздин чайыбызды кайнатасың,
Сен бизге музыканы сайратасың,
Калаага, кыштактарга Нарын дайра
Кеч кирсе жылдызыңды жайнатасың.

Таалайга сен жаралган дайрадайсың.
Ак данды ак нан үчүн майдалайсың.
Ал-күчү өзүң болуп кыргызымдын,
Коюнун Ала-Тоонун саймалайсың.

Элибиз эл эмес го бир кездеги,
Эң сонун сени менен күндө өскөнү.
Арнап мен ыргытамын Нарын дайра,
Атайын агымыңа гүлдестени.

Гүлдестем катар-катар Нарын ГЭСин,
Кадырлап сүйгөнүмдү далилдесин.
Токтобой тоо дайрасы толкуп ташып,
Тартуулай бергин элге зарылды өзүң.



## САРЫ ЧЕЛЕК

Бир-бирине жасагансып өрүлүк,
Биздин тоолор асман тирейт керилип.
Аруулугун арнап кыргыз элине,
Аны улуу күч жасаганбы берилип.

Тоонун жолу Сары-Челекке жеткизди,
Суктангыла эс алгыла деп бизди.
Мындай жерди сүйүп эң кооз жасаган.
Махабаты улуу күчтүн чексизби?!

Айдап жүрөт эс алгандар кайыкты,
Андан такыр таба албадым айыпты.
Изгилигиң суктандырып Сары-Челек,
Ички дүйнө, рухумду байытты.

## АРСТАНБАП

Айтчы окумуштуу, сен билбесең билет ким?
Бул жер бүтпөй күчү менен билектин,
Арстанбапты бүткөргөнбү жараткан,
Жалаң гана суусун чачып мүрөктүн.
Зулкарнайын көчөттөрүн алып кетип,
Көбөйтүптүр жаңгактарын гректин.

Жаңгак токой,
Узун сайлар, кыска сай.
Таңгаларлык
Жараткандын устасы, ай!

Таап окуп аны кимдер таныптыр,
Тарыхтагы баяндама аныктыр.
Жоокерлери келип Зулкарнайындын
Сууңду ичип суусундары каныптыр.
Арстанбаптын көчөттөрү кетсе да,
Чети оюлбай ырыс-куту калыптыр.

Жаңгак токой
Кокту колот, кырка бел.
Мен айтпайын
Сен да айтпагын:- Кырка бел!

Мен мактасам мени менен ал мактап,
Ыйык дейбиз Арстанбапты ардактап.
Жасатам деп кымбат баалуу эмерек
Жарактуусун кырктырбайлы дардактап.
Тура берсин түбөлүккө коробой
Дүйнөдөгү теңдеши жок жаңгак бак.

Жаңгак токой
Жантаймалар, белес, төр,
Мага баалуу
Андан калган белестер.

## КАКШЫГАН ЖЕР

Үстүн булгап жайып койгон куруттун,
Албуут шамал чаң ызгытып дан салат.
Жамгыр келет асты менен булуттун,
Кара шайы көйнөгү анын самсаалап.

Пайда болуп кочкул булут карааны.
Байкап аны суусап турган жер күлөт.
Жамгыр келет ысыктан соң жанагы.
Жибек жеңи ылдый көздөй шөлбүрөп.

Көйнөгүнүн этек жеңи булактап,
Албуут шамал аны кетти көтөрүп.
Самады эле... Жамгыр жаабай ыраактап,
Какшыган жер онтоп калды жөтөлүп.



## МАХАБАТТЫН КӨЗ ЖАШЫ

Жакын барып жан тартканга сөз бербей,
Жашыл бойдон жазгы, жайкы кездердей.
Айтыңызчы арча турат эмне үчүн,
Абалынан аяз кышта өзгөрбөй.

Арча сыры мага кызык табышмак.
Арзып жүрөм ага болуп таанышмак.
Билсең эгер адатыңдай ыр менен
Биолог-акын мага койчу табыштап.

- Тоонун тегин ары жумшак, ары бай,
Дайым арча пайдаланат дарыдай.
Тамганбы ага махабаттын күз жашы,
Дал ошондон калса керек карыбай.

## АЛА-ТООЛОР КЕРИЛИП

Уктаганда чарчап келип ишимен,
Ала тоолор такыр чыкпайт түшүмөн.
Жооруп бер деп бирөөгө айтпай ошонун
Жөнү-жайын толук өзүм түшүнөм.

Асман челип Ала тоолор керилип.
Андан узап кайра барам бөлүнүп.
Көрүнгөнү аздык кылат өңүмдө,
Түшүмдө да дайым турсун көрүнүп.

## ГЕНИЙИ АРУУЛУКТУН

Туу кылып туткан намыс-арыңды уктум,
Тунук жүр ээси болуп аруулуктун.
Кемибей ашса ашарсың салыштырса,
Керемет кыздарынан ар улуттун.

Мекенчил жигиттердин түрдүүсү көп,
Мынакей суктансаңар нур жүзү деп.
Жараткан жасаганбы көрсөтүүгө,
Өзүңдү арулуктун үлгүсү деп.

Бөтөнчө бото көзүң бакырайып,
Таппадым келбетиңден такыр айып.
Генийи арулуктун деген гана
Өзүңө өмүр бою ат ылайык.

**БОЛСО ГАНА**

Камдагын деп той жасоого малыңы,
Күлпөт тура гүл турмуштун агымы.
Көчөлөштөр Чыңгыз деген ат койду,
Күкүн жеңе төрөсө уулдан жаңыны.
Айлыбызда алтымыш беш Чыңгыз бар,
Чыңгыз болуп кетти элимдин жарымы.
Болсо гана экөөсүндө алардын
Алп Чыңгыздын жанар тоодой жалыны.
Анда ошолор андан бетер байытмак,
Ак калпак эл сенин дөөлот-багыңды.

**XXI КЫЛЫМДА**

Асман тиреп ак мрамор бек үйлөр,
Көктү тиреп көк мрамор кең үйлөр,
Кубандырат XXI кылымда
Көп чыкса экен кыргызымдан генийлер.

Ажайып жай болуп ар бир өзөндөр,
Айыкса экен аты жаман кеселдер,
Ала-Тоодо XXI кылымда
Арбын чыгып убай берер көсөмдөр.

Суусатпастан сугаралы талааны,
Сыйласын эл ыйманы бар баланы,





Жүрөк толкуп XXI кылымда
Жүрсө экен дейм кыргыздардын арааны.

**- АПА ! - ДЕГЕН АЛТЫН СӨЗ**

Кубандырып кылыгыңды көрсөткөн,
Жыттаттырып жыпарыңды сен сепкин.
- Апа ! деген сөзүн уктук алгачкы,
Ардагыбыз тамтуң баскан перзенттин.

Мейли үйдөн, мейли токой, талаадан,
Мейли алыс, мейли жакын арадан,
Кокус корксо: Апа !- деген сөздү айтып,
Чоочуйт тура чоң- кичине ар адам.

Жоболоңдуу кан төгүлгөн казатта,
Жүрөгүнө ок жаңылган азапта,
Жоокер жигит: - Апа ! - деп бир бакырып,
Жан берет дейт эки-үч кадам басат да.

Жан денеден октос берсе учууга,
Же болбосо чоочуп корккон учурда
Эмне үчүн:-Апа !-деген гана сөз
Даяр турат тилибиздин учунда?

Өктөм жаштык жалыны ысык кез экен,
Өмүрүңдүн эскириши тез экен.
Ойлоп көрсөк: -Апа !- деген алтын сөз,
Эң алгачкы , эң акыркы сөз экен.

**АКЫМ ЖОК**

Дайрадай мезгил тынбай агылууда,
Тилегим тагдырыма багынууда.
Жеримден алыс жүрсөм туулган элди,
Жүрөгүм толуп калган сагынууга.

## ТАРАП КЕТЕТ АЗАНДА

Күүгүм талаш көркү түшүп назарга,
Келип баары асмандагы базарга,
Талбай түндө соодалашып жылдыздар,
Тарап кетет үй-үйүнө азанда.

## ЖАМАН ТҮШ

Жаман түш көрүп түндө оор уктадым
Ойгонуп аны эч кимге жоорутпадым.
Таңында сүйгөн дайрам сага келдим,
Калтырбай айтуу үчүн толук баарын.

Агымың түшүмдү ошол угуп алып,
Алыска кеткенсиди кууп алып.
Жөнөдүм кайра үйүмө сүйгөн дайрам.
Жүзүмдү мен өзүңө жууп алып.

## ИШ ИЛГЕРИ

Элеттин аттуу - тондуу кишилери
Айтышат сугатчыга: - Иш илгери !
Бакыттын учурбастан кушун нары,
Бакыттын учургун деп кушун бери.

Элеттин эстүү-баштуу кишилери,
Айтышат төл алууда:- Иш илгери!
Майышпай эмгектенсин жаштарыбыз,
Максаттын кушун колго түшүргөнү.

Ийгилик арта берсин:- Иш илгери!
Үйүлүп күзүбүздүн түшүмдөрү.
Жашоонун ачкычы алтын жерде эмеспи
Жаштардын жакшы го аны түшүнгөнү!



## ТООДОЙ-ТАШТАЙ АДАМЫБЫЗ

Күпүлдөп жүрүп турса арааныңыз
Кыргызга керек го дейм караанынңыз.
Ар дайым айтат элим салыштырып
Ал биздин тоодой-таштай адамыбыз.

Кыргызым гүлдөсө экен, көктөсө экен,
Көңүлү көтөрүлүп чөкпөсө экен.
Дал ошол тоодой-таштай адамдардан,
Биздеги чекиликтер четтесе экен.

Кайрылам кыргызымдын жаштарына,
Жалтанбай жакшы иштерди баштагыла.
Кыргыздар салыштырсын өзүңөрдү,
Калдайган тоосу менен таштарына.

## КҮЗҮНДӨГҮ БӨРҮЛӨР

Наразы эмес жайдын жашыл абасына,
Нык тоюшуп суурлардын майына,
Тынч эс алып семиришет бөрүлөр,
Тийбей элдин кою менен жайына.

Бөрүлөр да амандыкты тилешет,
Бөлтүрүгүн алдыга оз !- деп сүрөшөт.
Эрикпестен этин жешет суурдун,
Ээн төрдө эс алышып түлөшөт.

Күчтүү тишин күндө кайрап канжардай,
Кубаттанат курсагы ачып каржалбай.
Көк бөрүлөр суур кирсе чээнине,
Кайра түшөт адатына мал жармай.

Айланасы боло калса агылга,
Насип буйруп чыга калса табылга.

Айла- амалын ач бөрүлөр колдонуп,
Азуусунан барч- барч сынат кабырга.

Тынбай үрөт түндө даана көрүүчү ит,
Там үйүндө кечки чайын эл ичип.
Жашырынат жаш мергендер атууга,
Жасатам деп жарашыктуу бөрү ичик.

**КӨК ӨЗӨН**

Ат токунуп алыс эмес жөнөсөм
- Көпкө келбей, кайда жүрдүң? - дебесең.
Мага кымбат туулган жердин бир бурчу,
Сен жашаган жайлоодогу көк өзөн.

Жака жактан көк өзөндүн тарабын,
Жадабастан кайра-кайра карадым.
Канткен менен мага эмеспи канимет,
Көзгө элестеп эрбеңдеген караанын.

Кандай сонун июлдагы көк өзөн,
Көк өзөндү карайт үйдөн терезем.
Сабыркабай салкынында ошонун,
Сак-саламат жүрсөң болду сен эсен.

**АК ӨРГӨӨ**

Асыл салтты аталардан сурайбыз,
Аны урматтап учун улам улайбыз,
Ак үй деп биз бийлик үйүн эмне үчүн,
Океандын ары жагын туурайбыз.

Гүл турмуштун кызыгына баталык.
Күндө бирден четтетилип каталык!
Бийлик үйү калса сонун болбойбу,
Ак үй дебей Ак өргөө деп аталып.



Алп өлкөнү тууроо бизге не керек?
Архитектор долбоор чийип керемет.
Салынса экен биздин бийлик үйү үчүн,
Зор имарат Ак өргөөдөй тегерек.

**МАЙРАМДАЙЛЫ НООРУЗДУ**

Нооруз келсе күн менен түн теңелет,
Же Норузгүл, же Норузбай төрөлөт.
Жетишкендик желбиресин туу болуп,
Жетишпестик жерге кирсин көмөлөп.

Нооруздан соң жаз жалкоого суз карап,
Жатпа үйгө- дейт,- жанды багып кысталак.
Күн уламдан көп иштөөгө узарса,
Түн уламдан аз уктоого кыскарат.

Кемибейли кетпей турган барк келип,
Кейибейли кырсыкты айткан кат келип.
Маанайыбыз барыбыздын жаркылдайт,
Мына бүгүн Нооруз майрам, март келип.

Биз адамдар гүлдөргө окшоп күбүлгүс,
Алдыга үндөйт асыл максат түңүлгүс,
Нечен-нечен келе турган жылдардын,
Майрамдайлы Ноорuz тоскон күнүн биз.

Мына-мына Ноорuz майрам башталды,
Чакыр ырчы, чакыр бийчи жаштарды,
Ысырыктоо ырым ата- баанын,
Түтөт арча түтөт адырашманды.

Сайманң барбы, алып чык деп колу узду,
Сайраталы үч кыл өрүк комузду.
Алас, алас ар балээден калас- деп
Мына бүгүн майрамдайлы Ноорузду.

## ЧЫРАГЫ КЫРК

Уйпалап өз баркыңды кылба чыгым,
Уккан соң узак сөздү ылга чынын.
Абалтан ак калпактуу кыргыз элим,
Айтышат:- Чырагы кырк ургаачынын.

Махабат көңүлдөгү ири дайра,
Каңтарбай кайыгыңды минип айда.
Кырк чырак тегиз күйбөйт ургаачыга,
Бири өчсө, анан күйөт бири кайра.

Кызынын кызыктырып курчураагы
Уулунун өсүп - өнүп тың чыгары!
Жашоодо жакшы эмеспи ургаачыга,
Жаркырап өчпөй турса бир чырагы.

## СОҢКУ ӨТҮНҮЧҮҢДӨ

Душмандыгың сөөгүңө баткандай,
Менден качып алыстайсың жаттардай,
Тогуз жолу айтканыңды аткарып,
Койдум эле онунчусун аткарбай.

Кабак чытып өзгөртөсүң түрүңдү
Көбүрткөнсүп көңүлдөгү кириңди.
Токсон тогуз жолу сага тил алып.
Бир жолу эле албай койсом тилиңди.

Сага жумшап адал мээнет күчүмдү,
Сунушуңду аткарганым үчүнбү?
Сурданасың... Анда орундатмакмын,
Соңку мага айткан өтүнүчүңдү.



## АЛТЫН КАЗЫК ЖЫЛДЫЗЫ

Жер шары үчүн жүрөгүндө кири жок,
Же жамандык жасаар ага түрү жок
Турат дайым Алтын казык жылдызы,
Түндүгүндө түнкү ааламдын түбү жок.

Алтын казык жылдыздардын ыраагы,
Ажарланып бизге сүйкүм ыраңы.
Түн киргенде туура жолду көрсөтүп,
Түшүнгөндүн адаштырбас куралы.

Аралашып арамдыкка булганбай,
Адал жашап насибинен кур калбай,
Ата журтум дайым сенде ал турса дейм,
Алтын казык өз орунда тургандай.

## ЖАМГЫРДАН СОҢ

Отту бүркүп булут бугун чыгарып,
Обо жактын ой- санаасы чыңалып,
Тоо этектеп жамгыр төгүп келетат,
Тор көйнөгү жерге тийип чубалып.

Жарашыктуу шөлбүрөгөн көйнөгү,
Жамгыр деген жаратылыш көйрөңү.
Жашыл болот ал токтосо талаалар,
Жашыл болот тоолорумдун бөйрөгү.

Жерге тийип көйнөгүнүн учтары,
Жүзөгө ашып дыйкандардын күч-камы.
Жамгырдан соң жагалданып нурданат,
Ала-Тоонун ар бир көнул бурчтары.

## КЕЧМЕЛИКТЕР

Кадырман аялзаттар бизди арбаган,
Кабылса алар зордукка жүз каргаган.
Кыргыздар кечмеликке окшоштурат,
Кечкен соң агымында из калбаган.

Карадан дайым бөлүп акты ылгаган,
Капага салчу иштерди жактырбаган,
Кереги кимге ошондой кечмеликтин
Бизге турмак итке да изин калтырбаган.

Ар дайым кечмеликтей таза агымы.
Аялдар сындырбастан назарыңды.
Арада аман - эсен жүрө берсин,
Асылга айландырып азабыңды.

## ЖОЛООЧУ

Чууруп түшөт сууга жылкы кыядан,
-Чайк !- дейт бүркүт зоокадагы уядан.
Жака жактан келе жаткан адамды,
Кымыз ичип кет дебесем уялам.

Ал ажайып теребелге баш уруп,
Бара жатат жашыл төргө ашыгып.
Кымыз ичип кет дебесем жаманда,
Кире качып мен үйүмө жашынып.

Этегимди булкат шамал кутуруп,
Ээн тескейден ар кыл чөптүн жыты уруп.
Кымыз ичип кетсе үйдөн жолоочу,
Калгансыймын оор жүктөн кутулуп.



## ЧАЛ КЕЛЕТАТ

Асманында алгыр бүркүт айланып,
Асты жакта күмүштөнөт дайра агып.
Чал келатат чабдар атчан жакага,
Чалкылдаган чаначтарын байланып.

Жигит кезде сезип күйгөн өрт өзүн,
Фашистерден коргоп келген өлкөсүн.
Чал келатат чабар атчан жакага
Кенже уулуна өңөрттүрүп серкесин.

Чал келетат чабдар атчан жакага,
Чалкып нымшып батпай санаа- капага,
Төрдө отуруп малын баккан уулу бар,
Эң кайрымдуу ата менен апага.

## КҮЗГҮ ЖАЙЛОО

Жайлоочулар көчүп кетти жакага,
Кош айтышты саргайыңкы такыр журт,
Ар кыл гүлдөр батты куурап капага,
Андан чыкпай жайдагыдай атыр жыт.

Төрдө оттогон калың малды көз көрбөй,
Тып басылып бака-шака добуштар,
Айлана тынч кулак-мурун кескендей,
Ойго чөгөт ээн калган конуштар.

Жондон түштү бөрү жортуп ылдыйлап,
Курман болуп ага малдын дуушары,
Кышты тосуп тоңом го деп турду ыйлап,
Жаагын жанат жалгыз гана суу шары.

Каарыйт бетти суук шамал чамынып,
Күзгү жайлоо унутулгус элесин.

Жапа чекпе жакында ак кар жамынып,
Жазга чейин ээндикке көнөсүн.

## КҮМҮШ ПЛЮС

Алыска уча турган күнү белен,
Ал сүрдүү күркүрөгөн үнү менен.
Асманда бара жатат күмүш плюс,
Айтсам мен алгебра тили менен.

Кыргызда саба толо кымыз кенен.
Баа алып жашоолору дурус деген
Аябай байыса экен асманыбыз,
Жаркылдап учкан күмүш плюс менен.

Көпбүз деп жалгыз сезбей күлкүл өзүн,
Көктө учуп күмүш плюс күркүрөсүн.
Көбөйүп байлыгыбыз плюс менен,
Кыргыздын өркөнү өсүп дүркүрөсүн.

## ТҮНДҮГҮМӨ КОНСО ЧЫМЧЫК

Бээ саашат балдар салып кулунду улам,
Ичемин кымыз толгон чынымды улам.
Тийгизбей жакшылыктын белгиси деп,
Түндүккө консо чымчык ырым кылам.

Ал чымчык булактатып ак куйругун,
Тартуулайт таттуу тилин, так кыймылын.
Туусуна түндүгүмдө тартып койгон,
Тууган эл - кыргызыма бак буйругун.

## ЖҮРӨК ТАШ

Кыраан куштар айландырган түнөккө,
Жалтаң турат окшош кудум жүрөккө !



Жайытка бул "Жүрөк таш" деп аталган,
Жайып малды жетеличи тилекке.

Сен үй тиксең, мен да тигем жаныңа,
Кымызы бал ичкен болбойт зарыңа.
"Жүрөк таш" деп аталган бул жайыттын,
Жүрөгү эрип турат дайым малына.

Алыс эмес ортодогу аралык,
Быйыл дагы Жүрөк ташка баралык.
Бирок түнкү ууруларды калыптыр,
Жүрөгү таш болуп элге жаралып.

Милдеттүүбүз малыбызды багышка,
Чыкпай анын жанынан түк карышка.
Учур бышып жетилди го уурунун,
Таш жүрөгүн быркыратып жарышка.

## ТИРИЧИЛИК

Өрдөктүн бири сүзүп, бири чумуп,
Көчөттүн бири өсүп, бири чирип,
Жумуш көп бири бүтсө, бири бүтпөй,
Элетте чачтай арбын тиричилик.

Семиртип саткан малы базар алды,
Себүүгө жазгы үрөн тазаланды.
Эркинбай эмнегедир жакшы көрөт,
Эрикпей тиричилик жасаганды.

Түшүнүп антпесе азап чегерине,
Көп чачпай көнгөн оокат ченемине.
Аземдүү жашап жатат Эркинбайлар,
Айланып тиричилик чеберине.

## 2001-ЖЫЛАН ЖЫЛЫ ЖӨНҮНДӨГҮ ЫРЛАР

### 1.Кел, жаңы жыл

Кел жаңы жыл, айдың көлдөй көшүгүн,
Арбыта көр журттун ырыс-кешигин.
Ачып жатат жылан жылы быйылкы,
Адамзатка жаңы кылым эшигин.

Кел жылан жыл, жылан болуп эсирбе,
Жыргал болуп калгын элдин эсинде.
Кемибестен керегибиз табылып
Кең жашайлы жолукпастан кесирге.

Кел жылан жыл-жылан болуп ышкырба,
Кыргыз элин кыйындыкка туш кылба,
Кезикпестен кыздар чала тагдырга,
Кезикпесин келин кандуу муштумга.

Кел жаңы жыл, кел айтылуу жылан жыл,
Кырсык иштин кыл тамырын улам жул.
Капсалаңдуу адатыңды баштабай,
Калкыбызды капалантпай кубандыр.

Кел жаңы жыл, босогону аттагын,
Кыргызга арнап пейилиңдин аппагын,
Атың жылан жылы болсо мейличи,
Өзүң жылан болуп элди чакпагын.

Кел жылан жыл, дароо кириш кызматка,
Бакыт кушун байырлатып устатка.
Журтчулуктун жыргал турмуш жылы бол,
Журтчулуктун эт жүрөгүн сыздатпа.

Кел жылан жыл, элге жарат демилге,
Элге керек эстүүлөргө көрүнбө.



Эл кыйналып такыр болот деп айткан,
Эзелки сөз чыксын быйыл төгүнгө.

Кел жаңы жыл Жылан жыл деп аталган,
Жакшы эмеспи каргыш укпай бата алган.
Инсандардын ишмерлери эң керек,
Иштей берсин кетпей алар катардан.

### 2 . Жылан жылы жазында

Жылан жылы бир жарым ай мурдараак,
Жаз келди деп элдин жүзү нурданат.
Айдоо жакка кетмен, күрөк салынган,
Арабаны алып учат ылдам ат.

Жатып албай дыйкан күчүн үрөдү,
Жаздык айдап жетип колдо үрөнү.
Убагында жашылчасы эгилип,
Унутулбай себилди алтын жүгөрү.

Алма гүлүн алып жаздын үшүгү,
Капа кылды далай багбан кишини.
Кабылбастан кырсык иштин бирине
Кудай оңдоп кийинки бүт ишиңи.

### 3. Жылан жылы жайында

Тамчы тамбай койду деп эл үшкүрүп,
Таштар ысык кактагансып шишке илип.
Жанындагы арык суудан кана ичип.
Жашылчалар жанданууда иш жүрүп.

Чөөлөр түндө бадалдардан улушуп,
Чөптөр куурап, курай гүлү курушуп,
Аз уктоодо жылан жылы дыйкандар,
Айлуу түндө эгинге суу бурушуп.

Жалгыз гана шалбаа чөбү теңселер,
Чаңы чыгып какшып турат дөңсөөлөр.
Куунак жаштар жыйып алар түшүмүн,
Кургак жайды баба дыйкан жеңсе эгер.

### 4. Жылан жылы күзүндө

Жамгыр дале жаамак турсун тамган жок,
Камырабай эмгек эттик арман жок.
Жылан жылы кеч күзү узак созулду,
Картошкалар кар алдында калган жок.

Тоңо элек арык суусу муз болуп,
Айдоо колду үшүткөн жок сыз болуп.
Төө буурчакты жыйып алды дыйкандар,
Ноябрга чейин жылуу күз болуп.

Кырк тоннасы жер төлөгө катылып,
Кырк беш тонна төө буурчагы сатылып,
Күлүңдөгөн жаш дыйкандан жалкоолор,
Карызга акча сураган жок батынып.

### 5. Жүз он кабат имарат

Удургуган узун куюн чубалат,
Үч самолет бирин- бири кубалап
Урунду эле... Зор өлкөнүн сыймыгы
Урап түштү жүз он кабат имарат.

Жалдангандар нашаа чегип, мээ чирип,
Кыйла өмүрдү салды дароо өчүрүп.
Урандыдан төрт жарым миң күнөөсүз,
Чыгабыз деп чыкпай калды кечигип.

Укмуш үйдү ураткандар сүйүндү,
Уул, кыздан кол жуугандар күйүндү.



Ушул иштин себеби деп Бен Ладен,
Зор өлкөнүн кабак- кашы түйүлдү.

### 6. Афган эли

Ок дарыны ташып келип тонналап,
Афган элин эртели кеч бомбалап
Аяган жок ачууланган зор өлкө,
Жарадарлар жатты онтоп кол карап.

Жупуну элде жокко күнөө кымындай,
Жатат аны неге кырып чымындай
Кайда жүрөт күнөөлүүлөр жашынып,
Карегине зор өлкөнүн урунбай.

Залалы жок элдин жайын түшүнүп,
Согушта да керек го дейм кишилик.
Укуругу узун өлкө албайбы
Уучуна күнөөкөрдү түшүрүп.

### 7. Жылан жылы коштошту

Тескейлердин эрий элек жыш кары,
Эмнегедир бүгүн жокко кыш кaары.
Жамгыр жаады жылан жылы кетерде,
Бул кубулуш болду адаттан тышкары.

Ак кар азыр аз күнгөйдө, аз кырда,
Азыр түк жок эч белгиси жаздын да.
Жаткан болчу жылан жылы коштошуп,
Жамгыр жаады жаңы жылдын астында.

Күндүз эрип карлар кетпей беттеги,
Азыр ыраак жылдын жазгы көктөмү.
Кандайдыр бир жагымдуулук жаратты,
Жамгыр төгүп жылан жылдын кеткени.
31.12. 2001- жыл.

14-714

## ТҮЛӨӨ ТАМАК

Уул- кызымы Кыдыр аке даарысын,
Узак жашап аман-эсен карысын.
Түлөө тамак жеп кетсин деп чакырам,
Тууган элди жашы менен карысын.

Каракчылар уурдабасын малымы,
Коробосун жүрөгүмдүн жалыны,
Күздө берген түлөөмө калтырбай,
Көчөлөштөр чакырамын барыңы.

Жамандыкты жасабаймын бирөөгө,
Жакшылыкты адат алгам сүрөөгө.
Бакыт мени чанбаса деп чакырам,
Баарыңарды жазда берген түлөөгө.

Сапарымдан сак-саламат келейин,
Замандаштар ага түлөө берейин,
Мээнетиме түкүрбөчү эч качан,
Мен өзүңдү эгизимдей көрөйүн.

Бир көчөдө силер менен жүрөмүн,
Мага дурус пейлиңерди билемин.
Түлөөдөн соң барыңардан бата алып,
Жүзөгө ашып кабыл болсун тилегим.

## УЛУУ КЫЙМЫЛ ОЮНУНА

Карабастан кыйры чексиз зоруна,
Карабастан милдетинин ооруна,
Аалам ! Аалам! Перзентим деп Жер шарын
Эркелетет бекем кысып бооруна.

Жер шарыбыз ынак аалам койнуна
Ак мээнетин анын алып мойнуна



Күндү айланып күнү- түнү тынымсыз
Катышууда улуу кыймыл оюнуна.

Бизге дары суусу менен абасы,
Бизге Ата журт тоосу менен талаасы...
Аалам ! Аалам! Эзелтеден сырыңды,
Изилдөө адамзаттын баласы.

## ДУНГАНДАР

Аралашып арабызда тургандар,
Бизге жек жаат, бизге катташ дунгандар,
Дал ошолор жерден түшүм мол алып
Дал ошолор зор байлыкка тунгандар.

Бир да чоко калтырбастан майдалап,
Үрөн сээп айдоо жерди саймалап,
Дунган уулу түшүм жыйып күзүндө,
Соода жасап сукганаарлык пайда алат.

Кыргыз менен дунгандардын ортосун,
Бузам деген бузукулар онтосун,
Сата берсин дунган байлап уй, өгүз.
Сата берсин дунган манту, сорпосун.

## БОСОГО

Босогону эссиз келин тебелер,
Босогону басып турсан жемелер,
Босогону үй ээсине теңешип,
Байыртадан ыйык баалайт энелер.

Келбей койбо дайым бизге каттагын,
Кирерде босогону аттагын,
Коншу келин үйүбүздүн ээсине,
Ал билгизет пейлиңдин аппагын.

Сага түшүп жүргөнү чын кастарым,
Келсең үйгө босогону баспагын.
Толук эне толук наркты сактасаң,
Тосуп алат төргө жайып дасмалын.

## ДАСМИЯМ

Меники эмес элдики да бул аймак,
Малымды элдин малы менен бир айдап,
Манчыркабай кичинекей бактыма,
Мээнет этем эртели кеч кудайлап.

Кары- жаштар тойго келсе жыйылып,
Кымыз сунса ак чыныга куюлуп,
Кеп кезеги келсе мага ыр окуйм,
Хан Манастын арбагына сыйынып.

Керт башымды ар киминен пас туям,
Көңүлүнө кеп-сөзүм жок кас-зыян,
Угайын деп, замандашым, кызыксаң,
Ушул менин болгон-толгон дасмиям.

## ЖАЗЫМЫШЫМ

Тулпар атын чү дейт мезгил камчы алып,
Туна албадым мен дөөлөткө анчалык.
Көп катары жашап жүрөм билбеймин,
Көрөр күнүм ичер суум канчалык.

Окуюн деп жазуунду маңдайым,
Окуй албай бушайманмын ар дайым,
Жашырасың качан болсо билгизбей
Боло турган жазымышым кандайын.

Эки көзүм таң атканча илинбей,
Эртең антем минтемин деп бүлүнбөй.



Жашайынчы эл катары бейкапар
Жазымышым жүргөнүн оң билинбей.

## ЭЙ, КУЗГУНДАР

Эй, кузгундар көзү курч,
Ээндикте эргип ойноп безип уч.
Адам көзү эмес сенин көзүндөй
Адамдардын акылы курч, сөзү курч.

Эй, кузгундар, чимирилип ойноп уч,
Оокат издеп ой, кырларды койбой уч.
Жаратылыш сага канат, көз берген,
Бирок, биздей эмессиң сен ойлогуч.

Эй, кузгундар!
Адам минбей жалаң гана курч атты,
Айдашпастан жалаң эгин буурчакты.
Акыл менен азыр жасап жатпайбы
Сенден чебер чимирилер учакты.

Эй, кузгундар !
Бир-бирине көрсөтүшүп үлгүнү,
Бир кылымга тете болуп бир күнү,
Сенин дагы көздөрүңдөн көрөгөч,
Жасап алып жатышпайбы дүрбүнү.

## ЖЕР ЭНЕГЕ АРНАП ТУРАТ

Обонун торгой үчүн баркы барбы,
Обого берген анын анты барбы?
Ободо сайрап жатса аны дароо,
Жер эне магниттей тартып алды.

Торгойду обо дайым арбап турат,
Түшүнбөй кош канатын кармап турат,

Бирок ал мукам үнүн обого эмес
Ар дайым Жер-энеге арнап турат.

## АДАШКАН ЖАЛГЫЗ КАРКЫРА

Бакыттын изин издеп ай талаадан,
Мен жүрсөм айдоо бетин майдалаган.
Үн салып өткөн кече каркыралар,
Үч бурчтук жасап көктү саймалаган.

Абадан алар шашпай агып өткөн,
Асманга кара мончок тагып өткөн.
Жагымдуу жаз обонун улам кайрып,
Каркылдап канаттарын кагып өткөн.

Жетүүгө түштүк жакка кар баспаган,
Өтүүгө тал чокудан жан баспаган.
Өз тобун бүгүн кууп келе жатат,
Ободо бир каркыра далбастаган.

Сапарда каркыралар кексе келет,
Сабына кыраан тигип тепсе керек.
Алдастап мына ошондо бул каркыра,
Адашып өз тобунан кетсе керек.

Тийдиби же аларга күчтүү куюн,
Куюнга каркыралар эмес буюм.
Куюгуп мына ошондо адаштыбы.
Себебин, иши кылып, айтуу кыйын.

Заматта өттү арадан бир күн, бир түн.
Зарсанаа ойго чөгүп түркүн-түркүн,
Сабынан бөлүнгөнбү бул каркыра.
Сабыркап сыркоосунан байкуш мүмкүн.



Жерге азыр конбойт окшойт кебетеси,
Жашоодо өз тобу эле берекеси.
Же чыгып же болбосо артта калбай,
Жарышат өзү менен көлөкөсү.

Обдулуп бүт денеси тынбай иштеп,
Оозуна чымын жанын барат тиштеп.
Жеп ал деп бир нерсени шам- шум этип,
Жер-эне өтүнүүдө мага түш деп.

Каркыра канаттарын шилтейт чыйрак.
Көзүндө тамчы жаш жок, көңүлү ыйлаак.
Жетер ал өз тобуна эртең мүмкүн,
Жүрөгү көөдөнүндө турса туйлап.
.
Азабын тартып учат жалгыздыктын,
Жалгыздык белгиси окшойт алсыздыктын.
Кыйкуулап каркыра куш кайраттанат,
Кырсыкка болору чын ансыз туткун.

Алыптыр алтын үмүт айдап аны,
Ал учар түгөнгөнчө айла - амалы.
Ойлогон ою аларды кууп жетүү,
Өз тобу кетсе да өтүп айдан ары.

## ЭКИ ЭМЧЕГИ СЫЗДАСА

Эки эмчеги сыздаса эгер энеси,
Эстейт дароо уулун жүргөн алыста.
Ойлой берет:- Соо болсо экен деги өзү,
Же жарабай жүрөбү деп намыска.

Сыздаса эгер эки эмчеги, жүрөгү,
Ойлойт эне жатса дагы турса да:
- Каралдымдын бир жери ооруп жүрөбү,
Же болбосо баттыбы деп ызага.

Эң бир ыйык эки эмчегин эненин,
Колдон келсе сыздатпайлы эгерим.
Алыста, же жакын жүрсөк сыйласын,
Азаматтын азаматы деп элим.

## БИРИ КЕМ ДҮЙНӨ

Алтын тура акылдуунун келдеси,
Аяр карап тийбесе экен эл көзү.
Ага көптү берип айкөл дүйнө- өмүр,
Аяп бирин бербей койгон эмнеси.

Ага дүйнө кубат берди талбаган,
Ата журтка ак эмгегин арнаган,
Бир арманы, бирок, анын ичинде
Миңин жеңип бирин жеңе албаган.

Асманга учту, сүзүп көрдү деңизди,
Максаттары орундалды негизги.
Бирок анын бир арманы ичинде,
Көргөн жокмун телегейи тегизди.

## КҮЗ ӨҢҮ

Берекеге батабыз го биз эми,
Буйруганын берер айдоо түзөңү.
Ак теректер, ак кайыңдар саргайып,
Алтынга окшош болуп турат күз өңү.

Жер жемиштин бирин койбой үзөмүн,
Жер төлөөнүн текчесине тиземин.
Өнөктөшкөн дыйкандарды жыргаткан,
Өпкүм келет сары алтындай күз өңүн.

Алтын күздүн алып арбын майнабын.
Ысык нанга сүйкөп жешип каймагын,



Ырын ырдап элеттиктер дуулдайт,
Өткөрүшүп күздүн түшүм майрамын.

## ЭМЧЕК СҮТҮ

Арам ойго таштай катуу түйүлөт,
Адал ойго эргип анда делебе,
Эки эмчегин эмген бала сүйүнөт,
Эки жүз миң алкыш аз го энеге.

Эмет аны ар бир бала кызыгып,
Эстейличи анын жытын эгерим.
Эмчек сүт - бул кандан чыгат сызылып,
Эргип өтүп жүрөгүнөн эненин.

Угармандар угаар аны терикпей,
Жарашат го кандай гана мактасак.
Эмчек сүтүн элим үчүн эрикпей,
Эмгек этип арманы жок актасак.

## БИСМИЛЛА АПА

- Бисмилла- дейт береринде батаны,
- Бисмилла- деп айтат билсе катаны.
Пейли таза байбичени билгендер,
"Бисмилла апа "- дешип аны атады.

Бисмилла !- дейт отко ыргытып көмүрүн,
- Бисмилла !- дейт суудан сүзүп көк ирим.
Көнгөн сөзү көрктөндүрүп тургансыйт,
Качан болсо байбиченин өмүрүн.

- Бисмилла !- дейт нарыстени өбөрдө,
- Бисмилла !- дейт бир жакка үйдөн жөнөөрдө.
Бисмилла апа мага жакын кошуна,
Жолугам деп издесеңер эгерде.

## ТИРҮҮ ЖЫЛАН ЖЕП АЛЫП

Элим жашайт алп тоолорду Мекендеп,
Эл ичинде калбайт жашап бекер кеп,
Айылдаштар айтып жүрөт эрдигин
Ардакташып Бөрүбайды Бөкөм деп.

Селт деп үрктү кара жолдон аты ылдам
Кайран Бөкөм уу жыланды катылган,
Аттан түшүп тирүү кармап өлтүрбөй
Ага тишин качыратып батырган.

Кош колунда жылан туйлайт макулук,
Оңой бекен коркпой чайноо батынып
Көрүп аны маркум кудам Калыбай,
Качкан дешет кара жолдо бакырып.

Жердешибиз Бөкөм тура эр анык,
Жыланды бүт тирүү бойдон жеп алып,
Желден элпек эртеси өзүн сезиптир,
Таң атканча денесинен тер агып.

## ТУУГАН ЖЕРДЕ КЕЧ КИРҮҮ

Күн жашынып ак чокуга көчкүлүү,
Кандай сонун тууган жерде кеч кирүү.
Кызыл чапан кийип алып булуттан,
Каадаланат кадимки тоо Эчкилүү

Топ көгүчкөн канаттарын сабалап,
Түнөк издей аскаларды аралап,
Кызыл чапан Эчкилүү тоо жасанып,
Тосмо көлдү көзгө алып каранат.

Көңүл кечки бейкуттукту жактырат,
Көз байланып көрсөтпөдү жакты ыраак.



Кызыл кийим чечип салып жана эле,
Кетти уйкуга Эчкилүү тоо магдырап.

## КЕЖИР КЫШ

Кеч күз кетти, октябрь ай аяктап,
Калбай чөбү такырайды аянт жак.
Көчүп келди кечикпестен кежир кыш,
Кетпейт төрт ай кет десең да таяктап,

Тызылдайт бет тышка чыксаң таң азан,
Тунжурайт кар түш тарпты карасаң.
Тур кет десе кетпейт төрт ай кежир кыш,
Тоотпойт ал бакан менен сабасаң.

Кежир кыштын каршылыгы ашынар,
Кир ойлорун иш жүзүнө ашырар,
Короочу ит да суугуна чыдабай,
Кык төшөлгөн ылымтыга жашынар,

Ишине тың дыйкандардын камы бар,
Ичи жылуу от жамынган тамы бар.
Кежир кыштын кылыгынан коркпойт ал,
Короосунда жем, чөп жеген малы бар.

Кийип алып суук өтпөгөн тон, ичик,
Кыштактагы жаш дыйкандар жоро ичип,
Канчык тууган эшиги жок уяга,
Кыйналышып кыңшылоодо он күчүк.

Кежир кыштын кылган иши кеңейип,
Бой көтөрөт качан болсо керейип.
Тонсуз карга жатып калган мастарды,
Тоңосун дейт суугума селейип.

Кежир кышта кечке жуук жел жүрөт,
Кол салат деп көк бөрүлөр келжиреп.
Жылга-жыбыт, колот-кокту ичинде,
Жылкы көздөйт жылкычылар эр жүрөк.

**МАХАБАТ**

Махабат деп мөңгү айткансыйт жаркырап,
Махабат деп суу аккансыйт шаркырап,
Махабаттын жеткирем деп айылына,
Минер замат буудан атың алкынат

Ай, жылдыздар махабатка чакырат,
Ак кайыңдуу бакка кел деп батыраак.
Ажырашпай ашык болгон эки жаш,
Адатындай аппак таңды атырат.

Жаратылыш туруу үчүн түбөлүк,
Жаралганбы махабаттан ширелип,
Жаңыргансыйт махабат деп аскалар
Аюу төрдүн асманына тирелип.

Махабатпы ысымы алтын өмүрдүн,
Махабатпы канаты ачык көңүлдүн.
Бассак- турсак ыраазыбыз өтө биз
Махабаттай белегине Теңирдин.

**ИЧКЕ БУЛУТ ЧУБАЛГАН**

Төгүп жамгыр кой эчкилер чыдады,
Түнү бою туягы эзип чыланы.
Эртең менен күн ачылса көрк берип,
Тоо боорунан ичке булут чубады.

Быйылкы жыл жамгыры көп жыл болуп,
Күн ачылса айлана алтын нур болуп,



Чубап жылган ичке булут боордогу
Бийик тоого жарашкансыйт кур болуп.

Айлана тынч шамалдын жок өктөмү,
Чубап жылган ичке булут беттеги,
Үйгө кирип кайра чыгып карасам,
Дайыны жок каяка жылып кеткени.

**БУЛАК БАР**

Борошолоп кыштын күнү урат кар,
Басып туман бакты чүмкөйт бубактар
Ошого да моюн сунуп тоңбостон,
Оргуп чыккан аска алдында булак бар.

Күн бүркөлүп жаап турат улам кар,
Кайра ачылып таркап кетет тумандар,
Аңкаганда ал булуттан суу ичип,
Асманына көтөрүлөт кыраандар.

Карап турат типтик кызыл жалтаңдар.
Тунук сууну адам эмес мал тандар.
Өрдөн түшүп ал булуттан суу ичет,
Өтө сактык менен келип калтарлар.

Жөө барайын, ат минейин дебейин,
Кайда тонум кайда менин мээлейим.
Ал булактын шылдыраган дабышын,
Арзып турам барып тыңшап келейин.

**АССАЛООМАЛЕЙКУМ !**

Канимет алам карап сүрдүү кырын,
Кыргыздын Ала-Тоосу кымбат маган.
Андан мен эртең менен күндүн нурун,
- Ассалоомалейкум! - деп тосуп алам.

Улуу Күн баарыбызды тең көрөсүң,
Калыстык мүнөзүңө таазим этем.
Жалбырак түркүн гүлгө өң бересиң
Жарыгың жан бүткөндүн насиби экен.

Булуттар кээде тозуп, кээде бозду,
Биринчи жакшы сөздү оозума алам.
Чыкканда Улуу Күндү- улуу досту,
- Ассалоомалейкум! - деп тосуп алам.

## ЧЫМЧЫКТАГЫ ӨТҮНҮЧ

Анын үнү чыга койбос бат ойдон,
Боору кызыл, канаты боз ботойгон,
-Эже, бээ саа !- деп сайраган чымчыкты,
Эртели кеч кезиктирем токойдон.

Толкуй берсин жүрөктөгү кубаныч,
Талдан талга тынбай сайрап улам уч.
Жылкы күтүп бээ сааса экен ар бир үй,
Жүзөгө ашып чымчыктагы сураныч.

Жокчулукту жоготконго жетип күч,
Жумуруңа жукчу ашты жетим ич.
Ар бир үйдө бээ сааса экен эжелер,
Орундалып чымчыктагы өтүнүч.

## МЕЗГИЛ ТЭЭП САЛАР ЧЕТКЕ

Адырда ээн калган койго шашпай,
Айдалган эгини мол ойго шашпай.
Бир жутум арак издеп,
Бир тиштем эт издеп,
Айылдын жаштары неге тойго шашат ?!

Терем деп айдоодогу ташка шашпай,
Чабам деп даны алтын башка шашпай.



Бир ашам ботко издеп,
Бир тилим эт издеп,
Айылдын балдары неге ашка шашат.

Шашпастан жашоодогу ири ишине,
Шашпастан жерден алган үлүшүнө,
Арак ичип карызга,
Кулап жатат аңызда,
Капамын айрымдардын жүрүшүнө.

Эмне үчүн чындык ишти айтпайм бетке,
Кызыгып бекер арак, бекер этке,
Жүрө берсек
Бүгүнкү ишти
Эртең кимге сүрө берсек,
Жаштарды мезгил тээп салар четке.

## КЫРГЫЗ КАНЫ

Чолпонбайдын жүрөк каны куюлган,
ДЗОТтогу пулеметтун оозуна.
Дароо анын жааган огу тыйылган,
Биздикилер чабуул коюп жоосуна.

Кан майданда эрдик кылды ал чыдап
Көкүрөгү онурайып тешилген,
Чолпонбайдын калган каны тамчылап.
Денеси анын тынч уйкуга көшүлгөн.

Дайралардын агымына көбүргөн,
Же талаада, же ичине көчөндүн
Кыргыздардын каны суудай төгүлгөн,
Каны менен согуштагы нечендин.

Чыга коёт кантип ошол көңүлдөн,
Барсам, мүмкүн, көздөн жашым буурчактап,

Россия, кыргыз каны төгүлгөн
Жерлериңди өпкүм келет кучактап.

## КЕЧИРДИ АЯШ КҮНӨӨСҮН

Эстегиле эч убакта эскирбе,
Анда согуш дүнгүрөтүп чалды ойнун
Кыл апаттуу ошол азап мезгилде,
Кээ бир аяш чанбай ачкан чал койнун,

Согуш жакпайт адам турмак айбанга,
Коё албайбыз аяштарга күнөөнү.
Эри болсо эрте аттанган майданга,
Коргоо үчүн Ата журтту, бүлөнү.

Кан кускур деп душмандарды каргаган,
Жазып катын жөнөтчү аяш эрине.
Эгер жытын сезип калса чукулдан,
Эрип кетчү абышканын терине.

Ошол аяш ооз барбайт айтканга,
Төрөдү уул абышканын биринен.
Аман- эсен кан майдандан кайтканда,
Арылабы эри  көңүл киринен?

Жоокер эри ордендерин тагынып,
Көп күттүрүп кан майдандан кеч кайтты.
Жеңелери бирден келип жагынып,
Жаш жарынын жосунсузун кечке айтты.

Жоокер болсо жеңелерге түз эле,
- Жаш жарымдын кечирем дейт  күнөөсүн
А баланы отургузуп тизеге,
Ыйгарды ага сылык - сыпаа мүнөзүн.



Жеңелери кызыректайт уялбай,
Энеси айтты : - Эр экенсиң кулунум...
Жары минтет көздөн жашын тыя албай,
- Сага арнаган махабаттын кулумун !

## АК КОФТАЧАН САГЫЗГАН

Адам канын согуш суудай агызган,
Андан кабар угуп турдук алыстан.
Аскердеги агам келет окшойбу,
Үй алдынан шакылыктайт сагызган.

Көп кечикпей тосуп алдык агамды,
Көңүлдөрү ата- эненин агарды.
Апаатта ошол ак кофтачан сагызган,
Айтуучу эле жакшылыктан кабарды.

## ПАЙДАЛАНЫП МЫЙЗАМДЫ

Мен өзүмдүн терс жагымды тыйсамбы,
Мен өзүмө жеңилбес көч жыйсамбы ?
Кадыр күтүп калк ичинде түз жашап,
Качан болсо пайдаланып мыйзамды.

Үлгүрөлү ар бир сабын жаттоого,
Адат алып аны ыйык сактоого,
Жашап көнсөк мыйзам менен турмушта,
Анда биз эл арзый турган мактоого.

Бийлик ээси, карапайым адам да,
Ар кадамды мыйзам менен кадамда.
Мына ошондо өкүм сүрүп теңчилик,
Мээрим төгүп калыс болот заман да.

15-714

## НАН ЖАНА АЛТЫН

Алоолонуп махабаты жагылып,
Алтын сөйкө, алтын шакек тагынып.
Айлар, жылдар, өтүп жатат арадан ,
Аруу келин алганына жагынып.

Аруу келин төрөдү кыз баланы,
Алганы ооруп начарлады абалы,
Каза болду какшап ыйлап жесири
Айла барбы салынбаска караны.

Өттү убакыт үйдө нан да, чай да жок,
Ачка болсо алтыныңдан пайда жок
Аруу келин алтын сөйкө, шакектин,
Улам бирин унга алмашты айла жок.

Нан жок болсо, алтын дагы алтынбы,
Нан көтөрөт алтын сенин баркыңды.
Кызмат этсин алтын нанды табууга.
Кыйын кезең кыйнап турса калкымды.

## ӨМҮР ГҮЛҮ

Бороону борчогуна кайып турган,
Буудандар жетпей ага тайып турган,
Чаткалдын тоолорунда өмүр гүлү,
-Өсөт,- дейт,- чатак дартты айыктырган.

Жашынан ынак болгон бийик менен,
Жарышкан жалтаңдарда кийик менен
Мерчиндүү беттен табат өмүр гүлүн,
Мергендин мергени дейт күйүкпөгөн.

Билебиз издесек ай агыларын,
Билебиз анын бизге табыларын,



Тердеткен казса балбан жигиттерди,
- Терең - дейт,- дары болчу тамыры анын.

Элге айтып өмүр гүлүн эңсеткендер,
- Ушул - деп, чукуп аны көрсөткөндөр,
Азыр жок сураштырсак арабызда
Аттиң ай, алар небак көзү өткөндөр.

Чер жазып чалкып турат кээ бир күнү,
Чекиттей анда болбой көңүл кири,
Жашоодо жарата алган өтө сейрек
Жакшы ырлар - акын үчүн өмүр гүлү.

## ДҮЙНӨ ӨМҮР

Тартуулап буга жоктук, ага молдук,
Тартуулап буга кордук, ага зордук.
Түтөтүп жиберсиң каңырыкты,
Дүйнө - өмүр жосунуң бар алакордук.

Айтышса, ала салган матаганы,
Акындын манасчылар атаманы.
Дүйнө -өмүр - туура го дейм ошолордун:
- Дүйнө бок!- деп өзүңдү атаганы.

## ӨЛБӨЙТ ОКШОЙТ СЫЯГЫ

Кызыктырбай кыргыздагы той саны,
Кызыктырып жакшы тилек ой саны,
Көңүлүнө Алыкулдун уюптур,
Көл толкуну, көл калаасы, Койсары.

Турмушунда түрүн кийбей торконун,
Тутуп колго калам сабы - ортогун,
Жашап көлдө, жашап Чолпон-Атада
Жаратыптыр жакшы ырларын чолпонун.

Күн алдында канат күүлөп кыялы,
Күн нурунан жасап алтын сыяны.
Жакшы ырлары Алыкулдун жазылган,
Жашап дайым өлбөйт окшойт сыягы.

## ИШТЕ ДЕЙМИН

Чарба жылын бактылуу жыл кыламын,
Чөнтөгүмдү толтура пул кыламын.
Өсүмдүктүн түрүн багып өстүрүп,
Өзүмдү өзүм иште деп кул кыламын.

Эригип үйдө жатпа түштө деймин,
Эгерим кадыр-барктан түшпө деймин.
Өндүр деп өтө баалуу нерселерди,
Өзүмдү-өзүм талыкпай иште деймин.

Жугумдуу болот тапкан ак мал деймин,
Жайылган жагына анын бат бар дегин.
Ар күнү айткан жаңы буйругумду,
Өзүмдү өзүм дароо аткар деймин.

## АЖАЛ

Кемпирби, же үлбүрөгөн келинби,
Кембагалбы, эл бийлеген бегиңби,
Суусу бүтсө сууруп кетет арадан,
Сук ажалдын бул жоругу төгүнбү ?

Ак жуумалбы, же иреңи карабы
Абышкабы, же болбосо балабы?
Алып кетет күнү бүтсө арадан,
Ач ажалдын катаал тура талабы.

Таалайдын биз таазим этип жүзүнө,
Бакыттын биз балкып түшүн изине.



Карып - чирип арман жокко урунсак,
Карт ажалдын канжарынын мизине.

## ШОР ТЕРИМ

Элирип суу агып жатат арыкта,
Эгинге анын жайып жаным талыкпа.
Шор тер менден шорголоочу тынымсыз,
Шордуу болуп жашай албайм жарыкта.

Ак эмгекте арбыйт тура берекең,
Аны менен турмуш жолу кең экен.
Шордуу болуп жашай албайм жарыкта,
Шордуу кылып туубаган соң энекем.

Жаным тынбай ак эмгегим улансын,
Жакшылыкты жасап колум кубансын.
Адал иштөө адатыма айланып,
Шор териме ак көйнөгүм чылансын.

Жокчулукту жара чаап кетменим,
Жакшы эмеспи максатыма жеткеним.
Шор тер менин жүрө бербей денемде.
Рас болду, сыртка чыгып кеткениң.

## ЧЫМЧЫКТАР ТУУРАЙТ АДАМДЫ

Ар кыл түрү чымчыктын көп сайраган:
Бири адамдай ышкырып мал айдаган;
Экинчиси : - Эже, бээ саа !-деп тынбай,
Сайрай берет сайраса да кайрадан;
Дагы бири десе:- чү-чү сары айгыр,
Учуп өтүп нары - бери дайрадан;
Дагы бири: - Күйөмүн дейт мен сага,
Деги анысы кандай неме тайбаган;

Элестетип алар турат дайыма,
Элеттеги эл турмушун кайнаган.

## ТАЗА ЭЛДЕРГЕ

Ынак болбой ыймансыз мас элдерге,
Ырыс кушу конот дейт таза элдерге.

Таңсык болбой сасыган мас элдерге,
Таалай куш конот дейт таза элдерге.

Учурашпай уулдары кас элдерге,
Уялайт дейт бак кушу таза элдерге.

Ар дайым жашайлычы таза болуп,
Качпасын бакыт бизден ыза болуп.

## БООСУ БЕК

- Кыргыздардын эмнеси көп ?
- Тоосу көп,
Кымызы көп, өзөнүнүн коозу көп,
Көрөмүн деп ошолорду чет жактан,
Эңсеп келген ар кыл тилдүү досу көп.
Эгемендүү эркин өлкө аталды,
Эми ошонун болсун дайым боосу бек.

## ЭР ЖИГИТТЕР, СУЛУУЛАР

**Кыз:**
Бакытка кыргыз элин багыттаган,
Баа берип ата журтту барыктаган.
Жаша, жаша эр жигиттер,
Махабатты жапжаш тутуп,
Махабатты карытпаган.



**Жигит:**
Кадырлап кадыр түндү таң атырган,
Камынып үлпөт - тойго бара турган.
Жаша, жаша сулуулар,
Махабатты жаратып,
Махабаттан жаратылган.

**Кыз:**
Көңүлүндө бир мукам күү кайрып турган,
Кусалыктын кагазын айрып турган,
Жаша, жаша эр жигиттер,
Махабатка таазим этип,
Махабатты байлык кылган.

**Жигит:**
Кой көздөрү күлүндөп жайнап турган,
Кызыл тили булбулдай сайрап турган,
Жаша, жаша сулуулар,
Махабатты бийик тутуп,
Махабатты байрак кылган.

**Жигит, кыз:**
Махабатсыз барк баасы кемип турган,
Махабатсыз көңүлү чөгүп турган,
Жаша, жаша эр жигиттер,
Жаша, жаша сулуулар,
Махабатка жүрөгү эрип турган.

## ЭСЕП ТАП

Кыргызым жоомарт элсиң колуң ачык,
Кеп бар го :- колу ачыктын жолу ачык.
Антсең да сарамжалдуу сапатың аз,
Зарптайсың ырыскыңды бөөдө чачып.

Билебиз пейилиңдин кең экенин
Боз үйүң булагы окшойт берекенин,
Барыңды барк албастан чача берген,
Байкалат ысырапкор эл экенин.

Адам көп бекер ичип жесек деген,
Аларсыз, мүмкүн, кыргыз өсөт белен,
- Мал таппай, эсеп тап-дейт илгертеден
Байлыкка тунары чын эсептеген.

Колунда чети оюлбас дүйнө болуп,
Керектүү эмереги үйгө толуп,
Колдонуп кайда болсо үнөм ишин,
Кыргызым байыса экен бүйрө болуп.

## ТУТАМ ШЫБАК

Буркураткан күңгөй, тескей, белести,
Шыбак жыты тоонун жыты эмеспи,
Кыргызымдын жактырамын төмөнкү,
Колдонулган жакшы салтын эң эски.

Жаш малчы өлдү баркын билген жайыттын,
Боздоп - сыздап муңу угулду зайыптын,
Туугандары тутам шыбак теришип
Кошо койду баш жагына майыптын.

Тирүү кезде шыбак эле куту анын,
Тууган жердин жыты болчу жыты анын.
Ошондуктан, маркум тиги дүйнөгө
Ала кетти шыбактын бир тутамын.

## АЛ

Ойлочу элем жасабастан уурулук,
Өссө экен деп өз тобунан суурулуп,



Өтсө мезгил бир мансапка жетип ал,
Эми мага карап койбойт бурулуп.

Сага дегем бакыт - дөөлөт ылайык,
Рахмат деп бир жүрчү элек муңайып
Жылдар жылып жетпегенге жетип ал,
Салам айтпай өтүп кетет чырайып.

Ойлочу элем учпаса экен үшү деп,
Ойлочу элем оңолсо экен иши деп,
Өтүп мезгил байлык ээси болуп ал,
Мени калды эсептебей киши деп.

## САЛАМ КАТТАР

- Кармашамын душман менен баатырдай,
Калсам аман алардан мен атылбай.
Кере-кере дем алсам деп тилеймин,
Кең Таластын абасынан атырдай...

Дал ушундай салам каттар жазылган,
Жоокерлерден жонго мылтык асынган.
Кул кылам деп анда бизди фашисттер,
Кутурушуп Мекениме асылган.

Баласы эр, кызы болуп нур маңдай,
Болсун элим мындан күчтүү, мындан бай.
Кең Таластын таза абасы турса экен,
Кызмат этип элибизге булганбай.

## МҮМКҮН, КЫДЫР ДААРЫГАН

Кымыз насип, мүмкүн, кыдыр даарыган.
Кымыз үчүн кымыз кымбат баарынан.
Аруу жигит ак батаны мол алат,
Аны ичирип ата - энеге карыган.

Жашыл төрдөн чөбү жайда жайкалат,
Жүк бурчунда турган чанач чайкалат.
Кымыз ичип ырысы мол ата - эне,
Кайраттанып түп -түз басат кайкалап.

Сүттүү экен бээлердин бүт баары,
Бейпил үйдүн ичин дайым кут даары.
Эртең менен, түштө дагы жатарда,
Эне-атанын кымыз болсун жутканы.

## КЫЗЫЛ АСКА

Кызыл аска кызарасың жалындай,
Кыраан конгон кырың менен жанымдай.
Таңсык элем бала кезде чыгышка,
Таманымды ташың тилсе таарынбай.

Кызыл аска кырың менин ынагым,
Кышы-жайы түбүндө азыр турамын,
Бала кезде байкабастан жыңайлак,
Басып алгам уюгуңдун жыландын

Башмалдыкты аткам ойноп сазың да,
Балалыгым көзгө элестейт азыр да.
Чыгып жаткан аска алдынан булагын,
Чынын айтсам мага мүрөк баасында.

## КҮТҮҮ- КҮТҮҮ

Сагынычың ойду бийлеп турат,
Санаалашты жол карап күтүү -күтүү
Сабырыңды саргайтып үйлөп турат.

Эч сөз айтпайт көңүлү бук болгонбу?
Эртели кеч бото көз жолду карайт,
Күтүү менен дүйнө - өмүр жык толгонбу?



Уулун эне келсе деп шашып турат,
Удургуган шамалдай күтүү -күтүү,
Уруп аны көздөрү жашып турат.

Күтүп -күтүп жадайсың жол унаасын,
Үйүмө эгер канатым болуп калса,
Учуп дароо жетсем деп оолугасың.

## ТУУГАН

Жүрөктөгү кыкты жууган,
Көңүлдөгү букту кууган,
Ар бир айы кутту тууган,
Албетте , бар мыкты тууган.

Алдындагы жолду бууган,
Ар бир сөзү бүткөнбү уудан,
Албетте, бар акмак тууган,
Андан көңүл небак сууган.

## КЕЧ КҮЗДӨГҮ АШ, ТОЙЛОР

Элет эл айтчы кандай абалың деп,
Өтүгү барбы кызың, балаңын деп,
Күнгөйгө жаап өттү кеч күздө кар
Көчөгө жакында эле барамын деп.

Күздүгүн аяктады айдагандар,
Көчөдүн сыртка чыгат жыйнаган мал.
Кеч күздө айылыбыз боорсок жыттуу,
Аш - тойдун казандары кайнаган маал.

Ичкерди сууган ат каңтарылып.
Опоңой той ээсине мал табылып.
Кеч күздө айылыбыз бака-шака,
Ар бир үй кагаз алып чакырылып.

Кеч күздүн терс жактары бар чынында,
Малдуунун, жалгыз уйлуу жалчынын да,
Аш -тойго күндө барып кошо берип,
Акчасы калбай калат капчыгында.

## КЫШКЫ АСКАНЫН МОНОЛОГУ

Жаратылган жазымышым таш экен,
Карабастан түбөлүккө жаш экем.
Чыйрыкпастан күнү -түнү күүлдөп,
Чилде обонун кайталоого маш экем.

Кышта өзүмө дайым курсант боломун,
Тосуп өтөм долуланган бороонун.
Сергип көңүлүм күнү-түнү күүлдөп,
Созуп турам аяз ата обонун.

## АРЧА КӨПҮРӨ

Алп устунун тоодон ташып чарчаган,
Аска алдына көпүрөнү арчадан,
Атам маркум жаш кезинде салыптыр,
Андан өтүп айтпады алкыш канча адам.

Арча түркүк чирибестен ырымга,
Арча устун тура бермек кылымга.
Ала жазда Талас дайра ташкындап,
Аны агызып сүрүп салган булуңга.

Оң, солдогу кемерлерин кемирген,
Ордундагы көк ийримге көбүргөн.
Көчөдөгү колу жөндөм жигиттер,
Көпүрөнү тургузушкан темирден.



Мейли музга Талас дайра чөккөндө,
Мейли күздө, мейли жазгы көктөмдө,
Ойго түшөт маркум атам дайыма,
Ошол темир көпүрөдөн өткөндө.

## ЧЕБЕР БУЛБУЛ

Талыкпай чебер булбул түзүк сайрайт,
Жадабай бүт кайрыгын тизип сайрайт.

Бадалдан булбул түштө безеленет,
Помидор ошону угуп тез эле өнөт.

Чаалыкпай булбул кечке безеленет,
Чаар уй музоо тууп тез эле эмет,

Булбулдар ачык сайрап корголобойт,
Боз атым тыңшап аны жорголобойт.

## КУУЧУ АТА

Эл ичинде даңкы дароо тараган,
Эл ишине зарыл кезде жараган,
- Баатыр ! - дешип атын айтпай кыргыздар,
Байыртадан куучуларды баалаган.

Жасабаган жан бүткөнгө кылча арам,
Жеген кесип сыйлап тарткан учадан,
Айылы турмак биздин кушчу аймакка,
Атам болгон атагы бар куучу адам.

Келиндери : - Куучу ата !- деп тергеген,
Атам көргөн албарстыны эл көрбөгөн.
Төрөттөн соң мартуу бакан аялдын,
Карт ажалга нечендерин бербеген.

Куучулукту тагдыр буйруп атама,
Куулук - шумдук мүнөз болчу жат ага.
Качан болсо өтүнүчүн аткарып,
Карк болуптур калкы берген батага.

## ЭМНЕ ЖАМАН?

- Эмне жаман ?
- Суу туурдукту кургатпай бүккөн жаман.
Келе турган кечиккенде күткөн жаман.
Убаданы аткарбай убара кылган иттен жаман.

- Дагы эмне жаман ?
- Таза адамга ушакты бүрккөн жаман,
Өз бактынан өзү үрккөн жаман.
Аласасын алалбай күткөн жаман.
Бересесин бербей безе качкан биттен жаман.

## ЖАЙДЫН КЕЧИ

Кеч кирсе адатындай байыр албай,
Күн тоодон батып барат тайыгандай,
Көйкөлөт көк көйнөгүн асман кийип,
Этегин кызыл менен кайыгындай.

Бадалдын орун алып калыңынан,
Басылбай безеленген калыбынан,
Байыркы күүсүн булбул кайрып жатат,
Бакытка жүрөгүмдү малып улам.

Самаган бутагына шашып конуп,
Сайроодо күкүк жайга ашык болуп,
Ныксырайт сууга түшкөн субай жылкы,
Нугуна Талас дайра ашып-толуп.

Чертилет бермет тамчы дарыядан,
Жээгинде намаз окуйт карыя адам.



Чаалыкпай чымчык- эне тойгузууда
Чыгыптыр чүрпөлөрү тар уядан.

## АЛДАБАЙТ ЖАНА АЛДАЙТ

Эмчегин сага эмгизген эне алдабайт,
Эрикпей эмгек этсең жер алдабайт,
Эл , журтун Чолпонбайдай эр алдабайт,

Албетте алдабайт - дейт - баккан итиң,
Дүйнө - мүлк, мал - келиңди сактап бүтүн,

Алдайм деп Семетейге уу сунганы,
Белгилүү Жакып хандын куусунганы.

Тейитбек сындуу ата уулун алдайт
Айылын бүлүндүрүп зулум алдайт.

Кыйындык күндө акмак досуң алдайт,
Качкы атың колдон чыкса бозуп алдайт.

Эл көзүн сыйкырчынын таягы алдайт,
Эрлерин амалы күч аялы алдайт.

## ЭШЕК АРАБА

Абышка айдайт эшек арабасын,
Айылын адатындай араласын.
Жыкжыйма коондорун басып алган,
Жейли деп аны кимдер самабасын.

Абышка сайма топу кийип алган,
Коонун арабага үйүп алган.
Сары алтын күздүн ошол берекеси,
Замандаш ширин даам жок бийик андан.

Жаш балдар ээрчийт аны чуркураган,
Жыттанат коон жыты буркураган.
Ар бири бирден сатып кетип жатты,
Апалар көйнөк кийип жылтыраган.

Күз айы кубанычка бөлөп элди,
Жек көрөт жерден насип жебегенди.
Сары алтын коон салып баштыгыма,
Сагынып үйгө шаштым неберемди.

**БАДАЧЫ**

Кеч кирди. Күндө тоолор жатты жоктоп,
Булуттар кызыл - ала атластай.
Үйүнө уйлар шашпайт улам оттоп,
Үлдүрөйт бадачынын аты баспай.

Жокчулук жүрөктү эзип не мынчалык,
Мамыга атын байлап алсыраган,
Бадачы үйгө кирсе сөөгүн чагып,
Балдары ыйламсырайт нан сураган.

Кайгы -зар кулакка уруп жаңырыгын.
Канча бир ойго салды арбап аны.
Түтөттү аялынын каңырыгын:
- Түбүң түш дүйнө - өмүр деп каргаганы.

**КЕПЕ**

Айылдын оолак берки чекесинде,
Жашаймын жарык дүйнө кепесинде.
Боор оорук мага бирөө бере койбос,
Болбосо кара оокатым жеке өзүмдө.

Кара жер кара оокаттын булагысын,
Кара жер мендейлердин ынагысын,





Мээнеткеч жөпжөнөкөй абышкамын,
Мен эмес тили тикен, кулагы узун.

Эмгексиз эч ким жетпейт самаганга.
Ак санайм мага жакшы санаганга.
Тынбастан кара оокатты табыш үчүн,
Таңсыкмын кара жанды сабаганга.

**БАДАЛДАР**

Булбулу жок болчу беле бадалдар,
Бадалы жынч арбын бизде бадалдар,
Бадалдарды кесип жагып кышында,
Кантип кетет деги азыркы адамдар.

Бадалды эңсеп булбул жазда келет го,
Байырлаган анын орду терек го.
Сапырбастан күлүн жерге бадалдын,
Замандаштар сабыр кылуу керек го.

Сүйүп конгон самби талы кыйылып,
Самоор үчүн отун болду жыйылып
Ага конгон булбул үнү жазында,
Туруучу эле көңүлүмө куюлуп.

Ыраак жактан учуп келет ашыгып,
Ырчы булбул чырканакка жашынып,
Самап - самап самби талын бадалдын
Сайрап жатат арман - муңу ашыгып.

**КЕТМЕН-ТӨБӨ КАЛКЫНА**

Жолоочуга сунган ич деп ачкылды.
Жүгөрүсү айтчы кимди ач кылды?
Эшик ачкан эми Кетмен-Төбөнүн
Эшманбеттей тосуп бала качкынды.

Бали,  азамат, акын болуп эң ири,
Бала кезде калса керек көңүлү
Кең Таласка кайтып келбей Эшманбет,
Кетмен-Төбө жеринде өткөн өмүрү.

Буудай аңыз өстү тегиз кашаттан,
Бала кезде уурдаймын деп машактан,
Атай качып Кетмен-Төбө тарапка,
Ашуу ашып, көздөрүнөн жаш аккан.

Жаш талабын коер кезде талкалап,
Жаш талантын жанчар кезде балкалап,
Кең Таластан кеткен бала Атайды,
Кетмен-Төбө калкы калган калкалап.

Биз ыраазы Кетмен-Төбө калкына
Арка болгон таланттардын алпына,
Ардакташып айылдары жетиптир,
Атай менен Эшманбеттин баркына.

## ЖАКШЫ КӨРӨТ

Кара эшек жакшы көрөт,
Күн сайын күлдү издеп оонаганды.
Аракеч жакшы көрөт,
Ар кимден арак, вино доолаганды,
Тоногучтар  жакшы көрөт,
Эл үйүн таштай качкан коогаланды.
Абышка жакшы көрөт,
Аты үчүн кара беде боолаганды.



## КЫРГЫЗСТАН ЖООКЕРЛЕРИ

*(хор)*

Берген антка жоокерлердин бекеми,
Белгилүү го элге баалуу экени,
Байыртадан бери карай Ала-Тоо
Болуп келген баатырлардын Мекени.

*Кайырма:*

Булганбасын булагыбыз,
Бүлүнбөсүн турагыбыз,
Ата Журттун жоокерлери,
Ала Тоонун кыраанибыз.

Кыргызымдын жансын өчпөй чырагы,
Кыргызымдын көкөлөсүн чынары.
Керек кезде арабыздан кадиксиз,
Чолпонбайдай  баатырлардын чыгары.

Бейкуттуктун багы турсун ыргалып,
Бейкуттуктун ыры турсун ырдалып.
Кардай аппак калкыбыздын калпагы,
Калбаса экен кан чачырап булганып.

## УБАКТЫЛУУ

Кеп бекен, жакын туруу, ыраак туруу,
Керек го адамды адам ынак кылуу.
Аз гана нерсе жашайт  түбөлүктүү,
Көп нерсе бул дүйнөдө убактылуу.

Уулдар урматтайлы куракты улуу,
Уулду улууга адат кубат кылуу.
Көрпенде көзү барда сыйлаша бил,
Көр оокат, көр тирилик  убактылуу.

## МҮРТ ӨЛБӨСҮН

Кыргызым, акылманың мүрт өлбөсүн,
Кызыңдын ууртундагы күлкү өлбөсүн.
Жан үрөп жокчулукту багынталы,
Жадырап кабагыбыз бүркөлбөсүн.

Кыргызым чыгаандарың аман болсун.
Буркурап кымызыңа сабаң толсун.
Арасын Ала-Тоонун аземдейли,
Ар дайым бейкут, эркин заман болсун.

Байыртан өчпөй жанган бар очогун,
Баяндайт абалкыңды мага чоорун.
Кызыксак колдон келбес эч бир иш жок,
Кыргызым гүлдөсө экен болочогун.

## ЧАК ЭЛБИЗ
*(хор)*

Ак калпактуу кыргыз эли аз элбиз,
Ала Тоонун булагындай таза элбиз.
Азаттыктын ак жолунан азгырып,
Адаштырам дегендерге кас элбиз.

Кайырма: Эркиндик биздин энчибиз,
Эркиндик асыл кенчибиз.
Күнөздүү кыргыз элими,
Гүлдөтөлү келчи биз.

Арбын эмес абалтадан чак элбиз,
Атка бекем, антыбызга так элбиз.
Агымы шар алп сууларды жараткан,
Ала-Тоонун мөңгүсүндөй ак элбиз.

Эми жеттик эркиндикке эңсеген,
Эстүү-баштуу балдарыбыз берсе дем.



Кубат алып эмгек этип эрикпей,
Кур калбасын бардык зарыл нерседен.

Сабак кылып балдары окуйт эрдигин,
Самап кыргыз эркиндигин, теңдигин.
Сапырамын күлүңөрдү дегенден,
Салгылашып сактап келди элдигин.

## ЖАРКЫЛДАГАН АЙЫМДАР

Биздин жерде ак мектептүү айыл бар,
Айланасы жашыл арча, кайың тал.
Агартам деп акыл оюн балдардын,
Анда иштешет жаркылдаган айымдар.

Алар барда кирдүү көңүл наз болот,
Алар жокто бийик оюң пас болот.
Ыракаты бул дүйнөнүн аларга,
Ыракмат деп айткан сөзүң аз болот.

Алар дайым айткан сөзгө бек болот,
Алар менен кыргыз саны көп болот.
Жаркылдаган мүнөзү үчүн аларга,
Жаныңды да аябасаң эп болот.

## " МАНАС ОРДО" ИРЕГЕҢИ

Ардактайм " Манас Ордо" ирегеңи.
Ар кимдин жакшылык иш тилегени
Келемин конок үйгө түнөбөстөн,
Манастын күмбөзүнө түнөгөнү.

Манастын күмбөзүнө жатып кеттим,
Магдырап уйку даамын татып кеттим.
Кыргыздын ар киминдей ырым кылып,
Кышынын бир сыныгын катып кеттим.

Алтындан артык сага бата болот,
Ардагым аны тансаң ката болот.
Сыныгын урап түшкөн ал күмбөздүн,
Сандыкка салып койдум матага ороп.

Сыйлайлы арбактарын түпкү атанын,
Бүт дүйнө Манас шердин укту атагын.
Сыныгын ал күмбөздүн керек болсо,
Суугa эзип балдарыма ууртатамын.

**ЧЕЧЕН ЭЛИ**

Жеңиш күн анда келбей кечендеген,
Кордукту көрүп өстүк нечендеген.
Согушта айылыбызга көчүп келсе,
Аралаш жашаганбыз чечен менен.

Азаптуу башка салды Кудай күндү,
Бир терип колубузду куурай тилди.
Чеченче үйрөнүшүп кыргыз балдар,
Чечендер кыргыз тилин суудай билди.

Баа берсе алар кыргыз түндүгүнө,
Баа бердик биз алардын бирдигине.
Чындык иш болгон анда кыргыз апа,
Чечендин балдарына киндик эне.

Аркайган Ала-Тоолук элеттенбиз,
Аралаш бир жашаган себептен биз.
Коштошуп көзүбүзгө жаш кылгырып,
Кавказга чечен элин жөнөткөнбүз.

**ТУРДАКУНДУН АТАСЫ**

Азиялык эшек деген унааны.
Пайдаланып майда иштерге туралы.



Бакырса ошол, ачууланып жигиттер,
Башка чапса бар го анын убалы.

Куштай болуп конуп алып ээриме,
Көк эшекти кайра - кайра темине,
Куу чырпыкты келе жатсам сүйрөтүп,
Кубаңдаган курбум мени жээрибе.

Какшыгыңдын болсо дагы катасы,
Кенжетайдын ага эч жок капасы.
Мен эле эмес эшек минип өтүптүр,
Өмүр бою Турдакундун атасы.

**КЕЧИРИП КОЙ**

Шарият каршы турат былыктарга,
Шарият түртпөйт жаман кылыктарга,
Бирок, ал неге биздин мусулманга,
"Болбойт - дейт, - музыка угуп, ыр укканга".

Жакшы ырга көздөрүмдүн түшөт сугу,
Жашоодо жакшы адат го музыка угуу.
Шарият кечирип кой мага кымбат,
Күү алпы - "Көкөй кести", "Сынган бугу".

Илешпей ичи арамдар турсун нары,
Ишкерге жакшы ой арнап ыр суналы.
Шарият, кечирип кой кубаттанам,
Шалдырап угуп турсам музыканы.

**КӨҢҮЛ КЕНЧИ**

Наны көп барбалаңдайт тегирменчи,
Эти көп эрсинүүдө өтүкчү, ээрчи.
Адамга кара оокаты аздык кылат,
Адамга керек дайым көңүл кенчи.

Керек го камдайлы мол кара оокатты,
Коноктон аябаймын бар оокатты.
Жарды экен кошунамдын көңүл кенчи,
Жанараак барсам чайын дароо катты.

Пейли кең, акылы айкын эр бол досум,
Эл ичи эстүүлөрдөн кем болбосун.
Сөз бар го: -Көзү адамдын көр болсо да
Эч качан көкүрөгү көр болбосун.

Жол берип адамдардын асылына,
Кам көрүп акыл эстин азыгына.
Жашоону жарык кылат көңүл кенчи,
Жат карап арам ойдун сасыгына.

**ЧҮРӨК КЫЗДАР**

Ашык болуп,
Ашыктыгың жүрөгүңө катылып,
Ашыгыңа айта албадың батынып.

Жактырсаң да,
Жактырганга айталбадың озунуп.
Күндөр айга, айлар жылга созулуп.

Убара болуп уяңдыкты жеңе албай,
Өбөйүн деп калдың аны өбө албай.

Кыргызымдын уяң жүрөк кыздары,
Өткөндү ойлоп дайыма,
Силердеги назик жүрөк сыздады.

**ЧАЛ ГЕНИЙГЕ**

Ал үчүн махабаттын күүсүн чалдын,
Ал чанды, сен ошону качан чандың.



Ыракмат Керез жеңе кечирипсиң.
Күнөөсүн Чыңгыз деген гений чалдын.

Тагдырдын жазуусу ошол сезилбеген,
Түк ага түкүрбөдүң кесир менен.
Башталып жана аягы өтпөй калды,
Генийдин улуу өмүрү өзүң менен.

Эсиң бар эмне чыгат наалыганда,
Тардыкты буйруйт тагдыр тарыганга.
Балпайып чай сунбадың чал генийге,
Бир жашап, бирге олтуруп карыганда.

**КӨКҮРӨГҮМ**

Өзгөрүп бара жатат өтө ирeңим,
Ой белим, ой тизем деп өкүнөмүн.
Бир гана кебелбестен тунук бойдон,
Баягы бала кездей көкүрөгүм.

Мынчалык мезгил неге агылат бат,
Бой салбайт балалык кез мага ыраактап,
Карылык ирeңиме из калса да,
Карыбас көкүрөгүм сага ыракмат.

Эскирттиң эмнеге деп өкүнөлү,
Эл, журтка тынчтык бер деп өтүнөлү.
Карыны алсыратпай канат болуп,
Жашоого сүйрөйт тура көкүрөгү.

**КЫЗГАЛДАКТЫ ЖУЛБАДЫМ**

Эңкейип мен тикемен тик турбадым,
Эки - жака көңүлүмдү бурбадым.
Жашылчаны отоо чөпбүн тазалап,
Бирок, өскөн кызгалдагын жулбадым.

Жашылчалар жакшы өсүүдө узарып,
Арасында кызгалдагы кызарып.
Ак эмгектен алам дайым ыракат,
Ак эмгектин берекесин сузалык.

Жашылчанын аянтында тазалык,
Арык бойлоп суу жыгууга басалык.
Кызыл көйнөк кыз келатат маңдайдан,
Кызгалдактай алыптыр ал жасанып.

**КЫДЫР АКЕ**

Жаңылат аны таанып билем деген,
Ал келбейт айгыр минип килеңдеген.
Ал келет боз эшегин кыдыңдатып,
Байкатпай бечаралык ирең менен.

Ал келет кудай конок сыяктанып,
Адамдын кылдаттары туят таанып.
Көрүнүп накта өзү кетет дешет,
Кондурбай конгондорду уяткарып.

Иреңин из жашырып бөлөк кылып,
Изгини издейт көзүн элек кылып.
Берет дейт Кыдыр аке жактырганга,
Батасын чын пейилден белек кылып.

**ИЮЛДАГЫ ЭКИ КӨРҮНҮШ**

Көлөкөсүн бизге ыйгарып бак-дарак,
Көк асмандан тамчы тамбай апталап.
Күнгөйлөрдүн чөбү кетти саргайып,
Кыштоолору күн нуруна какталат,
Сабыркабай күн жалыны жаным дейт,
Сай сулуусу гүлкайырлар актамак.



Улуу тоодон булут кетпейт акмалап,
От-кырлары жашыл болуп мактанат.
Улам-улам өткүн төгүп ачылып,
Тескейлердин жазгы иреңи сакталат.
Кутүрөгөн төрт түлүк мал семирип,
Кубандырып өз милдетин аткарат.

**АЧУУ ЧЫНДЫК**

Кээде жакпайт ачуу чындык адамга,
Каталбайсың аны басып таманга.
Катуу айтып сабыры жок жан болсоң,
Качып сенден сыртын салат балаң да.

Ачуу чындык дайым жүрөт катарда,
Аны болбойт бекем жайга катарга.
Жаакташып жанын күндө кашайтсаң,
Жадап сенден жатка айланар атаң да.

Өлкө ишинде өзүн баалап соо сынган,
Айрылышың мүмкүн кээ бир досуңдан.
Эгер аны элге жайсаң айыбын,
Атып чыгып ачуу чындык оозуңдан.

**РОЗА КЫЗ, РОЗА ГҮЛҮ**

Роза кыз бойго жетти күлүңдөп,
Роза гүлү менин сүйгөн гүлүм деп.
Арзып сүйдү жигит ошол бийкечти,
Ансыз менин супсак жашоо күнүм деп.

Баркы бийик экен колдо жогундун,
Бар турбайбы кемчилиги сонундун,
Сак бол жигит роза гүлдүн тикени,
Сайып алат салаларын колуңдун.

Аруу жигит тилеп жакшы тилекти,
Ашыгынын кемчилигин билиппи?
Роза кыз роза гүлү сыяктуу,
Тили тикен тызылдаткан жүрөктү.

## АЛТЫН КОЛ СААТ

Күчтүү үнү замбиректин угулду,
Карагайлар каңтарылып жыгылды.
Кыргыз жоокер боортоктоп баратса,
Көзүнө анын алтын кол саат урунду.

Кыргыз жоокер чаңын сүртту тазалап,
Ким да болсо ушул ишти жасамак.
Кымбат баалуу алтын алкак кол сааттын,
Курман болгон ээсидир бир азамат.

Тагдыр менден кыла көр деп ыйды ыраак,
Табылганы кармаган жок кыйла убак.
Ушул кол саат буйрубаган ээсине,
Урунууга мага кантип буйрумак.

Деген ойдун кучагына чөмүлүп,
Алданган жок ач көздүккө жеңилип.
Ыргытты эле алтын кол саат жаркырап,
Ыраак барып калды чаңга көмүлүп.

## СУУСАМЫР

Көрбөйсүңбү өрүшүнүн кененин,
Көзүң тоёт көптүгүнө желенин.
Сулуу жайлоо Суусамырдын пейили,
Пейилиндей биздин кыргыз эненин.

Ичик кийип көк майданда жатамын,
Ичип кымыз таттуу ойго батамын.



Кенен жайлоо Суусамырдын пейили,
Пейилиндей биздин кыргыз атанын.

Суусамыр бул берекенин булагы,
Малга балдай бетегелүү туланы.
Далайлардын ден соолугун чыңдаган,
Дары болуп кымызынын ынагы.

Жаз жетеби Суусамырдын жазына,
Бир ай келчи Байбиченин сазына.
Бүтсө убактың кайра артыңа жөнөйсүң,
Өтө кейип отпускандын азына.

Ар кимдерде бар эмеспи дос, ынак,
Алар келет семиргенде козу-улак.
Суусамырды баяндап мен ыр менен,
Токтотпосом өтө ыраак созулат.

## СУУСАМЫРДА КЫМЫЗ САТАТ

Кимдики үйлөр? Суусамырдын саягы,
Кымыз сатат, кыз-келини аялы.
Ага эмнеге нам тартат бир карыя,
Баш көтөрбөй жерди чукуп таягы...

Жүргүнчүнү кыйнайт жолдун узагы,
Токтоп калды мүмкүн, алар суусады.
Суусамырда кымыз сатат саруулар,
Ага себеп базар эсеп-кысабы.

Жаша, жаша жашоодогу буйрөлүк,
Эх, бал кымыз суусундук бол дүйнөлүк.
Суусамырда кымыз сатат кушчулар,
Базар эсеп-кысабына үйрөнүп.

Жүргүнчүнүн берген сомун санаган,
Кыз-келиндер кымыз куят сабадан.
Пайдалан деп базар эсеп-кысабын,
Сунуш этип жатпайбы эркин заманам.

Кымыз сатат ак өргөөлөр мүлкү мол,
Кымыз сатат кыздуу үйлөр күлкү мол.
Садагалар соода ишине машыгып,
Заманыңар, бөрү болсо бөрү бол,
Түлкү болсо, түлкү бол!

Өз оюнда айттым го дейт катырып,
Өжөрлөнүп бир мас жатат катылып.
Байыртадан сатылбаган бал кымыз,
Бүгүн неге жатат айтчы сатылып?

## СУУСАМЫРДА КИЧИНЕКЕЙ "ПАРИЖ" БАР

Бул дүйнөдө кызык-кызык ар иш бар,
Кара иштерди жеңе турган ак иш бар.
Суусундугу суусунуңду кандырган,
Суусамырда кичинекей "Париж" бар.

Күндө көрүп жол азабын кызыгын,
Кооз кафеден ичип тамак ысыгын.
Автоунааны айдоочулар коюптур,
Кичинекей "Париж" дешип ысымын.

Көрсөтчү айдап автоунаадын ылдамын,
Көңүл эргип менин келет ырдагым.
Жетип барып кичинекей "Парижге",
Чайын ичип, жейли жумшак куурдагын.



## ШЕРИНЕ

Суусамырда өтүп жатат шерине,
Карыларды олтургузуп төрүнө.
Обон создуу ыр кесе алган жаш келин,
Окшоп куру жомоктогу периге.

Баш ийишип баарлыгы шефине,
Суусамырда өтүп жатты шерине.
Ырдап бүтүп тал чыбыктай буралып,
Ыр кесени сунду келин эрине.

Суусамырдын ачык бүгүн асманы,
Даамга толуп шерининин дасмалы.
Бизге жакты келин жары жигиттин,
Комуз чертип ырдап берген дастаны.

## КОЖОМКУЛДУН ТАШЫ

Суусамырда Аюу-Төр бар башы кар,
Этегинде Кожомкулдун ташы бар.
Малчылары жаз келгенде Таластын,
Маңдай-тескей үй тигүүгө ашыгар.

Жайдын күнү тукабадай жайык, кыр,
Жакын туруп көрбөй кетсек айыптыр.
Кайран балбан жалпак бийик көк ташты,
Так көтөрүп келип жерге сайыптыр.

Кеткен анын кыйла жерге атагы,
Ким билбесин Кожомкулдай атаны.
Ошол таштын жанында биз олтуруп,
Кайттык окуп арбагына батаны.

## АТНЫН СҮТҮ

Суусамыр - бул жайлоолордун алды деп,
Көчүп келдик семиртели малды деп.
Кайрылышат тектеш тилдүү туугандар,
Кымыз дебей: -Атнын сүтү барбы?- деп.

Угуу керек жагабы, же жакпайбы,
Сураса ошол кантип кымыз сатпайлы.
Эркек атнын хатунунун сүтү деп,
Ичип алып экинчи айтып жатпайбы.

Антпегин деп ага койсун ким айып,
Сүйлөбөстөн келин карайт муңайып.
Тили бар да сүйлөп жүргөн жарыкта,
Ар бир элдин өздөрүнө ылайык.

## БИШКЕК - ОШ ЖОЛ

Тик беттерге кыян жүрүп, сел өткөн,
Тосмо койгон темир бетон цементтен.
Бишкек-Оштой улуу жолду кыргыздар,
Кан жол дешет, айтчы кандай себептен?

Такыр тынбайт автоунаанын агымы,
Дабышынын кулакка бар жагымы.
Бишкек-Ош жол кыргыз үчүн бул кезде,
Биримдиктин жоон күрөө тамыры.

Бакыт-дөөлөт байырлаган доор болуп,
Базарлыгы жүргүнчүнүн мол болуп.
Кыдыр даарып кызмат этсин Бишкек-Ош,
Кыргыздарга кырсыгы жок жол болуп.

Автоунаанын үн алгысы күү чалып,
Жүргүнчүнүн жүзүн турсун нур чалып.



17-714

Байланышы түштүк менен түндүктүн,
Кан жол менен барат күндө күч алып.

## КЫШКЫ ТӨӨ-АШУУ

Төө-Ашуу деп ат коюптур эл өзү,
Төө-Ашуу-бул ашуулардын төрөсү.
Түндө өтпөй күндүз өтсөң, ошонун,
Түбөлүккө эсте калар элеси.

Куюну бар кубалашып ойногон,
Бороону бар боздогонун койбогон.
Ийри-буйру Төө-Ашуунун кан жолу,
Изине окшоп зор нерсенин сойлогон.

Айдоочубуз өз милдетин аткарат,
Алды жагын көз ирмебей так карап.
Ашууну ашып түзгө түшүп кеткенче,
Артыбыздан кырсык ээрчийт акмалап.

Кар жамынып күнгөй, тескей суз аппак,
Кырсык бизди кармасам дейт тузактап.
Артта калды... Түзгө түшүп кетсек биз,
Арам ою жүзөгө ашпай кызактап.

## ТӨӨ-АШУУНУН ТУННЕЛИ

Апай беттин алтын куму эшилип,
Аскалардын айрымдары беш илик.
Арт жагынан карай туннель салынган
Алп чокунун түбү чебер тешилип.

Биз жарыкты бир аз артка таштадык,
Туннель ичи түндөн өтө баштадык.
Ишенимдүү алып барат алдыга,
Автоунаада айдоочу руль башкарып,

Жүргүнчүгө туннель тайбас барыктан,
Жүз ыракмат айдоочуга каныккан.
Алдыбызда кайра жарык жарк деди,
Оо, жараткан ! Жалгай көргүн жарыктан.

## СУУСАМЫРДЫН ИЛБИРСИ

Мекендеген Суусамырдын корумун,
Маалым бизге чапчаң илбирс жоругун.
Чакан малдуу кошунамдан кетипсин,
Чаап жерге түндө жыйырма боругун.

Сырттандардын сыпаасы сен тоолуксуң,
Айлуу түндө аз койлууну тоорупсуң.
Бар болгону ошол жыйырма боруктун,
Экөөнүн канын гана сорупсуң.

Мынчалыкка койгун, сырттан, оолукпа,
Мынтыгы түз мергенчиге жоолукпа.
Баалап сени сыпаа деген сөз бар го
Байыртадан биздин кыргыз тоолукта.

## УЛУУ КАН ЖОЛ КЫЙМЫЛЫ

Же Бишкектен, же болбосо Ошумдан,
Жаштар өтөт түбөлүккө кошулган.
Өтөт мындан түрлүү-түрлүү КАМАЗдар,
Жүгүн таштап кайтат үйгө бош ылдам.

Лексус минип жүзөгө ашып мүдөөлөр,
Бара жатат Мерседеске удаа алар.
Кан жол менен дайым турсун катташып,
Ысык , ынак жек жаат болуп кудалар.

Чоңдор өтөт чыгып кенен кеңседен.
Жаштар өтөт илим -билим эңсеген.



Жакшы эмеспи ашууну ашып артисттер.
Жайлоочуга ыры менен берсе дем.

Түк тыйылбайт улуу кан жол кыймылы,
Андан өтөт кыргызымдын туйгуну
Токтосо эгер ага сунгун бал кымыз,
Ага жакпайт кымызыңдын кыйгылы.

Күздө, кышта, жазында, же жайкысын,
Жүктү ташып автоунаалар кайкысын.
Эй жүргүнчү узак жолду кыскартып,
Жылуу - жумшак сөздөрүңдү айт узун.

## КЫСКА ЧӨП

Төрлөрдөгү корум жак,
Чөбү кыска сонун жак.
Мал семирет аны оттоп,
Максатыбыз орундап.

Кое албайбыз тузга чек,
Корумдун ичи кыска чөп.
Семиртишсе жылкыны,
Кыска чөп болот уста чөп.

Корумдун ичи өр болот,
Кой жайган бала бел болот,
Жайылса коюң төрлөргө
Жазында арбын төл болот.

## АЛА-БЕЛ МЕНЕН АҢЫЛДАК

Ала-Бел менен Аңылдак,
Адатым сени сагынмак.
Жылкылар үчүн өзүңдөй
Жыргал төр кайдан табылмак

Аңылдактын шамалын,
Айылдан эңсеп барамын.
Ошондон кере дем алсам,
Оңолуп дароо каламын.

Шагылга мөңгү жыйылат,
Шамалың качан тыйылат ?
Аңылдак сууң шаркырап,
Ала-Бел ылдый куюлат.

Колуңдан жеңе бээ сааган,
Кымызы толо кесе алам.
Чаңкаганым басылып,
Чалкамдан жатып эс алам.

**ЖОЛЧУЛАР**

Кызыл көз аяз жалаңдап,
Көчкүлөр бетте салаңдап.
Кан жолдон өтүп баратып,
Карайбыз аны алаңдап.

Бурулдук келип ыраактан,
Булуңда эки- үч турат там.
Тороптур көчкү кан жолду
Түз түшүп "Көчкү булактан"

Кышкысын иши мол чыгар,
Кышкысын иши оор чыгар,
Чекилик кылган көчкүнү,
Четтетип жатат жолчулар.

Жүргүнчүгө боор ачып,
Көчкүдөн жатат жол ачып.
Жолчулар асыл адамдар
Жүрөгү таза, колу ачык.



**АШУУДА**

Арбын жүк салып ташууда,
Аларга болбойт шашууга.
Ташбака болуп КАМАЗдар
Тажабай жылат ашууда.

Кудайга болбос нааразы,
Кулабай жетсе КАМАЗы.
Атасын күтөт үйүндө,
Аялы, кызы, баласы.

**КАР КӨЧКҮ**

Бурк этти беттен кар чаңы,
Былчыйтып нечен арчаны,
Кар, ташка өттү толтуруп,
Капталда турган жарчаны.

Карагай сынды качырап,
Кар тосоңу чачырап.
Капчыгайдын кан жолун,
Камандай болуп качырат.

Кийиктер качып тетөлөп,
Кырына тоонун жете элек.
Көчкүнүн чоочуп сүрүнөн,
Кыраан куш учат көкөлөп.

Жолчулар ооба күйүнөт,
Кабагы карыш түйүлөт.
Капыстан түшүп кар көчкү,
Кан жолду басып үйүлөт.

Кирелек кышта кеч күүгүм,
Кырсыгы эң чоң көчкүнүн.

Айылга аман жеткиле,
Алдында калбай эч кимиң.

**АЙДООЧУСУ КАМАЗДЫН**

Чыдамдуу сапат эң керек,
Чыйрыккан өтө өңдөнөт,
Аязда жолдун жээгине,
Айдоочу жакты дөңгөлөк.

Айдоочу оттон ысыды,
Оңолду КАМАЗ бузугу.
Кыйналбай кышкы кан жолдо,
Жашоонун болбос кызыгы.

Айдоочу болуп жайдары,
КАМАЗын кайра айдады.
Жалтырайт күнгө Суусамыр,
Жалаң кар бардык аймагы.

Көбөйүп саны өсүүдө,
Өздөрүн күлүк сезүүдө,
Капкара жеңил автоунаа,
КАМАЗдан озуп безүүдө.

Калса артта качан терикти,
Жай жүрсө качан эрикти
КАМАЗга баскан толтура,
Айдоочу кургак өрүктү.

**УЙКУДА КЫШКЫ СУУСАМЫР**

Албетте, түтөйт каңырык
Ак жайды эстеп сагынып.
Аязда уктайт Суусамыр,
Ак олпок жууркан жамынып.



Уңулдап шамал кан жолдо,
Учурат карды чамынып.

Кан жолдун үстү тайгалак,
Жүк салган КАМАЗ жай барат.
Уйкуда жаткан Суусамыр,
Түш көрсө: Жамгыр майдалап,
Жаз келип небир түркүн гүл
Жайытты келет саймалап...

Суусамыр кайра ойгонот.
Туруптур шамал ойдолоп.
Аппак кар учат кан жолдо,
Ак жылан болуп сойголоп.
Тура тур дейт Суусамыр,
Жай келсе менде той болот.

**АЙТМАТОВ АРКЫЛУУ**

Ар улутка баркы улуу,
Айтматов аркылуу,
Манасыңды кыргызым,
Материк укту алты улуу.

Ээ болуп өткүр каламга,
Эмгеги жагып адамга,
Кыргыздын атын уккун деп,
Кыйкырган Чыңгыз ааламга.

Ээ болуп талант курчуна,
Эскерип аны жыл чуба,
Даңктады Чыңгыз кыргызды,
Дүйнөнүн ар бир бурчуна.

Энесин алкап жалганда,
Эместир Чыңгыз арманда

Кыргыз ал болуп төрөлүп,
Кыргыз ал болуп калганга.

## СҮЙҮНБАЙ ЭРАЛИЕВГЕ

Кеп бекен мага сексен деп,
Токсонду аттап өтсөм деп,
Жадабай иштейт Сүкебиз,
Жамгырдай ырды төксөм деп.

Сукебиз ырга тоё элек,
Сыйкырдуу сөзгө оюо алек,
Салмактуу сүйлөп жигиттей,
Сакалды болсо коё элек.

Санаасы оюн бузбаган,
Сукебиз ырга уста адам.
Досу анын Чыңгыз ноочо эле,
А өзү чакан кыска адам.

Бакыттын улап дагы артын,
Байкасак анда абал тын,
Сукебиздин суктанткан,
Сакадай бою сары алтын.

Жүрөгүнө кут катып,
Жылдырбайт аны куп катып,
Доорунду Сукем сүрүүдө,
Досторго жүзүн жыттатып.

Согушта жоону ал матап,
Согушта алган даңк - атак,
Теркинди кыргыз тилинде,
Сүйлөттү Сукем тапатак.

Булгабай вино алкымын,
Булбулу Сукем калкымын.



Булуңда калың жоголбос,
Барыктар ырын ар кылым.

Ыр ойлойт экен жатарда,
Ыр жазат ак таң атаарда.
Туруугa Сукем акылуу,
Алыкул турган катарда.

## ОТОРДОГУ ОКУЯ

*( Бул поэма 1992- жылы 18-августта эртен мененки саат 8.00 Кыргызстандагы чоң жер титироодо Отордо жүргөн жаш чабандын башынан өткөн окуядан алынып жазылды.)*

### I

Боз кыроодо августта,
Кой семирип алыста,
Жүдөбостон Отордо,
Жүрүү мага намыс да.

Буйруганын ичебиз,
Биз чак үйгө мүчөбүз.
Уулум, өзүм, аялым
Бар болгону үчөөбүз.

Сайды бойлоп ыраактан,
Суу алабыз булактан.
Күүгүм кирсе боз үйгө.
Жагып койдук чырактан.

Чыгып коюп эшке улам,
Тезек жактык мешке улам,
Капысынан боз үйгө
Сойлоп кирди беш жылан.

Керегемде сойлогон,
Уугумда ойногон,
Бул жыландар кандай сыр?
Бүкү-түкү ойлоном...

Кеги менде барчылап,
Жүрөт алар канча убак?
Сойлоп жүргөн аларды,
Сабасамбы камчылап.

Ойлоноюн баш менен,
Аларды урсам таш менен,
Ишим анда бүтпөсүн,
Көздөн аккан жаш менен.

- Жыландарды аягын,
- Дейт боорукер аялым
Септи аларга аппак сүт,
Колуна алып аягын.

Аяш чоочуп кубарып,
Анан чачат ун алып,
Сезбей аны жыландар,
Уукта ойноп суналып.

Кой маарады эшиктен,
Уулум ыйлап бешиктен,
Уу чачабы беш жылан,
Уктайм кантип көшүп мен.

Ууктардан салаңдайт,
Уу тилдери жалаңдайт,
Уулду алып аяшым,
Эки көзү алаңдайт.

Аяш айтат жаны ачып,
Бар керекти ала чык.



Барып азыр тигели ,
Кой четине алачык.

Саат тынбай өт чубап,
Сыртта бүгүн бол чыдап,
Үйдө калган буюмдар:
Идиш -аяк, көк чырак.

Ачуу салат ойрондоп,
Адам керек ойлонмок,
Ууктарда беш жылан
Ойноп берсин соймондоп.

Аба турат тазарып,
Алачыкты жасадык,
Уктап уулум бешикте,
Биз уктабай басалык.

II

Кара итимди эш кылам,
Карайт үрүп төшко улам.
Боз үйдө ачсам таңында
Бозгон тура беш жылан.

Бозуптурбу? Чыныңды айт?
- Деп аялым кудуңдайт,
Мындай журтту кыргыздар
Ырым кылып урунбайт.

Үйүбүздү чечели,
Башка журтка көчолү?
Сөөккө өттү жоругу
Беш жыландай кечээки.

Жүзөгө ойду ашырып,
Жыландардан жашынып,

Жашабасак болбойт го,
Жаңы журтка ташынып,

Туура жарым саатта,
Боз үйдү артып сары атка,
Көбүргөндүү конушка
Көчүп бардык заматта.

Алып кеттик азыкты,
Жулуп атка казыкты,
Жагалданып жорголойт,
Жасап сары ат басыкты.

Шыбак жытын жел себет,
Эски журтка дөңсөрөөк.
Келсе издеп беш жылан,
Таппай калсын темселеп.

**III**

Тиктик үйдү тегизге,
Туура саат сегизде,
Тоолор окшоп кемеге,
Түздөр окшойт деңизге.

Нары - бери чайпалат,
Тоо, түз улам кайталап,
Болуп жүрөк түпөйүл,
Бир шоокум иш байкалат.

Конуш асты күтүрөп,
Чоочуп кетип ит үрөт.
Казыктагы сары атым,
Калч - калч этип титиреп.

Чаңга толду чар тарап,
Чапкан өңдүү балталап,

Ыза тарап боюна,
Уюп кайгы оюна,
Сызып бүркүт келген жок,
Зилзаланын тоюна.
Коктуларга таш атат.
Көзүбүздөн жаш атат,
Минте берсе зилзала,
Кантип бизди жашатат.

Ийгиликке үмүткөр,
Ишеничим ириктер,
Зилзалага капыстан,
Көбү болду кириптер.

Ой зилзала , зилзала,
Бүгүн түштү күн сага,
Тоо, талаалар чайпалат,
Баш ийишип бир сага.

Курутту деп зилзала,
Тартпай бекер кур санаа,
Эй, жаш чабан койлорун,
Канча калды тур сана?

**IV**

Зилзала экен зилиң көп,
Бутум ооруйт ириңдеп.
Кырк - элүүдөн ириктер,
Кеткен үркүп бириндеп.

Жадабадым караштан,
Ону кырдан нары ашкан,
Адыр жакка бөлүнүп,
Алтымышы адашкан.



Беш ириги белде экен,
Он ириги өрдө экен,
Кырк иригим кырда экен,
Тогузу үркүп төрдө экен.

Итим алдын тороодо,
Мүмкүн  болду саноого.
Конгон эски журттагы,
Койлор жөнөйт короого.

Таштары урап тоо калган,
Баштары урап зоо калган,
Төрт жүзү жок ириктин,
Эки  жүзү соо калган.

Минип кайра көлүктү,
Ээрчитип ит шерикти,
Бар болгону жүз ирик
Санасам өлгөн ирикти.

**V**

Тоодон ылдый ат менен,
Койлорду айдап бат келем.
Жетейин деп үйүмө,
Эски конуш жак менен.

Жыланга сүт чачылган,
Жылан бизди качырган.
Эски конуш жарылып,
Элүү метр ачылган.

Эки жагы жар болуп,
Түбү терең аң болуп
Кайра конуш жабылган.
Уюлгуган чаң болуп

Бул кырсык эмес кичине,
Ченем жок анын күчүнө.
Теңинен көбү ириктин,
Кетиптир жердин ичине.

Бар - жогуна кайылбыз,
Турчу эле чоң таш дайым суз.
Зилзалада жер жутуп,
Болгон тура дайынсыз.

Сүрү бар десең сүрү бар,
Сүйлөбөйт, бирок, тили бар,
Жакшылыкты адамга.
Жасайт жылан билип ал.

Беш жыланды жектеп биз,
Көчтүк эле эптеп биз.
Боз үй менен үчөөбүз,
Жер алдына кетмекпиз.

**VI**

Жалганбы, же ыраспы
Жер жарылган жыласты,
Көрөм деп келди башкарма,
Бакжайып минип УАЗды.

Зор кырсык башка конгонун,
Кара жер койду соргонун.
Баяндап берди жаш чабан
Башкармага болгонун.

Тилегимди иритти,
Зилзала салды бүлүктү
Айдап азыр калдым дейт
Эки жүз гана ирикти





Айдады сасык жел жытты,
Кантип карайм эл журтту.
Жүздөй кой өлдү таш тийип,
Калганын бүт жер жутту.

УАЗга жүр дейт түшөлү,
Убайлуу болсун иш эми,
Алып чыкты башкарма,
Арактуу кооз шишени.

- Шыбагаң болбойт ый деди,
Шыр эле андан куй деди,
Барыкташып жүрөлү,
Барынан кымбат сый деди.

Ишине болуп маш чабан,
Ит -кушка элең таш чабан,
Эч кимге айтпа бул сырды,
Эскерип койгун баш чабан.

Аптыга көрбө ашыгып,
Айтпагын муну жашырып,
Өр жактан жүзүн ириктин,
Өлтүрдү дегин таш уруп,

Сыр айткан адам эр анык.
Колдогон адам бел анык.
Алты жүз койдун беш жүзүн,
Кетти деп койгун жер алып.

Билгизбей такыр изин мен,
Ириктин эки жүзүн мен,
Жүктөтүп жөнөйм алыска,
Үйүндөн жаны түзүндөн.

Чечилгенге чечилем,
Чекиликти кечирем.
Айтканыма көнбөсөң,
Анда сени өчүрөм.

Ойлоп болбо мага таң.
Үч-Коргонго баратам.
Эки жүз бул иректи,
Керегиме жаратам.

Тийсе сенин керегиң,
Там салдырып беремин.
Эки жүз ушул иректи,
Эч кимге айтпа эгерим.

Ушундай сага баяным,
Үн катпасын аялың,
Кайрадан субай кой берем,
Колуңдан түшпөйт таягың.

Барбаңдап сүйлөйт чечилип,
Белен тур калбай кечигип,
Автоунаа менен үйүңдү,
Ферма кетет көчүрүп.

Калтырак баспай боюңду,
Кайраттуу айткын оюңду,
Комиссия келип текшерет,
Жер жутуп кеткен коюңду.

Унутпайм ушул күздү улам,
Уламдан жутуп жүз грамм,
Жаш чабан айтат:- Башкарма,
Былк этпей сөзгө түз турам.

Айла жок тура бактууга
Айтылган сөзү так тура,



Ашыгып келди туура төрт,
Ашууну ашып автоунаа.

Көңүлгө кайгы уялап,
Зилзала кылды кыянат,
Эки жүз ирик семирген,
Этекке түштү кыялап.

Айдоочулар заматта,
Элүүдөн койду салат да.
Чуу койду автоунаалар,
Чубашып түштүк тарапка.

VII

Куурулса куурдак пыс - тыс деп,
Эрүүчү ага музбуз деп.
Беш киши келди эртеси
Комиссия бизбиз деп.

Куурдакка экен өч тиши,
Комиссия беш киши,
Буйруса бүгүн алардын,
Бүтүп калар кечке иши.

Сүйлөшпөдү тетири,
Жеди бышкан этими.
Алардын бар ичинде,
Госстрахтын өкүлү.

Кырсыкты келген оозго урат,
Калкыма пейлин дос кылат,
Жардам берген ар дайым,
Жакшы уюм го госстрах.

Эки жагы жар болуп,
Ичи терең ан болуп,

Жерди ачылып жабылган
Караштты алар таң болуп.

Кырсыктын бул кыйынын
Госстрахтын уюму
Жалаң беш жүз кой эмес
Сорду бул жер уюму.

Тийсе жокко эрээни,
Госстрахтын кереги.
Уйду, беш жүз ирикти,
Бизге төлөп береби.

Алар мага бурулду:
- Жүзү кайдан кырылды?
-Аскалардан таш кулап,
Аларга түз урунду.

Кырсык деген жат тура,
Кырсык келет бат тура,
Текшеришип бүткөн соң
Кол коюшту актыга.

Актыларын алышты,
Анан кетип калышты.
Комиссия дегендер,
Башкармага таанышпы!

Башкарманын жүрөгү
Башкарманын тилеги.
Биринчи катчы экенин,
Чабан байкуш билеби?



**ЭПИЛОГ**

Зор СССР кыйрады,
Өзгөрттү мезгил кыйланы.
Баягы экс-башкарма
Бир көчөнүн имамы.

Мечити анын Таласта,
Ичи толо паласка.
Карыларды жыгат ал
Дайым жума намазга.

Күнөөсүнөн барылык,
Калсам дейт ал арылып.
Жасаптырмын аларды,
Жаш кезекте жаңылып.

Апапак мурут, сакалы,
Ал менден деп батаны.
Биздин экс- башкарма,
- Молдоке !- деп аталды.

Чарбагы гүлзар айдалуу,
Чапаны бар саймалуу
Шакылдатып айтат ал,
Шариятты пайдалуу.

Белек деп өтөт мезгилден,
Мечитти көздөн бездирген.
Башкарма кезде ээ болгон,
НИВАсы өтө эскирген.

## МАЗМУНУ


Торгойлордун сахнасы..........3
Улуу күн батып, чыга бер..........4
Жаңыланган кыргыздар..........4
Акмекен..........5
Көрөлегин көрсө экен..........6
Калпагың аппак ууздай..........7
Элимдин элиталары..........8
Булуттуу тоолор сактаган..........9
Ак булуттар..........10
Азия..........11
Алтын эл..........12
Кыштык алма - кызыл алма..........13
Сабактан чыгат..........14
Күнкордук күндөн кутулду..........14
Улуу тоо..........15
Кулуну эмбейт энесин..........16
Гүлкайыр..........17
Жылкычынын кызы..........18
Асыл мал..........18
Бөрү..........19
Мекен жыты..........20
Болсо экен..........20
Бир сөз бар..........21
Кең Таластын ичинде..........22
Кыр менен..........23
Күмүш тоо..........23





Ала тоом бай экен..........24
Неге?..........25
Жер жандуу..........25
Оо, тууган жер..........26
Базар..........27
Алымкан - улуу махабат..........28
Бай..........29
Алгыла үлгү Шабдандан..........29
Кошоматчы ошол..........30
Ойгонуп кетсем бир кезде..........31
Тукумуң өскүр..........32
Болсо эле сендей болгондур..........33
Кыш..........34
Сорос бай..........35
Ала-Тоо - биздин энебиз..........36
Мезгилдин тили, үнү бар..........36
Арчадай жайы-кышы соолубас..........37
Кошунанын кымызы..........38
Бээлердин жалын ким өрөт?..........38
Жибек жал..........39
Ишеним жашы..........40
Дары чөп..........40
Жандуу камгак..........41
Кылыгына көк койдун..........42
Көзүнөн анын сакта деп..........43
Жандуу гүлдөр..........43
Аппак нандын кузуру..........44
Кышкы кеч..........44
Чилденин созуп обонун..........45
Үйөр..........46
Кышкы таңда..........46
Көздөрүнө жаш алат..........47
Ала жаз..........48
Биринчи жамгыр..........48
Жаз айы тоого баш багат..........49
Таластын кышы жазында..........50

Тоолорго келди кайра жаз.............................. 51
Арданат.......................................................52
Тоо суусу агат ташкындап.............................52
Жашыл токой...............................................53
Май айы........................................................53
Жаш дыйкан.................................................55
Жылан жана гүл...........................................56
Көбөйтүп малды күтө бер.............................57
Кубанып тынбайт мээнеткеч.........................58
Бышылып саба күпүлдөйт.............................59
Ат жалы.........................................................59
Элдин насиби...............................................60
Боз булуттун белеги.....................................61
Тыяк менен быяктан.....................................61
Кептин сенде сыйкыры.................................62
Жапалак арча................................................62
Кымыздын үйлөп каскагын...........................63
Конушуң........................................................64
Шаркыратма.................................................64
Тунук жүрөк белек кылган............................65
Курсантмын..................................................66
Арык келин...................................................67
Болсо деп тилейм кыргызым........................67
Оо, кыргызым...............................................69
Мерседес.......................................................69
Үч нерсе........................................................70
Улутум менин өзөгүм...................................71
Элимди ыйык сеземин...................................71
Манастай улуу рухту....................................72
Таң калам......................................................73
Эх ,кымыздуу үй, кыздуу үй........................73
Татынакай ырчы кыз.....................................75
Каркыралар, каркыралар..............................75
Орундуу иштеп кыргызым............................76
Айланайын эл кыргыз...................................77
Таш тарых....................................................78





Токой жолборсу............................................79
Колдоочу жолборс жөнүндө.........................80
Боз үй............................................................81
Барылык адам эр эмес...................................82
Калбайлы кийин өкүттө................................82
Жамгырдан кийин.........................................83
Асканын күзгүсү...........................................84
Тобурчак.......................................................85
Таш кордо.....................................................85
Чакырып жаңы максаттар.............................86
Сүйүүнү биз сактасак...................................86
Таза айым жөнүндө баллада.........................87
Карышкыр ичик жапкан ал...........................88
Малчынын уулу.............................................89
Жашыл айлар................................................89
Жашыл июнь.................................................90
Жашыл июль.................................................91
Ашууну аштык июлда...................................91
Биздин тоолор...............................................92
Төрлөр бар....................................................94
Шашат, шашат...............................................95
Боор жөнүндө................................................97
Өлкөбүз азыр эгемен.....................................98
Жетпеген бар, жеткен бар.............................99
Быйылкы май ай............................................99
Оозуңа таш, оозуңа май..............................100
Бүгүн жок.....................................................101
Дагы бир күнү өткөнүн...............................101
Жеке трагедия..............................................101
Токтогулдун комузу....................................102
Калың мас....................................................104
Беш бөрүнүн амалы.....................................104
Камчысын жулган бөрү..............................106
Февралда бөрүлөр........................................106
Узун сары.....................................................107
Бээ сүтү........................................................108

Ак мөңгү.........................................................109
Дыйкандары элеттин.......................................110
Каракилек...........................................................111
Сары кар..............................................................111
Норузгүл..............................................................112
Элеттеги жаз.......................................................113
Болоттун махабаты...........................................114
Март айы.............................................................114
Такыр жол...........................................................116
Токсон чыкты.......................................................117
Быйылкы апрель..................................................117
Сыдыргыга салгандай........................................118
Сатылбайт тунук махабат..................................119
Элеттеги тирилик................................................119
Жаз быйыл эрте күтүлөт...................................120
Бали, бали махабат............................................121
Барсбек..................................................................121
Кыргызда болсун барчылык.............................122
Милдетибиз..........................................................123
Шайтан...................................................................123
Кыргыз Улуттук университетине..................124
Жүз жаш................................................................125
Ак жоолук.............................................................126
Жокчулук..............................................................126
Жер сабаба...........................................................127
Сугалак фермер...................................................128
Кара жер...............................................................129
Чоку окшойт........................................................129
Бишкекте №5 деген............................................130
Ырын окуп............................................................131
Улуттук баатыр Бердике...................................132
Кыргыздын Ломоносову...................................135
Тоонун түндөрү..................................................135
Сен дүйнө............................................................136
Чүй........................................................................137
Керемет ойлуу адамдар.....................................137



Калк калат............................................................138
Чындык................................................................139
Бөйрөктүн секи конушу.......................................139
Конокпуз жайлоо үйүндө....................................140
Алтын төр...............................................................141
Бөлүнбө, кыргыз, бытырап!................................142
Жаман адам, жакшы адам...................................143
Ыза.........................................................................143
Сур аттын жайлоосу............................................144
Тамак үчүн жашайт ал.........................................147
Душмансыз болбойт эч адам...............................148
Аял ким.?..............................................................148
Зарсанаа.................................................................149
Август асманы......................................................150
Кыраандар.............................................................151
Сарысайгак............................................................151
Эмне үчүн ............................................................152
Сын такпа..............................................................153
Туман жана мас....................................................154
Кайкы бел..............................................................154
Атанын малы........................................................155
Жакырдык.............................................................155
Улуу сүрөткер......................................................156
Күз келсе...............................................................156
Адамдын курагы жөнүндө..................................157
Ителги, кузгун жана бөрү (тамсил)...................158
Пил менен чычкан ( тамсил)...............................159
Бөрү менен кандек (тамсил)...............................160
Канчыктын каргышы...........................................161
Гербине тартып кыраанды..................................162
Учуучу гүлдөр......................................................163
Агайлардын агайы................................................164
Кеч күздөгү теребел.............................................164
Тиш.........................................................................165
Орустун кызы барышня......................................166
Эшманбеттин арманы..........................................167

Негедир.....171
Ак бата.....171
Көз караш.....176
Уурулук.....177
Өлбөс өмүр сүрөр суу (терме).....178
Ата журт.....181
Ала-Тоо.....182
Алтын коргон, күмүш коргон.....183
Тоолорду кыргыз сүйөт.....183
Түндүгүнөн көз чаптырат.....184
Кудайдын дачасы.....184
Аруу дүйнө.....185
Хантеңгири.....185
Ысык-Көл.....186
Учакта.....187
Ысык-Көлдүн ак чардагы.....187
Нарын дайра.....188
Сары-Челек.....189
Арстанбап.....189
Какшыган жер.....190
Махабаттын көз жашы.....191
Ала-Тоолор керилип.....191
Генийи арууулуктун.....191
Болсо гана.....192
XXI кылымда.....192
-Апа!-деген алтын сөз.....193
Акым жок.....193
Бирин-бири.....194
Кымбат бизге.....194
Кыргыз деген атыңдан.....195
Кыргыз жери алакандай.....195
Жакшы эмеспи.....195
Тарап кетет азанда.....196
Жаман түш.....196
Иш илгери.....196
Тоодой-таштай адамыбыз.....197



Күзүндөгү бөрүлөр.....197
Көк өзөн.....198
Ак өргөө.....198
Майрамдайлы ноорузду.....199
Чырагы кырк.....200
Соңку өтүнүчүндө.....200
Алтын казык жылдызы.....201
Жамгырдан соң.....201
Кечмеликтер.....202
Жолоочу.....202
Чал келеатат.....203
Күзгү жайлоо.....203
Күмүш плюс.....204
Түндүгүмө консо чымчык.....204
Жүрөк таш.....204
Тиричилик.....205
2001-жылан жылы жөнүндөгү ырлар.....206
Түлөө тамак.....210
Улуу кыймыл оюнуна.....210
Дунгандар.....211
Босого.....211
Дасмиям.....212
Жазымышым.....212
Ээ кузгундар.....213
Жер энеге арнап турат.....213
Адашкан жалгыз каркыра.....214
Эки эмчеги сыздаса.....215
Бир кем дүйнө.....216
Куз өңү.....216
Эмчек сүтү.....217
Бисмилла апа.....217
Тирүү жылан жеп алып.....218
Туулган жерде кеч кирүү.....218
Кежир кыш.....219
Махабат.....220
Ичке булут чубалган.....220

Булак бар.....221
Ассалоомалейкум.....221
Чымчыктагы өтүнүч.....222
Мезгил тээп салар четке.....222
Кыргыз каны.....223
Кечирди аяш күнөөсүн.....224
Ак кофтачан сагызган.....225
Пайдаланып мыйзамды.....225
Нан жана алтын.....226
Өмүр гүлү.....226
Дүйнө өмүр.....227
Өлбөйт окшойт сыягы.....227
Иште деймин.....228
Ажал.....228
Шор терим.....229
Чымчыктар туурайт адамды.....229
Таза элдерге.....230
Боосу бек.....230
Эр жигиттер, сулуулар.....230
Эсеп тап.....231
Тутам шыбак.....232
Ал.....232
Салам каттар.....233
Мүмкүн кыдыр даарыган.....233
Кызыл аска.....234
Күтүү-күтүү.....234
Туган.....235
Кеч күздөгү аш, тойлор.....235
Кышкы асканын монологу.....236
Арча көпүрө.....236
Чебер булбул.....237
Куучу атат.....237
Эмне жаман.....238
Жайдын кечи.....238
Алдабайт жана алдайт.....239
Эшек араба.....239



Бадачы.....240
Кепе.....240
Бадалдар.....241
Кетмен-Төбө калкына.....241
Жакшы көрөт.....242
Кыргызстан жоокерлери.....243
Убактылуу.....243
Мүрт өлбөсүн.....244
Чак элбис.....244
Жаркылдаган айымдар.....245
"Манас ордо" ирегени.....245
Чечен эли.....246
Турдакундун атасы.....246
Кечирип кой.....247
Көңүл кенчи.....247
Чүрөк кыздар.....248
Чал генийге.....248
Көкүрөгүм.....249
Кызгалдакты жулбадым.....249
Кыдыр аке.....250
Июлдагы эки көрүнүш.....250
Ачуу чындык.....251
Роза кыз роза гүлү.....251
Алтын кол саат.....252
Суусамыр.....252
Суусамырда кымыз сатат.....253
Суусамырда кичинекей "Париж" бар.....254
Шерине.....255
Кожомкулдун ташы.....255
Атнын сүтү.....256
Бишкек - Ош жол.....256
Кышкы Төө ашуу.....257
Төө ашуунун туннели.....257
Суусамырдын илбирси.....258
Улуу кан жол кыймылы.....258
Кыска чөп.....259

Ала-Бел менен Аңылдак.....259
Жолчулар.....260
Ашуруда.....261
Кар көчкү.....261
Айдоочусу камаздын.....262
Уйкуда кышкы Суусамыр.....262
Айтматов аркылуу.....263
Сүйүнбай Эралиевге.....264
Отордогу окуя.....265

Кенжетай АТАГУЛОВ

ТОРГОЙЛОРДУН
САХНАСЫ

*Ырлар*

Тех. редактору *В.Крутякова*
Корректору *Д.Эстебесова*
Дизайнери *А.Мадлымбекова*
Компьютердик калыпка салган *Н.Токтомамбетова*

Басууга 25.12.11. кол коюлду. Форматы 60x84 1/16.
Көлөмү 18,0 ф.б. табак. Нускасы 1000. Заказ №714.

«Учкун» ААКда басылды.
720031, Бишкек ш., С.Ибраимов көч., 24.

120[2]

120²



**Кенжетай Атагулов** 1934-жылы Талас районундагы Кара-Ой айылында туулган. 1956-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин ийгиликтүү аяктаган соң, эмгек жолун айылдын орто мектебинен баштаган.

Жигердүү эмгеги менен мектеп директорлугуна көтөрүлүп, кийинчерээк партиялык кызматтарда, кайрадан мектеп директору болуп иштеп жүрүп, ардактуу эс алууга чыккан.

Анын эмгеги Кыргыз Республикасынын жана СССРдин эл агартуусунун отличниги төш белгилерине, "Ош-3000" юбилейлик медалга татыктуу болгон.

Автордун ырлары студенттик жылдардан баштап эле облустук, республикалык газета журналдарга үзбөй жарыяланып турган. «Айылда жашоо акындар үчүн кыйын» – деп орустун белгилүү акыны М. Исаковский айткандай анын ырлар жыйнактары убагында жарык көргөн эмес. «Торгойлордун сахнасы» туңгуч ырлар жыйнагы.